**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 13.23.675 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

УДК 370:370.153.4:154.3

**ШАТМАНАЛИЕВ БОЛОТБЕК АМАНОВИЧ**

# ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН БАШКАРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы

**педагогика илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы**

**Илимий жетекчиси:**
**п.и.д., профессор Д. Бабаев**

**Бишкек - 2025**

## МАЗМУНУ

**1 - глава. ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН БАШКАРУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ**

**КИРИШҮҮ**......................................................................................................3

1.1. Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкарууну өркүндөтүүнүн методологиялык негиздери ....... 10

1.2. Орто кесиптик билим берүү системасынын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн ретроспективалык анализи.................................................................... 29

1.3. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялоо процессин башкарууда компьютердик жана маалыматтык каражаттарды колдонуу............ 55

Биринчи глава боюнча тыянак........................................................................... 63

**2 - глава. ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН БАШКАРУУНУ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Орто кесиптик билим берүү системасынын окуу тарбия процессин башкарууну функционалдык жактан өркүндөтүү ......................................................................... 65

2.2. Орто кесиптик окуу жайында окуу-тарбия иштерин башкарууну өркүндөтүүнүн принциптери, моделдери жана аларды ишке ашыруунун педагогикалык шарттары......................................................................................... 82

Экинчи глава боюнча тыянак.............................................................................111

**3 - глава. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ ЖАНА АНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ**

3.1. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруу системасын башкарууну педагогикалык экспериментте изилдөө………….….… 113

3.2. Орто кесиптик билим берүү системасынын окуу-тарбия процессин башкарууда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу.............................120

3.3. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкарууну уюштуруунун оптималдуу моделин педагогикалык экспериментте текшерүүнүн жыйынтыктары ...........................................................................................................135

Үчүнчү глава боюнча тыянак ..............................................................................150

КОРУТУНДУ………………...................................................................................152

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР............................................................................ 154

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ............................................. 155

ТИРКЕМЕЛЕР .......................................................................................................179

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн стратегиясында орто кесиптик билим берүү системасын натыйжалуу башкаруунун жетишсиздиги белгиленген, кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча тиешелүү талаптар коюлган. Анда республикадагы жумушка жарамдуу калктын 1,5 миллионго жакыны, тактап айтканда 64% эч кандай кесиптик билимге ээ болбогундугу жана аталган көрсөткүч кесиптик билим берүү системасын модернизациялоо боюнча тиешелүү милдеттер коюлган.

Кыргыз Республикасынын 2021-2040-жылдар аралыгында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында орто кесиптик билим берүүдө кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, эмгек рыногунун жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына мобилдүү жооп берген системаны, финансылык ресурстарды эффективдүү пайдалануу, түзүү сыяктуу маселелер белгиленген. Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүчү уюмдары жөнүндөгү КР Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы № 425-токтому дагы Орто кесиптик окуу жайлардын башкаруу проблемасы негизги бөлүмдөрдүн биринде бөлүнүп, жобосунда көрсөтүлгөн.

Орто кесиптик окуу жайлардагы укуктук нормативдик талаптар гана өзгөрбөстөн, таалим-тарбия берүү процесси, уюштуруу, башкаруу иштери да функционалдык жагынан да өзгөрүп, алар көп профилдүү билим берүүчү тармак катары калыптанууда. Буга байланыштуу окуу программаларынын окуу-тарбия иштеринин мазмуну, формалары да өзгөрүүгө дуушар болуп, инсандын өнүгүүсүнө багыт алган билим берүү процесстери жүрүүдө. Көптөгөн орто кесиптик окуу жайлары колледж формасында уюштурулуп же аталган типтеги окуу жайларга өзгөртүү аракеттери, окуу программаларын өзгөртүүгө, уюштурууга жана башкаруу иштерине жаңы талаптарды коюуга алып келди.

Жаңы типтеги орто окуу жайларды ачуу маселеси тиешелүү деңгээлде даярдалган укуктук-нормативдик, теориялык базага негизделип, методологиялык,

психологиялык-педагогикалык, башкаруу багыттары боюнча терең изилдениши зарыл. Ошондуктан жаңы типтеги орто кесиптик окуу жайларды ачуу, окуу-тарбия иштерин уюштуруу, ар тараптуу даярдоо, концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу маселеси азыркы учурда актуалдуу бойдон калууда.

Ошондой эле окуу жайлардагы башкаруунун формаларынын өзгөрүшү, мамлекеттик жана жеке менчик болуп бөлүнүшү жана башка процесстер азыркы шартта орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкарууну өркүндөтүүнү жана изилдөөнү талап кылууда.

Аталган проблема орто кесиптик билим берүү окуу жайлар системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун оптималдуу моделин иштеп чыгуучу, анын педагогикалык шарттарын аныктоочу маселесинин актуалдуулугу артып турган кез.

Кесиптик билим берүү жана аларды башкаруу проблемалары боюнча Б.А. Абдыкаримов, Г.Б.Абакирова, А.А.Исабеков, А.А.Токтосунов, Э.А.Касымбеков, Ж.К.Каниметов, В.Л.Ким, В.И. Блинов, В.А. Болотов, Г.Д Бухарова, Г.И. Ибрагимов, А.С.Раимкулова ж.б. Кыргызстандык жана чет мамлекеттик окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Жаңы коомдук-экономикалык шарттардагы орто кесиптик окуу жайлардын калыптанышы жана алардын өнүгүү багыттары боюнча Р.Ш.Айылчиев, Н.А. Асипова, Ч.Ш.Жакыпова, А.О. Окишев, Б.А.Нурунбетов, А.Т.Токтогулов, Ж.Тойгомбаев, И.К.Касендеев, И.А.Сейтешов, Б.У.Урстамбеков сыяктуу Кыргызстандык окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу процессин башкаруунун инновациялык-педагогикалык шарттарын аныктоо боюнча изилдөө ишин М.А.Мураталиева жүргүзгөн. Д.К.Төрөбаева орто кесиптик медициналык билим берүү окуу жайындагы кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздерин изилдөөгө алган. Жогоруда айтылган окумуштуулардын эмгектери көрсөтүп тургандай, биринчиден, Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүүдөгү жана окуу-тарбия процессин башкаруунун абалын сапаттык жактан талдоого; экинчиден, бул тармактагы өзгөрүүлөрдү объективдүү баалоого;

үчүнчүдөн, орто кесиптик билим берүүдөгү окуу-тарбия процессин башкаруу менен орто кесипкөй адистерди даярдоодогу алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүүгө арналган илимий эмгектер сейрек кездешет.

Натыйжада, орто кесиптик окуу жайлар окуу-тарбия процессин башкаруунун сапаттык менеджменти менен байланышкан педагогикалык шарттары жетишээрлик деңгээлде изилденген эмес, муну төмөнкү карама-каршылыктар да далилдеп турат.

Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруу маселелерине жүргүзүлгөн анализ төмөндөгүдөй **карама-каршылыктарды** аныктоого мүмкүндүк берди:

- орто кесиптик окуу жайлардагы окуу, таалим-тарбия берүүнүн мазмуну, маңызы, методдорунун жана формаларынын өзгөрүлүп жаткандыгы менен бул процесстерди башкаруунун методологиясынын жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпагандыгы;

- окуу-тарбия процессин башкаруу ишин уюштуруунун жаңы формаларын өнүктүрүүнүн чоң мааниге ээ болуп жаткандыгы менен мындай башкаруулардын бирдиктүү концепциясынын жоктугу жана илимий жактан негизделбегендиги аларды практикага киргизүү боюнча алдыңкы тажрыйбалардын жетишсиздиги;

- жетекчилердин, окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүнө карата коюлуп жаткан талаптар менен ал талаптарды ишке ашыруу үчүн педагогикалык, психологиялык жана башкаруу компетенттүүлүгүнүн жана жөндөмдөрүнүн дал келбестиги;

Ошентип, орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкарууну өркүндөтүүнү илимий жактан негизделбегендиги жана маалыматтык технологиялардын зарылдыгы шарттады. Педагогикалык шарттардын негизделбегендиги башкаруу ишмердүүлүгү менен байланышкан окуу процессин уюштуруунун негизинде студенттердин инсандык жактан калыптанышы, өзүн-өзү текшерүү, өзүн-өзү уюштуруу маселелери чыгуу маселесинин курчтугу, актуалдуулугу ушул теманы тандап алууга негиз болду.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий программалар жана**

**илимий долбоорлор менен байланышы.** Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин тематикалык пландары, университеттин илимий-изилдөө иштеринин багыты менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты**: орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугун, өркүндөтүүгө өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттарда, илимий-методикалык негизде аныктоо, аны педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1) Орто кесиптик окуу жайлардын өнүгүүсүнүн учурдагы абалына талдоо жүргүзүү, окуу процессин башкаруунун өнүгүшүн, мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө;

2) Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун моделин иштеп чыгуу, аны ишке ашыруунун принциптерин, өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо;

3) Иштелип чыккан моделди практикалык жактан ишке киргизүүгө өбөлгө түзүүчү колледждин окуу-тарбия процессинин билим сапатын башкаруунун натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү.

**Иштин илимий жаңылыгы** төмөнкүдөй:

1) орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессинин сапатын башкаруунун мазмуну, принциптери, функциялары жаңы билим берүү парадигмасынын негизинде такталды жана аны компьютердик каражаттардын жардамы менен натыйжалуу уюштуруунун критерийлери аныкталды;

2) азыркы коомдук-экономикалык шарттарында талабына жараша орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн негизги багыттары, анын бирдиктүү иштөөсүн камсыз кылуучу технологияла иштелип чыкты;

3) колледждерде окуу-тарбия процессин башкарууда колдонулган компьютердик программаларды, маалымат технологияларын натыйжалуу пайдалануунун принциптери такталды, анын негизинде окутуунун сапстын

башкаруунун модели иштелип чыкты;

4) аныкталган дидактикалык шарттардын жана моделдин натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилди, аларды окуу-тарбия иштерине киргизүү боюнча практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Алынган **натыйжалардын практикалык мааниси** болуп төмөнкүлөр саналат: орто кесиптик окуу жайлардагы окуу жана тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн педагогикалык негиздери, функциялары, субъекттери боюнча методикалык сунуштар, билим берүүнүн педагогикалык шарттары иштелип чыкты жана алардын натыйжалуулугу эксперименталдык жактан текшерилди, аларды ишке ашыруу боюнча практикалык сунуштар каралды; колледждин окуу жана тарбия процессин башкаруу модели иштелип чыгып, аны ишке ашыруу функционалдык баалоо-критерийлери, диагностикалык изилдөө инструменттери киргизилди, аны башка колледждерде директордун тарбия иштери боюнча орун басарлары, кураторлор жана окутуучулар колдоно алышат.

Коргоо үчүн берилген **диссертациянын негизги жоболору:**

1. Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин натыйжалуу башкарууга коомдук системалык башкаруу менен жеке инсандык жана жетекчиликке, окутуучуларга, студенттерге коюлган башкаруу талаптарына байланышкан факторлор таасирин тийгизет. Ошондуктан, орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкарууну, анын бардык компоненттеринин, субъекттеринин бирдиктүү иштешин камсыз кылган башкаруу технологиясын жана татаал системалуу практикалык ишмердүүлүктү өзүнө камтыйт.

2. Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасынын модели гуманисттик, демократиялык, илимий, системалык, оптималдуулук, ийкемдүүлүк принциптеринин негизинде түзүлөт жана аны ишке киргизүү ушул принциптерди камтыган педагогикалык шарттарды аткарууну талап кылат. Учурда окуу-тарбия структуралык кызматтарынын натыйжалуу ишмердүүлүгү инновациялык башкаруу формаларын жаңы маалымат технологиялары менен айкалыштырып жогорку деңгээлде пайдаланууга тыгыз

байланыштуу.

3. Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкарууну уюштуруу моделин натыйжалуу ишке ашыруу педагогикалык шарттарды түзүүнү талап кылат:

- окуу-тарбия процессин башкарууну уюштуруу моделин жаңы маалыматтык технологияларды пайдалануу менен иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- окуу-тарбия процессине компьютердик программаларды киргизүү;

- окуу жайдын педагогдорунун адистигинин өсүшүнө педагогикалык, уюштуруу жагынан өбөлгө түзүү.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы**: Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкарууга байланыштуу негизги түшүнүктөрдү аныктоо менен, башкаруу системасынын натыйжалуулугун арттыруунун педагогикалык шарттары, ага байланыштуу план, моделдери каралып, педагогикалык экспериментте тастыкталды. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган методикалык материалдар талданып, сунуштар иштелип чыгып, практикага киргизилди. Мындан тышкары, орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкарууга багытталган окуу-методикалык программа жана аны практикага киргизүүнүн механизмдери сунушталды.

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо**: Диссертациялык иштин негизги корутундулары жана жыйынтыктарын камтыган билдирүүлөр илимий-методикалык жыйындарда, республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда жасалган. Мисалы: И.Арабаев атындагы КМУнун эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларында (2019-2022-жж.); "XII Глобалдык илим жана инновация" эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Астана ш., Казахстан, 2021-ж.); VII илимий практикалык конференция (Казань ш., РФ, 2021-ж.) ж.б.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Изилдөөнүн негизги натыйжалары жарыяланган 26 эмгекте чагылдырылган, алардын ичинен 12 макала РИНЦте

импакт-фактору бар илимий журналдарда, калгандары илимий-практикалык конференциялардын материалдарынын жыйнактарында жана атайын окуу-методологиялык каражаты катарында басмадан чыгарылган.

**Диссертациянын структурасы**, ырааттуулугу, анын көлөмү, изилдөөнүн максат, милдеттерине жетүү логикасы менен аныкталды. Диссертация кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, корутундудан турат, ошондой эле 255 аталыштагы адабияттар, таблицалар, сүрөттөр пайдаланылды. Иш 153 барак текст жана тиркемелерден турат.

# I - Глава. ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН БАШКАРУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

## 1.1. Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкарууну өркүндөтүүнүн методологиялык негизднри

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып билим берүү системасында, анын ичинде орто кесиптик билим берүү тармагында абдан зор өзгөрүүлөр болду. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамында, 2016-жылдан тартып жаштарга кесиптик багыт берүү системасын өнүктүрүү концепциясында, 2018-жылдын 28-мартында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө токтомунда, 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында Билим берүүнү өнүктүрүү программасында [246], Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясында [242] мындай өзгөрүүлөрдүн учурдагы укуктук негизи камтылган. Кабыл алынган Мыйзам боюнча орто кесиптик билим берүү программаларында даярдоо деңгээли, түзүлүшү жана мазмуну эл аралык билим берүү стандартына тууралоо зарылдыгы аныкталган. Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясы белгилегендей, базар экономикасына ылайык адистердин кесиптик даярдыгы канаатандырлык эместигинин

натыйжасында коюлган талаптар орто кесиптик билим берүү системасынын негизги көйгөйлүү маселелеринен болуп калды.

Кыргызстандагы орто кесиптик окуу жайлардын 1990-жылдардан кийинки абалына таасир калтырган документтердин катарында ошол учурдагы президенттин указдарын, 2005-жылдагы “Билим берүү тууралуу” мыйзамды жана “Орто кесиптик билим берүүдөгү окуу жай тууралу типологиялык жобо” болгонун окумуштуу Н.А. Асипова өзүнүн “Кыргыз Республикасындагы орто кесиптик билим берүү системасын башкаруу” деген макаласында белгилейт. Укуктук чөйрөдөгү өзгөрүүлөр менен бирге, орто кесиптик окуу жайлардагы билим берүү, тарбиялоо, башкаруу жана уюштуруу иштери функционалдык негизде өзгөрүүдө.

“Кыргыз Республикасындагы орто кесиптик билим берүү системасын башкаруу” деп аталган ушул эле макаласында Н.А. Асипова орто кесиптик окуу жайларын башкаруунун моделинин өзүн модернизациялаштыруунун зарылдыгын жана региондордун өз алдынчалыгын арттырып, айрым башкаруу укуктарын региондорго берүү керектигине токтолот [15, 1-б.]. Азыр адистерди даярдоону областтык борборлордо, ошондой эле чакан шаарларда жүргүзүүдө. Мындай аймактык децентралдаштыруу процесстери жүрдү. Окумуштуу Н.А. Асипованын пикирине таянсан, анда алар тиешелүү ресурстар жана башкаруу укуктары менен коштолгон эмес. Ал эми негизги башкаруу объектилери болуп: персонал, билим берүүнүн сапаты, материалдык база, финансы ж.б. саналат жана булар ар дайым башкаруу органдарынын көңүл чордонунда болушат. Учурдагы орто кесиптик окуу жайларындагы билим берүүнүн, окутуунун сапатын башкаруу студент менен жумуш ордун берүүчүнүн ортосундагы маселелерди чечүүнүн практикалык инструменти болуп саналат. Жаңы технологияларды, педагогикалык алдыңкы тажрыйбаларды, орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-өндүрүш иштерин интеграциялоо, азыркы мезгилдеги экономикалык мамилелерге студентларды тартуу аркылуу даярдалуучун адистердин, кадрлардын сапатын жогорулатуу тууралуу маселелер көтөрүлөт. Орто кесиптик окуу жайларында окуу пландары, программалары, окутуу каражаттары жаңыланып иштелип чыгып, анда адистерди

даярдоо тармагынын натыйжалуу иштеши үчүн окуу-тарбиялык, экономикалык, илимий маалыматтарды жыйноону, башкаруу иштери боюнча чечим кабыл алууну системалаштыруу керектиги каралат. Өнөр жайынын экономиканын шартына ылайык өзгөрүүлөр адистерге болгон талапты өзгөрттү жана тармакка жаңы кесиптерди киргизүүгө жана өздөштүрүүгө негиз салды. Ушундай шарттарда Мамлекеттик билим берүү стандартарынын жаңы муунун кабыл алуу орто кесиптик окуу жайларындагы билим берүүнүн, окутуунун сапатын башкаруу жана көзөмөлдөө ишинин деңгээлин жогорулатты. Орто кесиптик окуу жайларындагы билим берүүнүн, окутуунун сапатын башкаруу жана көзөмөлдөө системасы калыптанып жатат жана анын мурдагыга карагандар айырмачылыктары төмөндөгүдө: а) система орто кесиптик окуу жайларынын ишмердүүлүгүнүн, студенттердин жана студентлардын иштеринин сапатын башкаруу жана көзөмөлдөөнү камтыйт; б) студенттердин жана студентлардын иштеринин сапатын башкаруу жана көзөмөлдөө системасында үч багыт бириге т. Алар билим компонентин, билим берүүнүн инсандык компонентин, ишмердүүлүк компонентин көзөмөлдөөдөн турат; в) башкаруу системасы статистикалык абалдан динамикалык абалга өтөт [15, 2-б.].

Батышта, колледж - бул билим алуунун атайын баскычтардын бири катары мурдатан калыптанган. Азыркы учурда Кыргызстанда ата-энелердин колледж системасы жакшыраак билим берет, - деген пикири калыптана баштаган кез. Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүү системасы түрдүү профиль, программа боюнча бир катар орто кесиптик окуу жайларды, колледждерди сунуштай алат. Улуттук статкомдун берген отчетуна ылайык, жыл сайын орто кесиптик окуу жайларына 25-30 миң студент кабыл алынат. орто кесиптик билим берүү системасында колледждердин деңгээлинде контингент 2012-жылы 83 миң студенттен 2023-жылы 96 миң студентке чейин өскөн (17-20 жаштагы калктын 24%). 11,6 миң студент бюджеттик негизде, 84,3 миң студент - контракттык негизде билим алаары белгилүү [267, 3 пункт].

Окуу жайлар көп профилдүү тармак катары калыптанып, окуу программаларынын мазмуну жана формалары өзгөрүүгө дуушар болууда. Билим

берүү процесстери инсандын өнүгүүсүнө багытталган жаңыча моделге өтүүдө. Көптөгөн орто кесиптик окуу жайлары колледждер формасында уюштурулуп, бул өзгөрүүлөр педагогикалык жаңы проблемаларды жаратууда, башкача айтканда, окуу программаларына, уюштуруу жана башкаруу иштерине жаңы талаптарды коюуга алып келди.

Жаңы типтеги орто окуу жайларды ачуу иштери укуктук, теориялык, методологиялык, психологиялык-педагогикалык жана башкаруу багыттары боюнча терең изилденген негиздерге таянып жүргүзүлгөн эмес. Жаңы орто окуу мекемелерди ачуу, башкаруу жана уюштуруу иштерин педагогикалык проблема катары карап, концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу маселеси алиге чейин актуалдуулугун сактап келет.

Мамлекеттик жана жеке менчик мекемелердин пайда болушу, жаңы парадигмалык негизде модернизациялоо зарылдыгы сыяктуу жагдайлар окуу жайлардагы башкаруунун формаларынын жана багыттарынын өзгөрүшүнө алып келүүсү менен орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруу маселесин да кайрадан кароону жана изилдөөнү талап кылууда.

Илимий-педагогикалык багытта жазылган окумуштуулардын эмгектери көрсөткөндөй, Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүү системасындагы абалды талдоо; андагы өзгөрүүлөрдү объективдүү баалоо; ушул тармактын өнүгүшүн окуу-тарбия процессин башкаруу маселеси менен байланыштырып карап чыгуу жана кесиптик адистерди даярдоодогу бай тажрыйбаны кайра жандандыруу темасына арналган илимий эмгектер жетишсиз. Орто кесиптик окуу жайлардагы билим берүү жана тарбиялоо процесстеринин мазмуну, методдору жана формалары өзгөрүлүп жатканы менен, бул процесстерди башкаруу теориялык жактан жетишерлик деңгээлде иштелип чыкпаган. Билим берүү жана тарбиялоо процессин натыйжалуу башкаруунун азыркы коомдук шарттарда чоң мааниге ээ болгону менен анын илимий негизделген механизмдеринин жетишсиздиги, практикага киргизүү тажрыйбасынын аздыгы инновациялык жаңылануулардв педагогикалык ишмердүүлүктө ийгиликтүү пайдалануу иштерин аксатууда.

Орто кесиптик билим жана тарбия берүүнүн феноменин жана аны башкаруунун педагогикалык шарттаны изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин калыптандыруунун татаалдыгы, такталган категориялык аппараттын так аныкталбагындыгына да байланышкан. Мисалы, «кесип» жана «кесиптик билим берүү» түшүнүктөрүн эки жактуу чечмелөө кубулушун байкоого болот. М.Вебердин [42], П.Сорокиндин [171] жана Г.Зиммелдин [77] теорияларында кесип жана кесиптик билим, биринчи кезекте, инсандын социалдык абалынын негизи катары, ошондой эле, адамды материалдык жактан камсыз кылуунун каражаты катары каралат. Ошол эле учурда алардын жана башка окумуштуулардын эмгектеринде кесип да, билим да инсанды руханий жактан жетилтип, бир катар спецификалык баалуулуктарды жана дүйнө таанымдын мүнөздүү түрүн калыптандырып турган ишмердүүлүк катары белгилүү. Белгилүү америкалык окумуштуу П.Сорокиндин [172, 419-б.] пикиринде жалпы орто билим берүү мекемелеринин коомду өнүктүрүүдөгү абдан натыйжалуу жана демократиялык иш жүргүзүүсү акыры жүрүп коомду стратификациялоого алып келсе да, кесиптик билим берүүнүн инсандардын коомдук статусун жогорулатууга мүмкүндүк берүүчү система катары барган сайын жогору бааланат. В.Г.Подмарковдун [153] эмгектеринде кесиптин маңызы эки тараптын объективдүү жана субъективдүү биримдиги катары изилденет. Кесиптин «субъективдештирилиши», бул үчүн зарыл болгон инсандык сапаттарды калыптандыруунун шарты катары түшүнүлө баштаган. Кесиптик билим жана ишмердүүлүк теориясын өнүктүрүүдө маанилүү кадам болуп француз мектебинин ойчулдарынын эмгектери саналат. Алардын эмгектеринде кесип жеке инсанга байланышкан түшүнүк катары гана эмес, жеке адамдан жогору турган категория катары да каралат (Э. Дюркгейм [53, 252]). Ал эми структуралык функционализмдин алкагында кесип жана кесиптик билим берүү идеясы «кесипкөйлүктүн» субъективдүү категориясын өнүктүрүүгө багытталган (Т. Парсонс [252, 252] ).

Биздин оюбузча, кесип - бул коомдогу белгилүү бир багыттагы, адистиктеги ишмердүүлүккө мүнөздүү болгон бардык белгилерди өзүнө камтыган идеалдаштырылган түшүнүктүн бир түрү. Кесиптик билим берүү системасы

бүтүндөй коомдун, өзгөчө конкреттүү адамдын өнүгүүсүнүнө зор таасир тийгизүүчү, алардын максаттуу өзгөрүшүнүн фактору катары мааниге ээ. 20-кылымдын аягынан баштап инновациялык коомдун өнүгүшүнөн улам келип чыккан, бүгүнкү күндө актуалдуу болгон кесиптик билим берүү концепциясы калыптана баштайт. Заманбап кесиптик билим берүүнү реформалоонун методологиялык багытын жаш студенттердин кесиптик ишмердүүлүк дүйнөсүнө өтүү идеясын өнүктүрүү жана илимий-теориялык жактан негиздөө проблемасы катары бөлүп көрсөткөн Н.Шлоссбергдин  [235] өтүү теориясына көңүл бөлүүгө болот. Анын пикиринде адамдын турмушундагы эң маанилүү өзгөрүү, жаңы шартка, деңгээлге өтүү – бул мектептен кесиптик окууга өтүү же ишке орношууга (гетерономдуктан автономияга психосоциалдык өтүү) байланыштуу. Анын изилдөөсүн уланткан Гудман [235] ушул маселени караган өзгөрүү, өткөөл түшүнүгү кеңейтип, кесип тандоонун башталгыч мектептен эле калыптана баштаган процессинин ишке орношуу учуру менен бүтпөй тургандыгын ачыктап, эмгек дүйнөсүнө даярдоонун зор тажрыйбасын камтыган пикирин билдирет. Бул көз караш кесипке багыт берүүнүн, орто кесиптик билим берүүнүн ийкемдүүлүгүн жана заманбап, түптүү, интеллектуалдык сапаттарды  калыптандырууга багытталышын шарттайт. Аталган теория билим берүү системасы менен иш жагынан камсыз кылуу системасынын өз ара аракеттенүүсүнүн проблемаларын да карайт. Мындай социалдык өнөктөштүктү кээ бир окумуштуулар экономикалык структуралар тарабынан өндүрүштүк максатта талаптарды канааттандырган кесиптик билим берүү системасын түзүүнүн зарыл шарты катары карашат (Смирнов И.П., Е.В.Ткаченко [169]). Социалдык өнөктөштүк практикага багытталган окутууну ишке ашыруу үчүн да зарыл болуп саналат. Азыркы коомдун керектөөлөрүн эсепке алган практикага багытталган билим берүүнү ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берген методикалык система социалдык конструкция теориясында каралган. Социалдык конструкциянын теориясында билим берүүнүн натыйжасы коомдук практиканын айрым формалары болушу керек деп болжолдонот. Социалдык өнөктөштүк идеяларын ишке ашыруу сөзсүз түрдө кесиптик билим берүү системасынын «ачык-айкындыгын» талап кылат (Н.Ю.Бармин [29]). Социалдык өнөктөштүк жана кесиптик билим берүүнүн айкын-

ачыктыгы идеялары орто кесиптик билим берүүнү башкарууну реформалоо идеясы менен тыгыз байланышта. Орто кесиптик билим берүү системасын реформалоо анын сапатын баалоодо жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу талабын да коюда. Болон процессинин документтеринде билим берүүнүн натыйжасына багытталган компетенттүүлүк мамиленин негизинде билим берүүнүн сапаты бааланат. Натыйжада адамдын ар кандай көйгөйлүү кырдаалдарда аракеттенүү жөндөмдүүлүгү каралат, ошону менен билим берүү системасына коюлган маанилүү талап деп таанылат. Кесиптик билим берүүнүн концепциясы компетенттүүлүккө негизделген мамиленин жоболоруна таянуу менен иштелип чыкса, анда постиндустриалдык коомдо кесиптик билим берүү инсандын төмөндөгү сапаттарынын, жөндөмүнүн негизинде кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууну карайт. Ал терең фундаменталдык билимди, жогорку кесиптик компетенцияларды, жогорку негизги компетенцияларды камтыйт. Бул постулат билим берүүнүн негизги максаттарына шайкеш келген төрт негизги идея «гумандаштыруу, демократиялаштыруу, прогрессивдүү билим берүү, өмүр бою билим алуу» менен айкалыштырылышы зарыл.

Атайын орто кесиптик билим берүүдө кесип ээлери түздөн-түз функцияларын аткарууга зарыл түрдө керектүү болгон билим, көндүм жана билгичтиктерге ээ болуу өзгөчөлүктөрү, аларды таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрү, профессионалдык этика жөнүндөгү түшүнүктөрү гана калыптанбастан, профессионалдык иш-аракеттердин мотивдери болуп калуучу адеп-ахлактык багыттардын системасын да калыптандыруу зарыл болуп саналат. Ошондуктан окутуунун жана тарбиянын жаңы технологияларын колдонуу менен болочок адистердин кесиптик жактан профессионал болгон, руханий адеп-ахлактык баалуулуктарга ээ болгон адистерди даярдоо күн тарыйбинде турган маселелерден болуп саналат. Мисалы, коллеждин бүтүрүүчүсү коомдун өнүгүшүнө белгилүү салым кошууга жана социалдык структураларга кирүүгө мүмкүндүк бере турган кесиптик билимдерге, жалпы компетенцияларга, иш тажрыйбаларга, кесиптик компетенцияларга ээ болушу зарыл. Азыркы кезде атайын орто кесиптик окуу жайынын негизги максаты - бүтүрүүчүнү кесип ээси катары белгилүү билим, көндүм жана билгичтиктерге ээ

кылып, колуна диплом берип турмушка аттандырып жиберүү эмес, ар бир бүтүрүүчү өз алдынча өз кесибине тиешелүү билимдерди таап колдоно билүүгө, өзүнүн кесиптик чеберчилигин такай өнүктүрүп баруу билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ кылуу, такай өзүнүн кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүп барууга үйрөтүү. Бул ишти аткарууда атайын орто кесиптик окуу жайынын окутуучулары окутуу жана тарбия процессин ишке ашыруу аркылуу болочок адистин профессионалдык жана инсандык сапаттарынын өнүгүшүнө жана алардын баалуулуктарынын калыптануусуна көмөк көрсөтүшөт.

Орто кесиптик билим берүү системасынын окуу-тарбия процессин башкаруудагы жаңыланган педагогикалык шарттарды калыптандырууда дүйнөлүк тажрыйбада каралган орто кесиптик билим берүү системасындагы дуалдык билим берүү багыттары эске алынууга тийиш. Аталган дуалдык системада болочок адистерге теориялык билимдерди үйрөтүү менен бирге эле аны практикада колдонууну үйрөтүү ишке ашырылат. Кыргызстандын шартында алгачкы жана орто кесиптик билим берүү системасында кесиптик лицейлерде жана орто кесипке даярдоочу коллеждерде дуалдык билим берүүнүн элементтери колдонулат. Коллеждерде теориялык билим үйрөтүлүп, аны реалдуу шартта колдоно алуу көндүмдөрүнө үйрөтүү ишке ашырылат. Компетенттүүлүк мамиленин негизинде билим берүүгө өтүүнүн натыйжасында мамлекеттик билим берүү системасында практикалык сабактарга жана өндүрүштүк практикага көбүрөөк саат бөлүштүрүлгөн. Болочок адистердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун натыйжалуу болушунда кесиптик компетенцияларынын мазмунун жана анын тузүмүн аныктоонун мааниси чоң.

Орто кесиптик окуу жайларын өзгөчө техникалык профилдеги заманбап шайман-жабдыктары, куралдар, компьютердик техникалар менен жабдуу менен эле мурдагы педагогикалык методика менен окуу-тарбиялык иштерди, эмгекти уюштуруудагы башкаруу механизмдерин, методдорун да жаңылантуу маселеси көтөрүлдү.

Орто кесиптик билим берүү системасынын учурдагы абалын, окуу-тарбия процессин башкаруу иш-тажрыйбаларын чеберчилигин педагогикалык негизде

анализдеп чыгуу адистерге коюлган талаптар боюнча терең изилдөөлөр жүргүзүлө электиги маалым болду. Ушундай шарттарда орто кесиптик окуу жайларында окуу-тарбия процессин башкаруу иштери олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болууда.

Билим берүү уюмдарын башкаруу көйгөйлөрү көптөгөн окумуштуулар тарабынан каралып келген. Кыргыз Республикасында бул маселе билим берүүнү демократиялаштыруу проблемалары аркылуу изилденген И.Б. Бекбоев [134], В.Л. Ким [95-96], Э.Мамбетакунов [108-111], Л.П.Мирошниченко [118], Ж.Каниметов [85] сыяктуу практик ишмерлер, окумуштуулар болду. Мисалы, Л.П. Мирошниченко билим берүүнү демократиялаштыруу бардык деңгээлдеги окуу окуу дайларындагы башкарууну децентрализациялоо аркылуу жергиликтуу бийлик органдарын түзүү, билим берүү мекемелеринде окутуучу, мугалимдер, студентлардын ортосундагы кызматташтык, өз алдынча иш алып баруусуна шарт түзүү, уюштуруу темаларын караса [118, б. 94], Ж.Каниметов билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруунун илимий-педагогикалык негиздерин кароого арналган эмегегинде окуу окуу дайларындагы башкарууну демократиялаштыруунун алдыңкы багыттары, формалары жана методдоруна токтолот [85].

Ошондой эле, орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, болочок адистердин компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу сыяктуу маселелер боюнча кыргызстандык илимпоздор Д.Б. Бабаев [9], Ш.А. Алиев [5], Н.А. Асипова [7], Д.У. Байсалов [14], И.Б. Бекбоев [17], Э.М. Мамбетакунов [99], А.М. Мамытов [102], С.К. Калдыбаев [62], Г.Д. Панкова [128] ж.б. изилдөөлөрүндө өз ойлорун ортого салышкан.

Педагогика илиминде жана практикада окуу-тарбия процессин менеджмент илиминин позициясында терең түшүнүк менен карап чыгууга, ага илимий жактан негизделген мүнөз берүүгө умтулуу ачык байкалат. Көптөгөн изилдөөчүлөр техникалык, өндүрүштүк процесстерди башкаруу менеджменти ал тармактарда эле эмес, татаал социалдык системалар тармагында, анын ичинде педагогикалык багытта да пайдалануу зарыл деп ырасташат. Билим берүү тармагын башкаруу жалпы социалдык (коомдук) системаны, мекемелерди башкаруу теориясынын

бөлүгү катары каралууда. Себеби окуу мекемелери да коомдук системанын бир бөлүгү катары эсептелет.

Окуу жайлардагы окуу-тарбия процесстерин башкаруу жалпы башкаруу теориясынан айырмаланса да (билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу), анын негизин деле жалпы башкаруу методдору түзөт. Жалпысынан эле "башкаруу" термини илимде бир канча позицияда каралат. Мисалы, "башкаруу" ишмердүүлүк (менеджмент) катары да каралат. Бул аныктама боюнча окуу-тарбиялык процессти башкаруунун натыйжасында жеткен предметтик жыйынтыка умутулуу маанилүү. Анда мындай ишмердүүлүтүн жүрүшүндөгү окуу процессине катышкандардын субъективдүү тажырыйбасынын өзгөрүшүнө маани берилбейт[183].

Башка көз караштан алганда, башкаруу бир системанын экинчисине, бир адамдын экинчисине же адамдардын тобуна таасири катары каралат (В.Г.Афанасьев [17], А.А.Орлов [144] ж.б.). Мындай түшүнүктүн негизинде субъекттин объектке максаттуу таасир этүүсү жана экинчи объектке таасир этүүнүн натыйжасында экинчисинин өзгөрүшү катары чечмеленет. "Башкаруу" субъекттердин (В.Г. Афанасьев [17], Т.И. Шамова [205] ж. б.. бири бири менен өз ара аракеттенүүсү катары да түшүнүлүшү мүмкүн. Башкаруу жөнүндө мындай түшүнүү башкаруучу жана башкаргандардын бири бирине таасир тийгизисүүсү аркылуу өзгөрүшүн болжолдойт.

Жалпысынан, илимий изилдөөлөргө таянып, теориялык-методологиялык өңүттө, негизги түшүнүктөрдү карап көрсөк, анда окуу-тарбия процессин - бул студентлардын системалуу түрдө билим алуусун, кесиптик адат, жөндөмдөрдү, дүйнө таанымдык түшүнүктөрдү жана адеп-ахлактык сапаттарды өздөштүрүүсүнө, инсандык каситетти клыптандырууга багытталган таанып билүү ишмердүүлүгү катары аныктасак болот. Ал билим берүү жөнүндө мыйзам актыларына, нормативдик укуктук актыларга негизделип, билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты чагылдырат, коомдук муктаждыктарга жана студентлардын жеке кызыкчылыктарына, руханий талаптарына жооп берет. Ошондой эле окуу-тарбия процесси студентну окутуп, тарбиялап даярдоого мүмкүндүк берүүчү принциптердин жыйындысы болуп да саналат. Окуу-тарбия процессинде

колдонулуучу бир нече принциптер бар: табигый шайкештик; гумандаштыруу; бүтүндүк; демократиялаштыруу; маданий шайкештик; биримдик жана ырааттуулук; кесиптик максатка ылайыктуулугу; политехнизм. Табигый шайкештик принциби боюнча окуу-тарбия ишинин программасы студентнун жаш курак өзгөчөлүктөрүн жана анын мүмкүнчүлүк, умтулууларын, каалоосун эске алуу менен түзүлүшү керек. Ал студентларга мотивация, өнүгүү максатында окууга түрткү берүүсү зарыл. Гуманизация принциби студентга карата сый мамилени кылуунун зарылдыгын карайт. Окутуучу, мугалим жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделген, ишеним көрсөткөн мамиле түзо билиши башкы шарттардын бири болуп эсептелет. Бүтүндүк, бирдиктүүлүк принциби окуу-тарбия процессинин бардык компоненттеринин өз ара бирдиктүү иш-аракетин талап кылат. Маданий шайкештик принциби студентну ал тартылган окуу-тарбия процессиндеги маданий чөйрө менен тааныштырууну камтыйт. Ынтымак жана ырааттуулук принциби ата-энелер, студентлар менен мугалимдердин тыгыз өз ара аракеттенүүсү аркылуу гана мүмкүн болот. Жашы улуу адамдар (ата-эне, мугалим, окутуучулар) тарабынан коюлган талаптар так жана ачык болушу керек. Профессионалдык максатка ылайыктуулук принциби окутуучу, мугалимдерди окутуу үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү үйрөтүүгө негизделген. Политехнизм принцибин так илимдерди пайдалануу аркылуу окуу процессиндеги өз ара аракеттенүү шарттары түзөт.

Окуу-тарбия процессинин субъекттери (окутуучу, мугалим) да, объектери (студент, студент) да өзгөчө орунду ээлейт. Окуу-тарбия процесси – бул студент, студент өзүнүн инсандык сапаттарын, адам катары калыптануусун камсыз кыла турган шарттарды түзүү катары да саналат.

Мындай жана ушул сыяктуу концепцияларга, аныктамаларга, түшнүктөргө таянуу менен төмөнкү аныктаманы сунуштаса болот: окуу-тарбия процессин башкаруу – бул окутуучу, мугалим жана студент, студенттин атайын максатталган, багытталган, өз ара таасир тийгизүүчү ишмердүүлүгүндөгү окуу-педагогикалык кырдаалды (ситуацияны) долборлоо, алдын алуу, чечүү жана аны мотивациялык, рефлексивдүу каражаттар менен камсыз кылуу.

Бул аныктамасынын негизинде окуу-тарбия процессин субъекттери ээ болууга тийиш болгон негизги ишмердүүлүк багыттарды, көндүмдөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: - маалыматты чогултуу жана пайдалануу максатында алар менен иштөө; - окуу-педагогикалык кырдаалды (ситуацияны) долборлоо, көрүү, болжолдоо, долбоорлоо жана талдоо; - проблеманы аныктоо (себептерин тактоо); - педагогикалык милдетти аткаруунун критерийлерин белгилөө; - коюлган максаттарга жетүү жолун аныктоо; - маселелерди чечүүгө багытталган иш-чараларды ишке ашыруу; - жетишилген корутундуларга, натыйжага баа берүү; - өзгөрүүлөрдү эске алуу, аракет, ишмердүүлүктү туура багытта алып баруу.

Бул каралган багыттар, талаптар окутуучу, мугалимдин ишмердүүлүгүнө, студент, студентнун ишмердүүлүгүнө да бирдей тиешелүү. Орто кесиптик окуу жайларында окуу-тарбия процессин башкаруу маселесин изилдеген Н.М. Борытко [39], И.А. Соловцова[39]. сыяктуу окумуштуулардын эмгектери менен катар эле, колледжде окуу системасын башкаруу процессинин өзгөчөлүктөрү В.П. Вишневская, Е.Е. Журинская, В.В. Землянский жана башкалардын изилдөөлөрүндө да каралат. [43].

Орто кесиптик окуу жайларында, колледждеги окуу-тарбия процессинин системасын башкаруунун өзгөчөлүктөрүн теориялык жактан талдоого алган аталган окумуштуулардын эмгектеринде билим берүү окуу дайларындагы окуу процессин башкаруу социалдык мүнөзгө ээ болот деп саналат.

Билим берүү уюмундагы окуу-тарбия иштерин башкаруу процессин мындай концептуалдык түшүнүү анын мазмунун төмөнкү багыттар аркылуу ачууга мүмкүндүк берет: 1) башкаруу процессин уюштурууга негизи гуманисттик мамиле мүнөздүү болушу керек, жумшак, кыйыр башкаруу ыкмаларына артыкчылык берилиши зарыл; 2) башкаруу процессин буйрук, үстөмдүк аркулуу басым жасоо деп түшүнүү туура эмес, окуу-тарбия процесстерин башкарууну окуу окуу жайларынын натыйжалуу иштешин жана өнүгүшүн камсыз кылган татаал жана өтө жооптуу иш катары кароого зарыл; 3) орто кесиптик окуу жайдагылардын ынтымагын камсыз кылуу, биргелешкен ишмердүүлүгү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү - бул билим берүү уюмунун коллективинде конструктивдүү мамилелердин болушун, түзүлүшүн

камсыз кылууну билдирет; 4) конструктивдүү мамилелерди түзүү билим берүү окуу жайларынын жетекчисинин иш процессинин маанилүү компоненти болуп саналышы зарыл [21, б. 5]. И.А. Соловцованын эмгегинде азыркы билим берүү системасынын эле эмес, ар бир билим берүү окуу жайларынын сапаты негизинен анын бардык бөлүк-бөлүмдөрүндөгү башкаруунун натыйжалуулугу менен аныкталат [39, б. 56].

Билим берүү окуу дайларындагы билим берүү процессинин коомдук тажрыйбаны өздөштүрүү процесстери менен тыгыз байланышта экенин эске алганда, кошумча билим берүү, социалдык-чыгармачылык, өзүн-өзү тарбиялоо багытындагы ишмердүүлүктүн да ролу артат. Окумуштуу И.А. Соловцова жогоруда аталган баыттагы иш-чаралар жалпы максатка жетишүүгө багытталганда гана окуу процессинин компоненттери катары каралышы мүмкүн. Билим берүү мекемесинде тарбия иштеринин алкагында өзүн-өзү тарбиялоо, коомдук жана чыгармачылык ишмердүүлүк, кошумча билим берүү процесстери да максатка ылйык ишке ашырылат. Окуу-тарбиялык иштердин системасын башкаруунун биринчи милдети болуп каралып жаткан процесстин бардык компоненттеринин бир максатта, багытта бирдиктүү аракеттенүүсүн камсыз кылуу болуп саналат. Окуу процессинин субъекттери болуп студентлар, окутуучулар, мугалимдер, ошондой эле студентлардын ата-энелери жана билим берүү уюмунун администрациясы саналат. Мындай субъекттердин аталган тобунун ар биринин кызыкчылыктары жана максаттары бар экендигин, алар дал келбегендиги же толук эмес дал келиши мүмкүн экендиги да эске алуунусу зарыл. Ал тургай педагогдор да ар кандай багыттагы билим берүүнүн натыйжаларына кызыкдар болушу мүмкүн экенин белгилей кетүү керек. Бул факт билим берүү процессин башкаруунун экинчи милдетинин пайда болушун шарттайт. Башкача айтканда, билим берүү процессинин катышуучуларынын позицияларын координациялоо үчүн шарттарды түзүү зарылчылыгы бар [3, б. 73–74].

Мисалы, Эл аралык Кувейт университетинин колледж билим берүү уюму катары негизги билим берүү функцияларынын бирин аткарат. Аны орто кесиптик адистерди даярдоочу жай катары гана эмес, системанын ар кандай деңгээлдериндеги

окуу процессинин, үзгүлтүксүз билим берүүнүн орто баскычы катары да кароого болот. [4, б. 82]. Колледжинин миссиясы - учурдагы эмгек рыногунун талаптарына ылайык, араб жана англис тилинде кенен баарлаша алган, өз кесибинин мыкты устаты болгон, жогорку өндүрүштүк денгээлдеги орто кесиптин устатын даярдоо. Изилдөөчүлөр Д.Б. Бабаев, Б.А. Шатманалиев, Н.Б. Аманова колледждин билим берүү мейкиндигин педагогикалык процесстин бардык катышуучуларынын керектөөлөрүн эске ала турган жана анын негизинде студенттин инсанынын интеллектуалдык, эмоционалдык жана жүрүм-турум сферасын өнүктүрө ала турган адаптациялык чөйрө катары карайт [22].

Орто кесиптик окуу жайдагы окуу процессинин системасы коомдук процесстердин абалын чагылдырууга салым кошуп, өндүрүш, маданият жана коомдук мамилелер сыяктуу факторлордун өнүгүшүнө таасирин тийгизет [6, б. 26].

Илимий педагогикалык жана башка багыттагы окумуштуулардын эмгектери көрсөтүп тургандай биринчиден, Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүүдөгү жана окуу-тарбия процессин башкаруудагы абалды талдоого; экинчиден, анын тармагындагы өзгөрүүлөрдү объективдүү баалоого; үчүнчүдөн тармактын өнүгүшүн орто кесиптик билим берүүдөгү окуу-тарбия процессин башкаруу маселеси мененг байланыштыруу, кесиптик адистерди даярдоодогу бай тажрыйбаны жандандыруу темасына арналган илимий эмгектин зарылдыгы келип чыккандыгы белгиленет. Ал эми практикалык абалын талдоодо бир  катар нормативдик документтердин кабыл алынганы белгиленип, орто орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларды, алардын окуу-тарбия процессин башкаруу иштери камсыз кылынбай жатканы да каралган.

Ошентип, азыркы илимде үстөмдүк кылган орто кесиптик билим берүүнүн теорияларына таянып, бир катар тыянактарды чыгарууга болот.

1. Инновациялык коомдо орто кесиптик билим берүүнү андан ары өнүктүрүү анын иш берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын камсыздаган экономикалык чөйрө менен өз ара кызматташуусунун, аракеттенүүсүнүн негизинде гана мүмкүн; мында орто кесиптик билим берүү системасы “ачык-айкындык” принцибин карманууга тийиш; билим берүү системасы менен коомчулуктун өз ара кызматашуу-аракеттенүүсүнүн негизги формалары социалдык өнөктөштүк жана билим берүү

мекемесин демократиялаштырган башкаруу боло алат; ал эми билим берүү менен коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн методологиялык негизи социалдык конструкция болушу мүмкүн.

2. Орто кесиптик билим берүүнүн сапаты бүтүрүүчүлөрдүн билиминин, адистик көндүмдөрүнүн деңгээлинин азыркы экономиканын, инновациялык өндүрүштүк ишканалардын талаптарына шайкеш келишинен көз каранды; мындай сапатты республикалык социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларын эске алуу менен адистерди даярдаган алдыңкы кесиптик билим берүү камсыздай алат.

3. Технологиянын, илимий прогресстин тез өзгөрүшүнүн шартында жаңы типтеги адисти калыптандыруу актуалдуу: технологиялык билимди, маалыматтарды билгичтик, тездик менен өздөштүрүүгө мүмкүндүк берүүчү даярдык, белгилүү бир көндүмдөр жана жеке сапаттар, инновациялар; заманбап эмгек рыногунда орто кесиптик окуу жайдын бүтүрүүчүсүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн баалоочу компетенттүүлүккө негизделген мамиле кесиптик билим берүүнүн жаңы концепциясы катары каралууда; билим берүүнүн бул түрүнүн педагогикалык негизи студентке багытталган билим берүү парадигмасы болуп саналат.

4. Илимий, өндүрүштүк, маалыматтык чөйрөлөрдөгү жаңылануулар (модернизация, инновация) профессионалдык билимдердин чөйрөлөрүнүн тездик менен жаңылануусуна алып келет, ошондуктан адистердин билимин өркүндөтүү же заман талап кылган жаңы адистикти өздөштүрүү үчүн үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү системасы зарыл.

Жалпысынан айтсак, орто кесиптик билим берүү системасы коомдук өнүгүүнүн негизги компоненттеринин бири болуп саналат. Бул система, адатта, жаштарга адистик билим берүү менен гана чектелбестен, алардын коомдо өз ордун табуусуна, турмуштук жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталат. Мындан тышкары, орто кесиптик билим берүү, жогорку билим берүү менен тыгыз байланышта болуп, коомдун өнүгүшүнө жана экономикасына кызмат кылат. Демек, орто кесиптик билим берүү системасынын негизги милдети - сапаттуу адистерди даярдоо жана бул процессти туура башкаруу. Бул процессти

башкарууда аныктап алууга болчу көптөгөн көйгөйлөр бар. Бүгүнкү күндө орто кесиптик билим берүүдө инновациялар жана жаңы башкаруу ыкмаларынын киргизилиши талап кылынат. Бул өз кезегинде педагогикалык башкаруунун сапатын арттырып, студенттерге эң жогорку деңгээлде билим жана көндүмдөрдү берүү үчүн маанилүү.

Орто кесиптик билим берүү системасынын окуу-тарбия процессин башкарууну өркүндөтүү жана анын педагогикалык шарттарын калыптандыруу азыркы мезгилде эң маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп калды, анткени жаңы билим берүү моделдери жана технологиялары коомдук-экономикалык өзгөрүүлөргө ылайыкташып, билим берүү мекемелеринин башкаруу процессин кайрадан карап чыгууну талап кылат. Бул маселени изилдөө педагогикалык көз караштан окуу-тарбия процесстери боюнча өзгөчө методикалык жактарды жана башкаруу элементтерин жаңылоону карайт.

Ошол эле учурда билим берүү системасы коомдук-экономикалык жана маданий өзгөрүүлөргө жооп бере тургандай, жаңылануларга муктаж. Билим берүү мекемелеринин жетекчилиги жана педагогикалык башкаруу орто кесиптик билим берүүдө билим берүү процесстеринин ийгиликтүү ишке ашуусунун негизги компоненттеринин бири болуп саналат. Аталган системанын түпкү максаты - адистерди даярдоо болуп саналат. Бул максатка жетүү үчүн, билим берүү процесси тыкан көзөмөлдө жана тийиштүү түзүмдүк өзгөрүүлөргө муктаж. Орто кесиптик билим берүү системасындагы окуу-тарбия процессинде башкарууну өркүндөтүү маселеси педагогикалык ири проблемага айланууда.

Башкаруу процесси менен билим берүү системасынын натыйжалуулугу ортосунда түз байланыш бар. Башкарууну өркүндөтүү дегенде, билим берүү мекемелеринде башкаруу системасынын структурасын жана анын натыйжалуулугун жакшыртуу каралат. Башкарууну өркүндөтүү дегенде, окуу-тарбия процесстеринин түпкү максатын - студентларды жакшы адистер катары даярдоону камсыз кылууну көздөйт. Башкаруу ыкмаларынын өркүндөтүлүшү, инновациялардын киргизилиши орто кесиптик билим берүү системасынын натыйжалуулугун арттырууга мүмкүндүк берет. Учурда заманбап билим берүү

технологиялары жана ыкмалары, ошондой эле билим берүү чөйрөсүндөгү реформалар башкаруу структураларын өзгөртүүнү талап кылууда.

Орто кесиптик билим берүүдө башкаруунун негизги көйгөйлөрү катары төмөнкүлөрдү белгилесек болот. Орто кесиптик билим берүү системасында башкарууну өркүндөтүү маселесинин эң негизги көйгөйү - азыркы учурдагы башкаруу системасынын чектелген мүмкүнчүлүктөрү. Мындай башкаруу системалары көбүнчө төмөндөгү кыйынчылыктар менен шартталууда. Мисалы, б**илим берүү процессинин натыйжасыздыгы.** Көптөгөн орто кесиптик билим берүү мекемелеринде билим берүү процессинин натыйжалуулугу төмөн. Мунун себептери катары билим жана тарбия берүү программаларынын жана окутуу ыкмаларынын заманбап талаптарга ылайыкталбаганы, жетекчилик тарабынан кабыл алынган башкаруучулук чечимдердин натыйжасыздыгы, илимий парадигманын жаңыланышы сыяктуу көрүнүштөрдү айтууга болот. Ошондой эле, м**аалыматтардын, системалуу илимий иш алып баруунун жетишсиздиги жана башкаруу механизмдеринин, куралдарынын чектелиши**. Орто кесиптик билим берүү системасындагы билим берүү мекемелеринин көпчүлүгү заманбап башкаруу системаларына ээ эмес. Башкаруунун негизги **механизмдеринин,** куралдарынын, анын ичинде башкаруу чечимдеринун натыйжалуу болушу үчүн керектүү системалуу, илимий ой жүргүртүү, талапка ылайык маалыматтын жетишсиздиги жана аны практикада пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн төмөндүгү башкы көйгөйдүн бири болуп саналат. Үчүнчүдөн, жетиштүү **кесиптик даярдыктын жоктугу**. Орто кесиптик билим берүүдө башкаруу кызматкерлеринин көпчүлүгү тиешелүү педагогикалык билимдерге ээ эмес жана заманбап башкаруу ыкмаларын колдонууда кыйынчылыктарга туш болушат. Көптөгөн мекемелерде кадрлардын профессионалдык деңгээлин жогорулатуу боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлбөйт. Дагы бир маселе, к**ызматкерлердин мотивациясынын төмөндүгү.** Орто кесиптик билим берүү окуу дайларындагы мугалимдердин жана башкаруучулардын мотивациясы аздыгы. Ошондой эле, айрым мектептерде бул багытта билим берүү системасынын келечегине терс таасирин тийгизген каршылыктар бар. Акыркы

белгилей турган көйгөй, **жетекчилик ишмердигин жана чечим кабыл алуу процессинин каршылыктары.** Көптөгөн орто кесиптик билим берүү мекемелеринде жетекчилердин көпчүлүгү билим берүү процессин натыйжалуу башкаруу боюнча терең түшүнүктөргө ээ эмес. Бул өз кезегинде билим берүү мекемелеринин натыйжалуулугуна жана өзгөчөлүктөрүнө терс таасирин тийгизет.

Орто кесиптик билим берүүдө оку-тарбия иштерин башкарууну башкарууну өркүндөтүүнүн жолдорун жалпылап карай турган болсок, анда төмөнкүлөргө токтолууга болот. **Жетекчиликтин сапатын жакшыртуу.** Орто кесиптик билим берүү мекемелеринин жетекчилери үчүн системалуу билим берүү жана өнүгүү программаларын киргизүү керек. Алар башкаруунун жаңы ыкмалары жана билим берүү процессин оптимизациялоо боюнча ыкмаларды үйрөнүшү керек. **Инновацияларды жана заманбап технологияларды колдонуу.** Орто кесиптик билим берүү мекемелеринде заманбап окутуу технологияларын, анын ичинде электрондук ресурстарды жана онлайн платформаларды колдонуу башкаруунун натыйжалуулугун жогорулата алат. Бул маалыматтарды топтоо жана анализдөө, чечимдерди кабыл алууда жардам берет. **Окуу-тарбия процесстерин оптимизациялоо.** Студентлардын сапаттуу билим алуусун камсыз кылуу үчүн билим берүү процессин жакшы уюштуруу керек. Бул үчүн педагогикалык ишмердиктин сапатын жакшыртуу, окуу ыкмаларын жана материалдарды жаңылоо зарыл. **Кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу.** Башкаруучу жана педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу үчүн атайын программаларды жана курстарды уюштуруу зарыл. Мугалимдер жана жетекчилер үчүн квалификациясын жогорулатуу тренингдери жана семинарларын өткөрүү керек. **Маалыматтык ресурстарды кеңейтүү.** Башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн орто кесиптик билим берүү мекемелеринде маалыматтык база жана системалар жакшы уюштурулушу керек.

Орто кесиптик билим берүү системасындагы окуу-тарбия процессинде башкарууну өркүндөтүү педагогикалык жана башкаруучулук проблемаларга байланыштуу көптөгөн көйгөйлөрдү жаратат. Бирок, башкаруу ыкмаларын

өркүндөтүү жана жаңы технологияларды колдонуу аркылуу бул маселелерди чечүүгө болот. Башкарууну өркүндөтүү орто кесиптик билим берүү мекемелеринде билим берүү сапатын жакшыртууга жана студентлардын адистик даярдыгын күчөтүүгө жардам берет.

Аталган маселе боюнча изилдөөлөр жана иш-чаралар жүргүзүлүп, орто кесиптик билим берүү системасын жакшыртууга багытталган чечимдерди кабыл алуу коомдук, экономикалык жана социалдык талаптарга жооп бере турган адистердин даярдыгын камсыз кылат.

Ошондой эле, өркундөтүү багытында төмөнкү иш-чаралардын да зырылчылыгы бар: билим берүү программаларынын мазмунун аныктоого иш берүүчүлөрдү тартуу, билим берүүдөгү компетенттүүлүк парадигмасынын негизинде билим берүү стандарттарын, анын негизинде окуу программаларынын мазмунун жакшыртуу жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышына, орто кесиптик билим берүү мекемелеринде мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышына мониторинг жүргүзүү.

- Орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу процессин камсыз кылууда жана башкарууда уюштуруу-методикалык, окуу-методикалык жактан камсыздоону жакшыртуу жана бул процессти студенттерди кабыл алууда эмгек рыногунун керектөөлөрүн изилдөөнүн натыйжасында алынган маалыматтарга негиздөө.

- Орто кесиптик билим берүү системасында башкаруу процессин модернизациялоонун максаты – ар бир функционалдык түзүмдүн компетенциялары жана милдеттерин, орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү саясаты үчүн жоопкерчилигин аныктоого тийиш болгон оптималдуу моделди түзүү болсо, анда ал кадрларды даярдоонун сапатын камсыз кылууга шарт түзгөн окуу-тарбия процессин башкарууну жакшыртууга, иш берүүчүлөр менен натыйжалуу байланышты түзүүгө, региондордун керектөөлөрүн эске алууга да багытталышы зарыл.

- Азыркы учурдагы жогорку эмгек акынын камсыз кылган кесиптерге, инновациялык-илимий багыттагы адистиктерге даярдоо максатында жаштарга кесиптик багыт берүүнүн; кесиптик билим берүүнүн сапатын көз карандысыз

баалоо системасын өнүктүрүү жана ушул максатта сертификациялоо, валидациялоо жана көз карандысыз аккредитациялоо; орто кесиптик билим берүүнү эл аралык интеграциялоо, экспортко иштешин камсыздоо, финансылык ресурстарды эффективдүү колдонуу; натыйжага багытталган билим берүүнү башкаруу, мониторингдин маалыматтарына негизделген чечимдерди кабыл алуу, келечектеги тенденцияларды эске алуу менен билим берүү системасындагы өзгөрүүлөрдү долбоорлоо; орто кесиптик билим берүү мекемелерин башкаруунун түзүмүн оптималдаштыруу үчүн системалуу функционалдык талдоо багытындагы ишмердүүлүктүн деңгээлин көтөрүү.

## 1.2. Орто кесиптик билим берүү системасынын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн ретроспективалык анализи

Орто кесиптик билим берүү (ОКББ) системасынын калыптанышы жана өнүгүшү ар бир өлкөнүн социалдык, экономикалык, маданий жана саясий шарттарына жараша ар түрдүү өзгөчөлүктөргө ээ. Орто кесиптик билим берүү адамдарды өнөр жай, инфрастуруктура сыяктуу экономиканын түрдүү секторлору үчүн талап кылынган кесиптерге даярдоону камсыз кылат. Бул маселе, жалпы эле билим берүү деңгээли менен байланыштуу болуп, орто кесиптик билим берүү системасынын туруктуу өнүгүшү өлкөнүн жалпы билим берүү системасынын, экономикасынын, коомунун өнүнгүшүн камсыздайт. Орто кесиптик билим берүүнүн тарыхы бай жана көп кырдуу болуп, ал өлкөлөрдүн абал, шарттарына, ошондой эле өлкөнүн билим берүү системаларынын өзгөрүүлөрүнө байланыштуу болуп келген. Жалпы дүйнөлүк деңгээлде орто кесиптик билим берүү 18-19-кылымдардагы индустриалдык революция учурунда өнүгө баштаган. Бул мезгилде биринчи жолу билим берүү тармагында, адистердин кадрларын даярдоо үчүн атайын мектептер ачылган. Орто кесиптик билим берүү дүйнөдө көп учурда жогорку билим берүү менен байланышкан жана ал ишкердик чөйрөнүн, экономика жана коомдун талаптарына жооп бере турган адистерди даярдоо максатын көздөйт. Бирок, ар бир өлкөдө орто кесиптик билим берүү системасынын өнүгүүсү өзгөчөлөнүп келген.

Германияда орто кесиптик билим берүү системасынын өнүгүүсү өзгөчө мааниге ээ. Германияда "Дуалдык систем" деген ат менен белгилүү болгон билим берүү формасы негизделген. Бул система практикалык жана теориялык билимдерди бириктирип, өнөр жай ишканаларында иштөө жана мектептерде окутуу чогуу жүргүзүлөт. Бул өзгөчөлүк Германиядагы орто кесиптик билим берүү системасын дүйнө жүзү боюнча белгилүү жана ийгиликтүү кылган.

Советтик доордо орто кесиптик билим берүү системасы ар түрдүү тармактарда адистерди даярдоо боюнча кеңири системаларды камтыган. Советтик Социалисттик Республикалар Союзу (СССР) орто кесиптик билим берүү системасын жогорку билим менен тыгыз байланышта жүргүзгөн, анткени билим берүү системасынын көпчүлүк бөлүгү мамлекеттик башкаруунун астында болгон. СССРде орто кесиптик билим берүү 3 негизги этаптан турган: жалпы орто билим алуу, орто кесиптик билим алуу, жана жогорку билим алуу. Мектепти бүтүргөндөн кийин студенттер орто кесиптик билим алуу үчүн атайын билим берүү мекемелерине кирүүгө укуктуу болушкан. Орто кесиптик билим берүү борборлору - техникумдар, профтех окуу жайлары жана ишканалардагы даярдоо программалары чоң мааниге ээ болгон. СССРдин тарыхында орто кесиптик билим берүүдө эки негизги принцип менен иш жүргүзүлчү: теориялык билим менен практика жүзүндө иштөө изилдөөлөрү биргеликте жүргүзүлүп, ошондой эле адистерди даярдоодо социалисттик негизде тастыкталган жаңы технологиялар колдонулуп келген. Техникумдар жана колледждердин тармагы кеңейип, экономиканын бардык тармактарында, анын ичинде өндүрүш, айыл чарба, транспорт, курулуш жана башка көптөгөн тармактарда адистер даярдалып келген.

Советтик Союздун кулашы менен, орто кесиптик билим берүү системасында чоң өзгөрүүлөр башталды. Постсоветтик мамлекеттерде орто кесиптик билим берүү системасын реформалоо процесси башталды. Экономиканын рыноктук негиздерине өтүү жана жеке менчик секторунун өнүгүшү орто кесиптик билим берүү системасын кайра карап чыгууну талап кылды. Билим берүү процессинин натыйжалуулугун арттыруу жана адистерди

даярдоонун жаңы ыкмаларын ишке ашыруу максатында өлкөлөр реформаларды жүргүзө башташты.

Мисалы, Орто Азиянын көпчүлүк өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда орто кесиптик билим берүү системасын модернизациялоо боюнча бир нече демилгелер ишке ашырылган. Бул реформалардын алкагында орто кесиптик билим берүү мекемелеринде заманбап окутуу ыкмалары, практика жүзүндөгү окутуулар, жана адистерди даярдоо үчүн инновациялык технологияларды киргизүү боюнча аракеттер жасалган. Кыргыз Республикасында орто кесиптик билим берүү чөйрөсү 1990-жылдардын аягында реформаланган. Эми орто кесиптик билим берүү системасы заманбап талаптарга ылайыкташып, экономиканын талаптарына жооп берүүчү адистерди даярдоо багытында иш алып барууда. 1998-жылы 53 орто кесиптик окуу жай, 2003-жылы 66 орто кесиптик окуу жай ачылып, анын ичинде 4 мамлекеттик эмес орто кесиптик окуу жай ачылган. Ошол жылдары борбордо 6 окуу жайы ачылганса, Ош облусунда - 3, Баткенде - 2, Чүйдө - 1. Таласта, Нарында жана Ысык-Көл облустарында калктын орто кесиптик билимге болгон муктаждыктары ал жерлерде түзүлгөн университеттер жана алардын структурасындагы орто окуу жайлары аркылуу канаатандырылууда.

Орто кесиптик окуу жайларын жайгаштыруу боюнча аймактык децентралдаштыруу процесстери жүрдү. Алар адистерди даярдоону областтык борборлордо, ошондой эле чакан шаарларда жүргүзүүдө. Европалык билим берүү фондунун изилдөөлөрү боюнча бардык орто кесиптик окуу жайларынын 59% дан ашыгы республиканын аймактарында жайгашкан, студентлардын эң көп саны Ош облустунда -14%, Чүй облусу -13% жана Жалал-Абад облусу -11% [62]. Кыргыз Республикасынын аймактары боюнча орто окуу жайларында окуган студенттердин саны өсүүдө. Студентлардын санынын көбөйүшү орто окуу жайларынын тармагынын аймактарда, борбордо жаңы мамлекеттик жана мамлекеттик эмес окуу жайларды ачууга да байланышкан. Мисалы, Кыргыз кооперация академиясынын Лейлектеги филиалы, Сүлүктү педагогикалык окуу жайы, Кара-Балта экономикалык-укук колледжи, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин атайын орто окуу жайы. № 16 жана № 91 эки орто кесиптик окуу

жайга орто кесиптик билим берүү окуу программалары киргизилген. Кыргыз техникалык университетинде жана "Манас" Кыргыз-Түрк университетинин орто кесиптик билим берүү боюнча структуралык бөлүмдөрүндө орто кесиптик билим берүү окуу программалары өтүлөт. Мындан тышкары 13 университетте орто билим берүү мекемелери бар. Мисалы, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын медициналык орто окуу жайы, ОшМУнун алдындагы Өзгөн медициналык орто окуу жайын, Искусство академиясынын көркөм сүрөт орто окуу жайын айтса болот. Ошондой эле орто окуу жайлар ОМПИде, ОшТУда, Кыргыз-Өзбек университетинде, ЖАГУда, НМУ, ТалМУ, МУК, КАУ, Кыргыз мамлекеттик тоо-кен университетинде ж.б. ушундай жогорку окуу жайларда да ачылган.

Кыргыз Республикасынын борборлоштурулган пландуу экономикадан рынок экономикасына өтүүдөгү татаал шарт, региондордогу орто кесиптик окуу жайлардын алдына өзүн-өзү каржылоо маселесин койду. Окутуунун мазмунуна тез кайтарымдуулукту, аз каражаттарды жана окуу өндүрүштүк жабдууларды көп талап кылбай турган кесиптерге даярдоо башталды. Анткени, аталган кесиптер жумуш менен камсыз кылуучу уюмдардын талабын эске алуу менен өзүн камсыз кылып кете турган кесиптерге даярдоо бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногундагы жайгашуусуна мүмкүнчүлүк түзмөк.

Мындай иш-аракеттер баштапкы кесиптик окуу жайларда айрыкча орун алган. Мисалы, республиканын Ош областында жайгашкан 15 кесиптик окуу жайы сыяктуу региондук орто кесиптик окуу жайлары негизинен сакталып, азыркы экономиканын катаал шартына карабастан, бүгүнкү күндүн талабына ылайыкталган билим берүү аракетинде. Ош областынын кесиптик окуу жайларында өнөр жайына керектүү: электромонтер, тигүүчү жабдуулардын оператору, тигүүчү, куруучу, кеңири профилдеги тракторист-машинист, электрширетүүчү, жыгач уста, сантехник, улуттук буюмдарды жасоочу зергер, эсепчи сыяктуу адистиктер бар. Бул кесиптер Ош шаарында, Өзгөн, Араван, Кара-Суу райондорунун кесиптик окуу жайларында даярдалса, мал чарбасы жана айыл чарбасы өнүккөн Алай, Кара-Кулжа райондорунда айыл чарба өндүрүшүнүн устаты, токойчу, терини, жүндү

сорттоочу, эсепчи адистиктерине даярдоо процесси жүрүүдө. Кеңири тараган кесиптердин катарында ишкананын бухгалтери, улуттук көркөм кол өнөрчүлүгү, уз, саймачы, куракчы, бычмачы, чач тарач сыяктууларды атаганга болот.

Орто кесиптик окуу жайларында жергиликтүү шартты, эмгек рыногунун муктаждыгын эске алуу менен даярдоо зарыл экендиги белгилүү. Биздин мамлекет агрардык болуп саналып, анда өндүрүштүк жактан өнүккөн деп эсептелинген Бишкек, Ош, Токмок шаарларында гана ушул багыттагы иш-аракет орун алганы байкалат. Региондордо эл-жерт негизинен мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен тиричилик кылууда. Бирок, “Мал жана балык чарбачылыгы, табигатты коргоо” адистиги боюнча кадрларды даярдоо, мисалы, беш жыл ичинде 13% гана өскөнү белгиленет [ 85, 80-б.]. Адистердин пикиринде бул жагдай, орто кесиптик окуу жайларындагы кадр даярдоо жергиликтүү шартты, эмгек рыногунун муктаждыгын эске алып, эсеп менен иш жасалбай жатканынан кабар берет. Мисалы, орто кесиптик билим берүү тармагынын абалын изилдеген Б.Исмаиловдун маалыматы ою боюнча, Нарын жана Жалал-Абад областарындагы орто кесиптик окуу жайларда агрономия, зоотехника, ветеринария, жер иштетүү боюнча кесип ээлерин даярдоо ойдогудай эмес [85, 80-б.].

Азыркы мезгилдеги Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн, өнүгүү тенденцияларын, реформалардын негизги багыттарын ачып көрсөтүүдөн мурун, бул тармактын калыптануусуна жана өнүгүүсүнө тарыхый контексте токтоло кетүүбүз абзел. Кыргызстанда орто кесиптик билим берүүнүн тармактары 1920-жылы «Окуу жана кесиптик милдеттер жөнүндө» декретинин негизинде 1920-жылдын экинчи жарымында Түркистанда кесиптик билим берүү комитети түзүлгөндөн баштап башат алат. Комитет кийинки жылдын ичинде ар кандай курстардын тармагын уюштурат. 1923-жылы “Кызыл-Кыя” кенинде фабрика-заводдук студентлук мектептери ачылат. Фабрика-завод студентлук (ФЗО) курстары республиканын кесиптик билим берүү тармагындагы алгачкы окуу жайларынан болуп, аларда 3-4 жылдык программа менен жумушчу кесиптерине даярдалган. Бул программа боюнча 50дөн 80ге чейин адистештирилген жумушчулар өлкөнүн өнөр жай тармактарына даярдалып, жиберилип турган. 1930-жылдарда

ФЗОлор аркылуу жумушчу кадрларын даярдоо сан жагынан гана эмес, адистештирилген жумушчу кадрларын даярдоодогу пландоо боюнча да эл чарбасын, өнөр жайды канааттандырбай калган. 1942-жылы 15-апрелде республиканын өкмөтүнүн токтому менен Эмгек резервдеринин башкармалыгы уюштурулуп, ушул мезгилден тартып, Кыргызстандын орто кесиптик билим берүү тармагынын тарыхында маанилүү мезгил башталат. Өлкөдөгү кырдаалдын татаалдыгына карабастан ушул эле жылы кесиптик билим берүүчү 11 окуу жайы ачылат. Согуш жылдарында өндүрүштө иштеп жатып, фронтко кеткен аскерлердин ордун толтуруу максатында жумушчуларды даярдоо иши кеңири жолго коюлат. Республикада өлкөнүн өнөр жайына керектүү улуттук жумушчу кадрларынын тармагы түзүлөт. XX кылымдын 60-70-жылдарында жумушчу кадрларын мамлекет тарабынан окутуу үчүн көптөгөн каражат бөлүнүп, орто кесиптик билим берүүгө даярдоо жыл сайын кеңейтилип жана өнүктүрүлүп турган. Ар бир кесиптик окуу жайы өндүрүштүк база катарында эсептелип, алар ишканаларга бекитилип, окуу жайынын студентлары өндүрүштүк окуудан, практикадан өтүп турушкан. 1965-1975-жылдарда орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларында жумушчу кадрларын даярдоо жогорулоо менен, окуу жайлардын материалдык базасы чыңдалып, инженер-педагогикалык кадрлардын билим берүүдөгү деңгээли өскөн. Насаатчылык тажрыйбаларын үйрөнүү кеңири жайылтылып, бүтүрүүчүлөрдү өндүрүшкө бекитүү ишке ашырылган. 1965-жылы республикада 40 окуу жайы болсо, 1975-жылы алардын саны 70 ке жеткен. Ал эми шаарларда жайгашкан орто кесиптик окуу жайларынын саны да өскөн. Кесиптик билим берүү тармагынын өнүгүшүнө зор эмгек сиңирген бир катар ишмерлер, инженер-педагогдор өсүп чыккан. Алардын катарында 1977-жылдан бери тармакта иштеген И.К.Касендиев, тармактын республикалык деңгээлдеги методикалык кызматында 30 жылдан ашуун иштеген В.А.Почтманды, окуу китептеринин авторлору Ш.К.Чыныбаевди жана Т.И. Алиевди кошууга болот.

Базар экономикасына өтүү шартындагы орто кесиптик окуу жайлардагы кээ бир проблемалар тууралуу Р.Ш.Айылчиев, А.О.Окишевдин илимий макаласында чагылдырылат [149]. Изилденген мезгил боюнча Б.А.Нурунбетовдун бир катар

илимий эмгектеринде кесиптик адистигине даярдалгандардын маданий-техникалык, адистик жана жалпы билимин жогорулатуунун жолдору; илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүү мүмкүнчүлүгү бул процесстердеги орто кесиптик билим берүүнүн ролу өзгөчө белгиленет [143]. Орто кесиптик билим берүү маселелери тууралуу дагы бир эмгектердин бири А.Т.Токтогуловдун педагогика илими багытындагы диссертациясы болуп саналат. А.Т.Токтогулов кесиптик билим берүүнүн өнүгүшүнө көңүл буруу менен, анын бүгүнкү күндөгү абалы, өнүгүү стратегияларын педагогикалык багытта изилдөөнү максат кылган [180]. Мамлекет тарабынан көп жылдар бою орто кесиптик билим берүү тармагынын окуу жайларынын материалдык базасы чыңдалып, жумушчу кадрларды даярдоонун очогу катары ири камкордук көрүлүп келген. Ошондой болсо дагы, мисалы Б.А.Нурунбетовдун көз карашы боюнча, советтик доордо орто кесиптик билим берүү тармагында кыйынчылыктар кездешкен. “Башкаруунун командалык формасы, экономикадагы теңдемечилик, менчиктен жана бийликтен четтетүү, жумушчу чөйрөсүндөгү негативдүү көрүнүштөрдү күчөткөн” [143]. Окумуштуу Н.Аскаров маалыматында [11], 1991-жылы орто кесиптик окуу жайларын бүтүргөн студентлардын адистиги боюнча, мамлекеттик жолдомо аркылуу өлкөбүздүн өндүрүш ишканаларына, айыл чарбасына түздөн-түз жөнөтүлүп турушу, кесипке ээ болгондордун жумуш орду менен камсыз болушу байкалган. Айрым өндүрүш тармагынын токтоп калгандыгына байланыштуу өндүрүшкө керектүү адистерди даярдоочу көпчүлүк окуу жайларды бириктирүү же жаап салуу маселелери күн тартибине коюлду. Анткени, базалык ишканалардын жергиликтүү кызыкчылыктарды жогору кароосу менен, кесипке даярдоодо аймакташ, тектеш окуу жайларда кесиптердин кайталанма даярдалышы түзүлгөн [6]. Мамлекет тарабынан каржылоо системасынын кыскара башташы, тармактын окуу жайларын бюджеттин эсебинен каржылоону жыл өткөн сайын төмөндөө абалына алып келди. Алсак, А.Т.Токтогуловдун маалыматына таянсак, кесиптик билим берүү сектору үчүн бюджеттик каржылоо ресурстары 1989-жылы 9 пайызды түзсө, 1993-жылы 3,7 пайызга кыскартылган [180].

1990-жылдын аягынан тартып, орто кесиптик билим берүү тармагындагы проблемалардын бири окуу жайларды окутуучу кадрлар менен учурдун талабына ылайык камсыз кылуу маселеси болду. Тармактагы чечүүчү орунга ээ болгон окутуучулардын, устаттардын миграциялык процесстерге учурашы, жергиликтүү окутуучулар эмгек акынын төмөндүгүнөн коммерциялык соода-сатык тармактарына өтүп кетиши кырдаалды курчутту.

Орто кесиптик билим берүүнүн мазмуну түп-тамырынан бери өзгөрдү. Ошону менен бирге орто кесиптик билим берүү окуу жайларында окуу-тарбия процесстерин башкарууну жаңылоо, окуу процессин уюштуруунун активдүү формаларын кеңири колдонууда, окутууда компьютерлештирүүнүн жетишсиздиги орун алгандыгы белгиленди. Бир катар кесиптер боюнча түзүлгөн окуу пландары талапка жооп бербегендиги көрсөтүлүп, ишкерлерди даярдоо негизинен теориялык багытта жүргүзүлгөндүгү, рынок структуралары менен байланыштын жоктугу эскертилди. Мындай шартта республикага теориялык да, турмуштук да даярдыгы бар ишкер адамдар керектигин, практикалык билимдердин негизине туура келген тажрыйбаларды тандап алуу көбүрөөк мааниге ээ болду. Ошондуктан, жаңы экономикалык талап боюнча жумушчу кесиптеринин багытын кайрадан карап чыгуу зарыл болду. Илимий прогноздоонун жетишсиздигинен, республиканын кадрларга болгон талап изилденбегендиктен, кээ бир окуу жайларында жылдар бою кесиптер өзгөртүлбөстөн, бир адистик жетишсиз болсо, экинчиси ашыкча даярдалып келди.

Орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын бүтүрүүчүсүнүн базар экономикалык экономикасынын шартында ишкердик сапатынын калыптанышы үчүн, окуу процессине базар экономикалык экономикасы жана ишкердик менен байланыштуу материалдарды активдүү киргизүү белгиленди. Орто кесиптик билим берүүдө даярдалуучу адистердин мазмунуна жана сапатына мамлекеттик текшерүүнүн формаларын анын стандартына киргизүү, студентлардын билимдерин текшерүүнү өркүндөтүү максатын адистештирилген бүтүрүүчү сынагынын механизм-ин кайрадан жандандыруу каралды.

Ошондой эле предметтик окуу пландарын түзүүдө жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу каралган. Республиканын эл чарбасын квалификациялуу жумушчу кадрлары менен камсыз кылууда техникалык жактан уюштуруу шарттарын түзүү практикалык окутуунун программаларын иштеп чыгуу белгиленди. Ал эми орто кесиптик билим берүү тармагын реформалоодогу үчүнчү багыт бул эрезеге жеткендерди кесипке кайрадан окутуу. Бул тармактын окуу жайларынын алдына төмөнкү милдеттерди коет: - жаңы кесиптерге окутуу боюнча окуу базасын түзүү, инженер-педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу же кайрадан даярдоо; - окуу пландарын жана программаларын, атайын методикаларды кошумча иштеп чыгуу ж.б.

Орто кесиптик билим берүү тармагында реформалардын багыттарын ишке ашыруудагы маанилүү маселелердин бири эмгек рыногун талдоо боюнча окутуу семинарларын, тренингдерин өткөрүү эле. Анткени, технологиянын тез темп менен өнүгүп, ошол эле учурда экономиканын жаңы тармактарынын келечегин аныктоо татаал маселелерден болуп жаткан шартта, эртеңки күндө кандай адистер, кандай кесиптин ээлери керектигин тактоо мурункудан да татаал процесс болгондуктан, эмгек рыногун талдоо боюнча иштердин деңгээлин көтөрүү, мүмкүн болсо каржылоону жакшыртуу маселелери күн тартибинде болду.

Бул багытта Европалык билим берүү фонду тарабынан кадрларды өстүрүү программасы боюнча “Эмгек жөндөмдүүлүгүнүн талабын анализдөө” долбоору иштелип чыгып, долбоор 250,000 евро менен каржыланып, Казахстанда жана Кыргызстанда ишке ашырылып жатат. Долбоорду аткаруу Швециянын жана Түндүк-Батыш Россиянын эксперттеринин жардамы менен жүргүзүлүп, орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларында кесипке даярдалгандар үчүн жумуш берүүчүлөрдүн талабын канааттандырууда так маалымат-тардын зарыл экендиги белгилүү болду. Долбоордун жүрүшүндө окуу жайлар менен жумуш берүүчүлөрдүн ортосунда алгачкы байланыш жөнгө салынды. Жумуш берүүчүлөр жана жумуш менен камсыз кылуу кызматы биргелешип, адистиктердин мүнөзүн орто кесиптик билим берүүдөгү Мамлекеттик стандартка таянуу менен аныкташты.

Билим берүүдөгү стандарттардын мазмунуна, жумуш берүүчүлөрдүн бүгүнкү эмгек рыногунун талабын киргизүү, жумуш берүүчүлөр менен адистештирилген жумушчулардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салууда, алардын адистик жактан сапаттуу даярдалышындагы бир катар жоопкер-чиликти пайда кылды. Стандарттар орто кесиптик билим берүү тармагында кесипке даярдоодогу адистик жөндөмдүүлүккө ээ болушунун мазмунун камтыйт жана сөзсүз түрдө аткарылышын талап кылат. Орто кесиптик билим берүү боюнча стандарттын мазмунуна төмөнкү шарттар эсепке алынат: - эмгек рыногу (адистешкен жумушчу күчүнүн потенциалы); - билим берүү саясаты, социалдык өнөктөр; - экономикалык структура, компаниялардын адистерге карата коюлган талабы; - жалпы, негизги билимине коюлган талаптар; - орто кесиптик билим берүү тармагындагы элдик салттар, коомдор; - билимин жогорулатуунун түрлөрү (жогорку билим берүүнүн деңгээли).

Кыргыз Республикасында орто кесиптик билим берүү Мамлекеттик стандартынын негизги жоболору, орто кесиптик билим берүү боюнча башкармалыгынын коллегиясында бекитилген. Мамлекеттик стандартта орто кесиптик билим берүүдө Швеция, Россия, Германия мамлекеттеринин тажрыйбалары эске алынды. Алсак, окутуу процессине модульдук системаны киргизүү, студентлардын билимин мобилдүү жана ийкемдүү баалоо, билимин, жөндөмдөрүн текшерүүнүн интеграциялык формалары болду. Ушул кабыл алынган стандарттын негизинде окуу процесси жүргүзүлүп жатат. Окутуунун кийинки этаптарында базар экономикалык экономика-сынын шартында орто кесиптик окуу жайлардын материалдык орто базасын пайдалануу менен, продукция өндүрүп чыгаруу аркылуу каражат топтоо көп каналдуу каржылоо тармагын изденүү жолдору иштелип чыга баштады. Мисалы, 1999-жылы орто кесиптик билим берүү башкармалыгы тарабынан каржылоонун бюджеттен сырткары булактарын издөө аркылуу ага 1 75220 сом которушкан. Анын 45 пайызы продукция өндүрүү үчүн көрсөтүлгөн кызматтан, 19 пайызы жумушка жайгаштыруу кызматы менен биргелешип кесипке даярдоодон, 11 пайызы окуу-өндүрүштү айкалыштыруу менен жарандарга көрсөтүлгөн кызматтардан, 25 пайызы акы төлөп окутуудагы түшкөн

каражаттардын эсебинен табылган [143]. 1997-жылдантартып, орто кесиптик билим берүү боюнча башкармалыгы жана жумушка жайгаштыруу кызматы орто кесиптик окуу жайларынын базасында бизнес инкубаторлорун түзүү боюнча жаңы формадагы биргелешкен иштерди жүргүзүшкөн. Бул форма чакан бизнести уюштуруунун жана колдонуунун маанилүү бөлүгү болуу менен, анын негизги максаты эрезеге жеткендерди ишкердикке окутуу, өзүнүн ишин баштаган ишкерлерге каржылоо жагынан жардам көрсөтүү менен чакан ишканалардын калыптанышына практикалык шарт түзүү болуп саналат [143]. Иштелип чыккан атайын долбоор боюнча тажрыйбалуу адистер, эсперттер инкубаторду бизнес дүйнөсү менен тааныштырып, иш жүзүндөгү практикалык консультация-ларды берүү менен, иш долбооруна ылайык уюштуруунун схемасы түзүлөт. Республикадагы өткөөл мезгилдеги күн тартибинен алынбай турган социалдык маселелердин бири бул окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн базар экономикалык экономикасынын шартында эмгек рыногунун өзгөрүшүнүн натыйжасында иш менен камсыз болушунун кыйындашы жана эрезеге жеткендердин жумушсуз калышы багытындагы маселелер болуп эсептелет. Өзгөчө өспүрүмдөрдүн жана жаштардын жумушсуздугу коомдо тагдырын тобокелге салган (группа риска) калктын катарын арбытары да белгилүү. Мына ушул маселелерди чечүү багытында бир нече коммерциялык уюмдар менен катар республикада жумушчу кадрларын кесипке даярдоонун очогу болгон орто кесиптик окуу жайларында акыркы 10 жылдардан бери карай белгилүү деңгээлде иштер жүргүзүлүп келет.

Изилдөөлөр көрсөтүп жаткандай, Кыргыз Республикасында орто кесиптик билим берүүдө эрезеге жеткендерди жана жаштарды кесипке окутуунун андан ары толук кандуу өнүгүшү үчүн атайын мыйзамдык жана нормативдик актыларга таянуу менениш чаралары белгиленген. Негизинен бул жоболордо эрезеге жеткендерди, жумушсуздарды кесипке кайра окутуу шарттары көрсөтүлгөн.

Ошондой эле бул багыттагы изилдөөлөрдүн жүрүшүндө тармактагы окутуучу инженер-педагог, мастерлердин алдындагы милдеттер менен катар кыйынчылык-тардын кездешип жаткандыгы да аныкталган. Орто кесиптик билим берүүнүн

базасында эрезеге жеткендерди кесиптик жөндөмдөргө окутуунун жаңы мазмунун киргизүүдө, окутуунун алдыңкы технологияларына ээ болгон окутуучулар менен камсыз кылуу белгилүү деңгээлдеги каражаттарды талап кылат. Педагогикалык кызматкерлердин айлык акысынын төмөндүгү, окуу-методикалык адабияттарынын жетишсиздиги, өндүрүштүк практикаларды өтүүдө жумушчу орундарынын тартыштыгы багытындагы көйгөйлүү маселелер да кездешет.

Эрезеге жеткендерди кесиптик жөндөмдөргө окутууда, калкты жумуш менен камсыз кылуу кызматынын окутуучу-мастерлеринде психологиялык-педагогикалык билимдердин жетишсиздиги, окутуу мөөнөтүнүн кыскалыгы (3-4 ай мөөнөттө), орто кесиптик билим берүүнүн облустук, шаардык башкармаларында эрезеге жеткендерди окутуу штаттык бирдигине төлөй турган каражаттын тартыштыгы сыяктуу маселелер дагы кыйынчылыктарды түзөт. Жумушсуздарды жана эрезеге жеткендерди окутуу тармактын 105 окуу жайында, Чүй-Токмок өнөр жай техникумунда, ишкерлерди даярдоонун республикалык борборунда 55 кесип боюнча окутулуп, жыл сайын 9 миң эрезеге жеткендер билим алышып, анын ичинен 4,7 миңин жумушсуздар түзгөн [186].

Эл аралык уюмдардын документтеринде да калктын жумушсуз бөлүгүн базар экономикалык экономикасынын шартына ыңгайлуу кесиптерге кайрадан окутуу багытындагы маселелер чагылдырылат. Европалык билим берүү фондунун улуттук байкоо жүргүзүү борборунун отчетторунда атайын изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын беришкен. Анда бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында кесипке кайра даярдоо 150 окуу жайында жүргүзүлсө, анын ичинде орто кесиптик билим берүү тармагындагы окуу жайлардын 90 унда жүргүзүлүп жатат [62]. Орто кесиптик билим берүү тармагында эрезеге жеткендерди окутуудагы талаптардын негизги мазмуну аймактын экономикалык жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен конкреттүү өндүрүштүн талабын, кесипке окутулуп жаткандардын өндүрүштүк тажрыйбасын жеке өзгөчөлүктөрүн, кызыкчылыктарын туура пайдалануу болуп саналат. Ушундай талаптарды эске алуу менен, тармактын окуу жайларында жумушсуз жарандарды кесипке окутуу, кайра даярдоо иштери

системага айланды. Мында курстар, семинарлар 1993-жылдан баштап өткөрүлүп келе жаткандыгын белгилөөгө болот.

Орто кесиптик окуу жайларынын материалдык орто базасын пайдалануу менен эрезеге жеткендерди жана жумушсуздарды негизинен: эсепчи, айдоочу, тигүүчү, чач тарач, ашпозчу, бычмачы, ширетүүчү, компьютер-операторлору, турмуш-тиричиликке керектүү техникаларды оңдоочу, телерадио мастери кесиптерине окутулат. Кыргыз Республикасында калктын эрезеге жеткен жана жумушсуз бөлүгүн кесипке кайра даярдоо багытында мамлекеттик саясат иштелип чыгып жаткан шартта, кесипке даярдоодогу окуу жайлардын тажрыйбасы жагынан орто кесиптик окуу жайлардын материалдык орто базасы артыкчылыкка ээ. Анткени, орто кесиптик окуу жайларынын базасында кесипке кайра даярдоо боюнча бир эле учурда 40 миң жумушсузду кесиптик даярдоо курстарынан өткөрүү мүмкүнчүлүгү жетишет. Ушуга байланыштуу бул тармактын окуу жайларында эрезеге жеткендерди жана жумушсуздарды даярдоонун динамикасы өсүп жатат. Жумушсуздарды кесипке кайра даярдоо боюнча атайын блоктук-модулдук система иштелип чыгып, анда эрезеге жеткендердин жаштарга караганда белгилүү кесипти өздөштүрүүгө болгон умтулуулары, жекече өзгөчөлүктөрү эске алынды.

1993-2001-жылга чейин жумушсуз калктын катмарын кесипке кайра даярдоодон өткөрүүдө мамлекет тарабынан колдоого алынып, каражат бөлүнүшүнүн эсебинен алардын саны 1991-1995-жылдарда туруктуулукка жетишсе, 1997-жылдан баштап бул көрсөткүч жогорку өсүшкө ээ болгон эмес. 1995-2020-жылдардын көрсөткүчү боюнча кесипке кайра окутууда, эрезеге жеткендердин арасында реалдуу түрдө жумуш менен камсыз кылуу процессинин башталгандыгын байкоого болот. Эгерде кесипке кайра даярдоодо окутуунун максаты эмгек рыногу үчүн суроо талаптардын тең салмактуулугун сактоо болсо, анда окутуунун мазмуну эмгек рыногу тарабынан коюлган талапка жооп берет. Мындай маселени чечүүнүн ийгилиги үч тараптуу келишимдердин чегинде жүргүзүлгөн иштерден көз каранды. Алар: Орто кесиптик окуу жайлары, жумуш берүүчү уюмдар, мекемелер жана калкты иш менен камсыз кылуунун мамлекеттик департаменти. Республиканын калкын иш менен камсыз кылуунун мамлекеттик департаменти

мындан 30 жылдан ашуун убакыт мурда, биринчи эмгекке орноштуруу бюросу катары уюштурулуп, жумуш ордун алмаштыруу, ылайыктуу кызмат ордун табуу максатында кайрылгандардын маселесин жөнгө салуу үчүн маанилүү жумушчу күчтөрүн республиканын эл чарбасынын ишканаларына, курулуштарына бөлүштүрүүдө жана бекитүүдө жаштар менен иштеп келген. Республиканын базар экономикалык экономикасына өтүү шартында анын функциясы да өзгөрдү. Жаңы мүнөзгө ээ болгон жумушка жайгаштыруу кызматынын официалдуу түзүлүшүнүн датасы өкмөттүн 21-январь 1991-жыл “Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндөгү” токтомунун жарыялангандыгы менен аныкталып, анын алдына бир катар мазмундагы иштер коюлган [157]. Токтомго ылайык Калкты иш менен камсыз кылуунун Мамлекеттик департаменти деп аталды. Бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногуна жайгашуусуна мүмкүнчүлүк берген адистерди даярдоодо, билим берүүчү окуу жайдын укугун аныктоодо, алардын алган ордун төмөнкү багыттагы көрсөткүчтөрдүн негизинде баалоого болот. Бул көрсөткүчтөргө кесипке окутууну мүнөздөгөн лицензия-лардын болушу, окутуунун жогорку деңгээлин камсыз кылуудагы материалдык орто база, билим берүү процессиндеги жогорку натыйжалуулук, даярдоонун жалпы сапатын көтөрүү, окууну бүтүргөндөрдүн жаңы жумуш орундарына тез аранын ичинде ыңгайланып орношу кирет.

Республиканын региондорундагы жумушсуздарга консультацияларды берүү, орто кесиптик билим берүү иштерин координациялоо, башкаруунун методологиясын иштеп чыгуу, билим берүү кызматы жана эмгек рыногун изилдөө иштерин жакшыртуу багытындагы иш чаралардын системалуу жүргүзүлбөгөндүгү тууралуу тармакка тиешелүү басма сөз беттеринде маалыматтардын сейрек кездешкендигин байкоого болот. Ошондуктан, социологиялык-психологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү менен катар кесипти тандап алгандарга консультацияларды жана психологиялык жардамдарды көрсөтүү, жумушсуздарды кесипке окутууга багыттоодо жана эмгек рыногуна жайгаштырууда методологиялык жардам берүүчү эксперттердин квалификациясын жогорулатуу зарыл. Ошондой эле орто кесиптик билим берүү тармагындагы окуу жайлардын типтерине жана окутуу формасына, аймактык жайгашуусуна карабастан, даярдалып жаткан кесиптердин

эмгек рыногунун талабына ылайык талдоо жүргүзүү, маалыматтарды кеңейтүү керектиги келип чыкты. Орто кесиптик билим берүү тармагында окутуунун формасынын толук келишимдик негизге өтүүгө мүмкүн эместигинбелгилеп кетүүгө болот. Жумушсуздук проблемасы кайсы мезгилде болбосун өзгөчө социалдык мааниге ээ болгон маселелерден болуп эсептелет.

2000-жылга республикада 60 миңге жакын жумушсуздар катталган. Ал эми кичи жана орто бизнес жаңыдан калыптанып жатат. Ушундай шартта эмгек рыногунда орто кесиптик окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү ийкемдүүлүк жана мобилдүүлүк жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болуу аркылуу эмгек рыногунда өз ордун таап кетишүүдө. Бул маалыматтар орто кесиптик билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн базар экономикалык экономикасынын шартында эмгек рыногуна жайгашып кетүү мүмкүнчүлүгү бар экендиги айгинеленип турат. Базар экономикалык экономикасынын шартында аялдардын жумуш менен камсыз болушу да маанилүү маселе. Улуттук эсептөө агентствосунун маалыматы боюнча 1998-жылдын 1-январына жумушка жарактуу республиканын калкынын жарымын аялдар түзсө, алардын ичинен шаар калкынын жашоочулары 50,4 пайыз, айыл аймагында жашоочулар 48 пайызды көрсөтөт. Өзгөчө, көптөгөн өнөр жай ишканаларынын жабылып калышы менен пенсия курагына жакындаган жаштагы аялдардын андан ары жумуш таап кетиши кыйындады.

Кийинки учурда орто кесиптик билим берүү тармагындагы программанын багыттарын ишке ашырууда аялдарды кесипке окутуу жана кайра даярдоо боюнча окуу жайлардын базасында бизнес-инкубаторлорду түзүү менен мүнөзү боюнча аялдарга ылайыктуу кесиптердин модулдарын иштеп чыгуу чаралары көрүлгөн.

Аялдарды кесипке даярдоонун атайын борборлору ачылып, элдик кол өнөрчүлүктүн-сайма, курак, уз колдор сыяктуу кесиптин түрлөрүнө даярдалган. Жер которуу же миграция процессине дуушар болгон жарандарды орто кесиптик билим берүү тармагынын окуу жайларынын базасында кесипке окутуу, Бишкектеги миграциялык процесстерди жөнгө салуу борбору аркылуу жүргүзүлдү. Борбор миграция процессин жөнгө салууда демилге көтөргөн коомдук жана өкмөттүк уюмдардын өкүлдөрүн семинарларга тартуу аркылуу иштейт.

Орто кесиптик билим берүү тармагында майыптарды окутуу, аларга орто жана кесиптик билим берүү көптөгөн каражатты, күчтү талап кылары белгилүү. Алардын жумуш менен камсыз болушуна да аярлык мамиле керек. Орто кесиптик билим берүү окуу жайларында окуу-тарбия процессинин мазмунун реформалоонун жүрүшүндө ийгиликтер менен катар кемчиликтер да кездешүүдө. Алып айтсак, көпчүлүк окуу жайларда окутуунун эски методдору сакталып калгандыгы кездешет. Изилденип жаткан мезгилде, орто кесиптик билим берүү тармагында жүргүзүлүп жаткан реформанын милдеттери, айрым кесиптердин базар экономикалык экономикасынын шартында кайтарымсыздыгы, кээ бир кесиптерге болгон кызыгуунун төмөндөп кетиши байкалды. Эмгек жазылып жаткан алкактагы квалификациясы жогору Орто кесиптик билим берүү тармагын билген адистерди айтпай кетүүгө болбойт. Кийинки мезгилдерде орто кесиптик билим берүү тармагынын окуу жайларынын админстрациясы эмгек рыногунун талабын эске алуу менен кесиптерге даярдоого өзгөртүүлөрдү кабыл алды жана ушул багыттагы ишмердүүлүктүн жаңы этабы учурдагы инновациялык маалымат технологиялары менен тыгыз байланышкан десек жаңылышпайбыз.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн шарттарга ылайык, орто кесиптик билим берүүнү реформалоону негизинен үч багытта жүргүзүү зарылчылыгы көрсөтүлдү. Ал эми негизгиси орто кесиптик билим берүүнүн мазмунун реформалоо болду. Республикада кадрларды даярдоодо мамлекеттик стандарттарды түзүү, анын ичинде окуу программаларынын мазмунун кайрадан карап чыгуу, материалдык-өндүрүштүк базасын өнүктүрүү, окуу-тарбия процессин башкаруу системасынын эмгек рыногунун талабына карата ийкемдүүлүгүн сактоо.

Орто кесиптик билим берүүдө даярдала турган кесиптердин тизмесин кезеги менен карап чыгуу аркылуу жаңыртып туруу жана орто кесиптик билим берүүнүн мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында адистерди даярдоо аркылуу гана чектелбестен, аны башкаруу тармагында кызматчыларды даярдоо багытын киргизүү каралды. Бул багыттагы прогноздоо, пландоо иштери орто кесиптик билим берүү тармагында системалуулук менен жүргүзүлүп жатат. Орто кесиптик билим берүүдөгү адистердин эмгек рыногундагы атаандаштыкка туруктуулугун, тезинен

өзгөрүлүп жаткан дүйнөдөгү жаңы технологиялык процесстерге даярдыгын жогорулатууда окуу пландарына чет өлкөлөрдүн тажрыйбаларын, жаңы технологиянын жетишкендиктерин колдонуу талап кылынууда. Орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын бүтүрүүчүсүнүн рынок экономикасынын шартында ишкердик сапатынын калыптанышы үчүн, окуу процессине рынок экономикасы жана ишкердик менен байланыштуу материалдарды активдүү киргизүү белгиленди. Орто кесиптик билим берүүдө даярдалуучу адистердин мазмунуна жана сапатына мамлекеттик текшерүүнүн формаларын анын стандартына киргизүү, студентлардын билимдерин текшерүүнү өркүндөтүү максатын адистештирилген бүтүрүүчү сынагынын механизмин кайрадан жандандыруу каралууда. Ошондой эле предметтик окуу пландарын түзүүдө жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу, республиканын чарбасын квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылууда техникалык жактан уюштуруу шарттарын түзүү практикалык окутуунун сапаттуу программаларын иштеп чыгуу белгиленип келет. Орто кесиптик билим берүүнү реформалоодогу экинчи багыт бул - окутуунун технологиясын модернизациялоо эле. Ал төмөндөгүдөй багыттарга маани берилүү менен көрсөтүлөт: окуу процессине жаңы технологияларды киргизүү; окутуучулардын чыгармачыл ишмердүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү; жаңы педагогикалык жана тарбия берүүчү технологиялар менен байланышкан эксперименттерди колдоо, иш долбоорлорду өнүктүрүү. Орто кесиптик билим берүү тармагын реформалоодогу үчүнчү багыт - кесипке кайрадан окутуу. Бул тармактын окуу жайларынын алдына төмөнкү милдеттерди коет: жаңы кесиптерге окутуу боюнча окуу базасын түзүү, инженер-педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу же кайрадан даярдоо; окуу пландарын жана программаларын, атайын методикаларды кошумча иштеп чыгуу. Окуу процессине жаңы кесиптерди киргизүүдө, ага байланыштуу сабактардын багытын аныктоодо Мамлекеттик стандартка ылайык окуу пландарын иштеп чыгуу бирден-бир орчундуу маселелерден болуп калды. Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларынын кайчылаш абалдан чыгууда жаралган алгачкы ийгиликтеринде тармактын окуу жайларынын типтеринин өзгөрүү процесси байкалды. Бул иштер акырындап жолго коюлгандан

кийинки жети жылда билим берүү министрлигинен атайын лицензия укугун алып иштей баштаган колледждердин саны арбыды.

Кесипке кайрадан окутууда окуу программаларын жана пландарын кошумча иштеп чыгуудагы атайын методиканы педагогикалык кызматкерлердин кайра даярдыктарын жаңы кесиптер боюнча окуу базасын түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Билим берүүдөгү стандарттардын мазмунуна, жумуш берүүчүлөрдүн бүгүнкү эмгек рыногунун талабын киргизүү, жумуш берүүчүлөр менен даярдалган адистердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салууда, алардын адистик жактан сапаттуу даярдалышындагы бир катар жоопкерчиликти пайда кылды. Стандарттар орто кесиптик билим берүү тармагында кесипке даярдоодогу адистик жөндөмдүүлүккө ээ болушунун мазмунун камтыйт жана сөзсүз түрдө аткарылышын талап кылат. Окуу жайларында эмгек рыногун изилдөөдө жана баалоодо мобилдүүлүктүн жана ийкемдүүлүктүн жетишсиздиги байкалат. Мисалы, окуу жайлардын жетекчиликтери бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болушу тууралуу маселелерге кайдыгер караган учурлар кездешет. Объективдүү жана субъективдүү себептердин натыйжасында окуу жайларды мезгилдин талабына ылайык жаңыртууга алган багыттагы иштердин абалынын солгундугу көңүлдү бурат. Ошондой болсо дагы орто кесиптик билим берүүдө, окутуунун сапатын жогорулатууда, эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере турган кесип ээлерин даярдоодо биргелешкен текшерүүнүн түрлөрү боюнча атайын критерийлер иштелип чыккан. Ал бир нече этапты камтыды: Орто кесиптик билим берүүгө кирип жаткандагы текшерүү; анкеталарды, сынактарды жүргүзүү менен, окуу жайынын өндүрүштүк базасынын абалын, окуу пландарынын, программасынын, лицензиясынын талапка жооп бере тургандыгын текшерүү; окуу процесси жүрүп жаткан мезгилдеги семестр аралык текшерүү; угуучулардын сабакка катышуусун, окуу пландарынын, программаларынын аткарылышын, окутуучулар жана өндүрүш устаттары менен аңгемелешүү аркылуу текшерүү; окуу жайларындагы педагогикалык кеңештин заседаниелерине, аттестацияларына катышуу; бүтүрүп чыгып жаткандагы студентларды индивидуалдык, группалык текшерүү; адистин экзамендик комиссияларга бүтүргөндүгү тууралуу, бүтүрүүчү курстардан анкеталар

аркылуу текшерүү. Орто кесиптик билим берүү бүгүнкү күндүн шартына карата педагогикалык инновациялык технологияларды, компьютерлерди колдонууну ишке ашырууну талап кылат. Мындай иштер жаңы типтеги колледждерде ишке ашырылууда. Республикалык илимий-методикалык борбордо, орто кесиптик билим берүү тармагындагы окуу жайларында кесипке даярдоонун окуу-материалдык абалын окуп үйрөнүү анализдөө жана өркүндөтүүгө тиешелүү сунуштар берилип турат. Бирок, оро кесиптик билим берүу тармагынын деңгээлин, азыркы абалын баалоодо маселе курч экенин расмий документтер көрсөтүп турат.

Мисалы, 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасында орто кесиптик билим берүү системасынын, анын ичинде территориалдык жактан балансы камсыз кылынбаганы каралат колледждердин көп бөлүгү - шаарларда (96%). Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын бир катар облустарындагы кесиптик лицейлер тарабынан берилүүчү кесиптердин ушул эле региондун колледждери тарабынан берилүүчү кесиптер менен байланышы жок, ошондон улам өз адистиги боюнча кийинки баскычта билим алууну улантуу үчүн лицейлердин бүтүрүүчүлөрү көчүп кетүүгө же адистигин/специализациясын алмаштырууга мажбур болууда, - деп белгиленет [246, 3-пункт]. Ошондой эле, ушул эле документте, иш берүүчүлөр менен болгон начар байланыш да кесиптик лицейлердин жана колледждердин деңгээлинде берилүүчү программалардын санынын жана мазмунунун эмгек рыногунун түзүмүнө ылайык келбешине алып келет. Мисалы, Кыргыз Республикасынын экономикалык активдүү калкынын 50% айыл чарба тармагында жеке ишкердик менен алектенсе да, бир нече колледж гана калктын бул конкреттүү сегменти үчүн багытталган программаларды сунуштайт. Кесиптик лицейлердин жана колледждердин көптөгөн билим берүүчү программаларындагы теориялык материал практикалык компетенттүүлүктөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгүнө үстөмдүк кылат; региондук өлчөөдө эмгек рыногу боюнча божомолдоочу изилдөөлөрдү жүргүзүү куралынын жана методологиянын жоктугу. Экономиканын туруктуу эмес болгондугуна байланыштуу экономиканын кадрларга болгон муктаждыгынын узак мөөнөттү божомолу жок, ал даярдалган кадрлардын санын жана аларды окутуунун натыйжаларын бүгүнкү эмгек рыногунун талаптары

менен салыштырууга мүмкүндүк бербейт; башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында ресурстардын жетишсиздиги. Ресурстардын көп бөлүгү социалдык жардам берүүгө жана системанын инфраструктарасын колдоо үчүн жумшалат да, түздөн-түз билим берүү процессине жана анын материалдык-техникалык камсыздалышына чектелген каражаттар калат, бул билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасынын эскириши сыяктуу орчундуу көйгөйлөргө алып келет. Эскилиги жеткен жабдуулар менен иш алып баруу бир катар кесиптердин бүтүрүүчүлөрүнө эмгек рыногунда зарыл болгон кесиптик көмпетенттүүлүктөргө ээ болууга мүмкүндүк бербейт, ошондон улам бул жумушсуздукка же жеке каражаттардын эсебинен же иш берүүчүлөрдүн эсебинен кайра даярдоодон өтүүгө алып келет; квалификациялуу педагогикалык кадрлардын/өндүрүштүк окутуу мастерлеринин жетишсиздиги квалификациялуу педагогикалык курамдын физикалык улгайышы менен, окутуучулар жана өндүрүштүк окутуу мастерлери үчүн квалификацияны жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелиши жана көптөгөн педагогдордо/өндүрүштүк окутуу мастерлеринде азыркы күндө ишканаларда орнотулган заманбап жабдууларда иш алып баруу тажрыйбасынын жоктугу менен байланышкан; натыйжасыз башкаруу, анткени көптөгөн кесиптик окуу жайлардын администрациясы пландоо тармагындагы заманбап башкаруу көндүмдөрүнө ээ эмес. Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдары эмгек рыногунун өзгөрүүлөрүнө чыгармачыл жана ийкемдүү таасирденүү үчүн жетишээрлик башкаруу автономиясына ээ эмес, - деп белгиленет 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасында [246, 3 пункт]. Орто кесиптик окуу жайларында билим алуу укугу, республиканын негизги мыйзамына негизделүү менен «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын чегинде ишке ашырылууга тийиш. Мамлекет орто кесиптик билим берүүдө, белгилүү өлчөмдө мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржылоону, студентларга социалдык шарттарды түзүп берүүнү, белгилүү деңгээлде жатакана жана стипендия, жол кирелериндеги жеңилдиктер менен камсыз кылууну, окуу-өндүрүштүк комплекстерин түзүүгө көмөк көрсөтүү сыяктуу камкордуктарды көрүү кепилдиги белгиленген. 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган Билим берүү

жөнүндө Мыйзамдагы 31-берене “Орто кесиптик билим берүү” деп аталат. Анда: 1. Орто кесиптик билим берүү негизги жалпы, орто жалпы же кесиптик башталгыч билим берүүнүн базасында орто звенонун адистерин даярдоого жана кайра даярдоого багытталган. 2. Орто кесиптик билим берүүнүн программалары боюнча окууну аяктаган адамдарга квалификациялардын улуттук системасына ылайык тиешелүү адистик боюнча квалификация ыйгарылат. 3. Орто кесиптик билим берүү программалары орто кесиптик жана кесиптик жогорку билим берүү уюмдары тарабынан ишке ашырылат. 4. Орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын жогорулатууга, орто кесиптик билим берүү уюмдарына бөлүнүүчү бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдаланууга, орто кесиптик билим берүүнүн кесиптик стандарттарын иштеп чыгууга жана ишке киргизүүгө багытталган. 5. Орто кесиптик билим берүүнүн багыттарынын жана адистиктеринин тизмеги, билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөттөрү, аларды ишке ашыруунун формасы жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат. 6. Тиешелүү профилдеги кесиптик башталгыч билими бар адамдар мурунку билим берүүнүн жана окутуунун натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча орто кесиптик билим алууга укуктуу. 7. Негизги жана орто жалпы билим берүүнүн базасында орто кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуу жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Жалпы республикалык тестирлөө билим берүү жаатында көз карандысыз баалоого адистешкен өкмөттүк эмес, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан тестирлөө методдорун пайдалануу менен өткөрүлөт. Орто кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуу үчүн жалпы республикалык тестирлөөнүн босого баллдары жыл сайын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет. Мыйзамда көрсөтүлгөн кээ бир багыттар боюнча мурда эле натыйжалуу механизмди түзүү максатында чет мамлекеттердин тажрыйбасы колдонулуп, ар кандай иш чараларды турмушка ашырууган багытталган иштер башталган. Ошондой жаңы кабыл алынган мыйзамда бюджеттен тышкары булак катары өндүрүштүк иштерден (анын ичинде интеллектуалдык эмгекти

пайдалануудан), акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүдөн, демөөрчүлөрдүн жардамынан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган булактардан келип түшкөн кирешелерди билим берүүнүн кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга укуктар кеңейтилген. Бул багытта бүгүнкү күндө чет элдик өнөктөр менен, алардын инвестициялык каражаттарын тартуу максатында пайдаланылууда чоң шарттар түзүлгөн. Бул мыйзамдын кабыл алынышы менен тармак үчүн укук-нормативдик документтердин жоболордун, иштелип чыгышына шарт түздү [276]. Ушул максатта семинарлар, көргөзмөлөр, конференциялар, педагогикалык окуулар, конкурстар өткөрүлдү. Жыйынтыгында документтер иштелип чыгат, сунуштар берилди.

Окуу пландарын иштеп чыгууда, дүйнөлүк практикага кирген чет элдик тажрыйбаларды пайдалануу, орто кесиптик билим берүүдөгү ишкердиктин бардык багыттарында квалификациясын жогорулатуу курстарын уюштуруу жана өткөрүү, маалымат берүү кызматын көрсөтүү, илимий-методикалык борбордо стандарттарды иштеп чыгуу боюнча атайын лаборатория болушу зарыл. Жогоруда каралган концептуалдык багыттарды, нормативдик актыларды талдоону корутундулап, маалыматтарды жалпылап айта турган болсок, анда орто кесиптик билим берүү жөнүндө мыйзамдын кабыл алынышы мамлекеттик деңгээлде анын статусун көтөрүү менен, окуу жайларда кесипке окутууда, кайра даярдоодо, адистигин жогорулатууда укуктарын камсыз кылууга окуу-тарбия процессин башкаруудагы, атайын окуу өндүрүштүк түзүлүштөрдүн субъектилеринин ишин жөнгө салуудагы маанилүү акт болуп калганын белгилөөгө болот.

Ошондой эле, орто кесиптик билим берүүдөгү республиканын экономикалык шартына байланыштуу структуралык өзгөрүүлөрдүн жүрүшү анын өнүгүшүндөгү стратегиялык багыттардын мазмунун өзгөрттү. Орто кесиптик билим берүү тармагынын окуу жайларында жаңыланган окуу-тарбия процессин башкаруудагы ишмердүүлүк, жаңы талапка жооп берүү иш-аракеттери аркылуу бир катар социалдык мобилдүүлүк багытындагы маселелер чечилди. Орто кесиптик билим берүү тармагындагы реформалардын багыттарын ишке ашырууда, орто кесиптик билим берүү боюнча башуу мекемелери координациялоочу, уюштуруучу, жаңытантуучу иш алып барууда. Республикалык илимий-методикалык борбор,

өзүнүн лабораториясы менен биргелешип, орто кесиптик билим берүүдөгү стандарттарды, ж.б. документтерди иштеп чыгуу аркеттерин көрүүдө. Мындай өзгөрүүлөр орто кесиптик окуу жайларда окуу-тарбия процессин башкарууда жаңылантууну, жаңы концептуалдык багыттарды киргизүүнү талап кылууда. Анын негиздери, багыттары, башкы түшүнүктөрү, маселени изилдеген окумуштуулардын эмгектери, мыйзамдык актылар сыяктуу өңүттөрү (аспектилери) параграфтын жогорку бөлүгүндө каралып, талданды.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, орто кесиптик билим берүүнүн калыптанышынын жана өнүгүшүн ретроспективалык анализге алып, өткөөл мезгилдеги кризистик абалга дуушар болгондугунун обьективдүү жана субьективдүү себептерин изилдөөдө төмөндөгү **корутунду** пикирге келдик.

-

- Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык чөйрөсүн камтыган кризистик кырдаал Орто кесиптик билим берүүгө да таасирин тийгизди. Завод-фабрикалардын жабылышы, колхоз-совхоздордун таратылышы, жумушсуздук, миграциялык процесстер, республикадагы кесипке даярдоонун мазмунун кескин түрдө өзгөрттү. орто кесиптик билим берүүнү мамлекет тарабынан каржылоонун кыскарышы менен, аны жергиликтүү регионалдык бюджетке котоpуу шартында, орто кесиптик билим берүү тармагындагы инженер-окутуучулардын билимин жогорулатуу жана жаңы өндүрүш технологияларын киргизүү зарылчылыгы келип чыкты.

- Орто кесиптик билим берүү тармагын кризистик кырдаалдан алып чыгуунун жолдорунун бири катарында укуктук-мыйзамдык базаны түзүү боюнча реформалар жүргүзүлдү. Коомдук системадагы терең өзгөрүүлөр региондордогу Орто кесиптик окуу жайлардын алдына өзүн-өзү каржылоо маселесин койду. Окутуунун мазмунуна тез кайтарымдуулукту, аз каражаттарды жана окуу өндүрүштүк жабдууларды көп талап кылбай турган кесиптерге даярдоо башталды. Инновациялык технологияларды, педагогикалык алдыңкы тажрыйбаларды, орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-өндүрүш иштерин интеграциялоо, азыркы

мезгилдеги экономикалык мамилелерге студентларды тартуу аркылуу жумушчу кадрларынын сапатын жогорулатуу тууралуу маселелер көтөрүлдү.

- Орто кесиптик билим берүүнүн окуу жайларынын ар тараптуулугун, жеке секторун өнүктүрүүнү камсыз кылуу жана орто кесиптик билим берүү системасында атаандаштык чөйрөнү түзүү максатында жасалып жаткан ар тараптуу координациялык, көмөктөшүү, көзөмөлдөө, пландоо, укуктук-нормативдик ишмердүүлүк орто кесиптик билим берүүнүн өнүктүрүү үчүн шарттарды жакшыртууга багытталышы зарыл.

- Жалпы, башталгыч кесиптик, орто кесиптик жана жогорку билим берүүнү интеграциялоо, эл арлык билим берүү системасынын талаптарына жооп берүү иштери аркылуу калыптанып жаткан үзгүлтүксүз көп баскычтуу кесиптик билим берүү кесип алуу жана инсандык жактан калыптануу иштеринин жогорку деңгээлин камсыз кылган окуу-тарбия ишмердүүлүгүнүн негизинде ишке ашат.

## 1.3. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялоо процессин башкарууда компьютердик жана маалыматтык каражаттарды колдонуу

Кыргызстанда билим берүүнү модернизациялоонун шартында билим берүү окуу жайларынын административдик жана башкаруучу кызматкерлеринин маанилүү милдети болуп билим берүү саясатынын жаңы приоритеттерин ишке ашырууну камсыз кылуу, окутуучуларга алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн жардам берүү, профессионалдык ишмердүүлүктүн жогорку деңгээлин, инновациялык процесстерди киргизүү ж.б. багыттар каралууда. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялоо процессин натыйжалуу башкаруунун жолдорун, өзгөчөлүктөрүн аныктоо, сунуштарды, инструкцияларды иштеп чыгуу жана аларды ишке киргизүү өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Орто кесиптик билим берүү системасы коомдун экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүсүндө маанилүү роль ойнойт. Бул система аркылуу жаштар кесиптик билим алып, коомго өз салымын кошууга даярданат. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялоо процессин башкаруу адистерди даярдоодо сапатты камсыз кылуу үчүн өзгөчө мааниге ээ. Жогоруда белгиленип

кеткендей эле, орто кесиптик билим берүү системасынын негизги максаты – коомдун талаптарына жооп берген, кесиптик жана жалпы билимдерге ээ болгон адистерди даярдоо болуп саналат. Орто кесиптик билим берүү жайларында окуу-тарбиялоо процессин башкарууда төмөнкү милдеттерди чечүү керек: - студентлардын кесиптик жана жеке өнүгүүсүн камсыз кылуу; - окуу программаларын заманбап талаптарга ылайык уюштуруу; - практикалык жана теориялык билимдерди тең салмактуу өткөрүү; - студентлардын таалим-тарбиясын жана мотивациясын жогорулатуу.

Бул параграфта орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялоо процессин башкаруунун негизги өзгөчөлүктөрү каралып, анын мааниси жана көйгөйлөрү талкууланат. Эгер азыркы орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбиялоо процессин натыйжалуу башкаруунун өзгөчөлүктөрүн эң жалпы мүнөздө карай турган болсок, анда төмөнкүлөргө тотолууга болот. Мындай өзгөчөлүктөр, принциптер окуу-тарбия иштерин башкарууда кандайча пайдаланышы зарыл, - деген суроо коюлса, албетте, алар өнүгүү процесстерине жооп бере тургандай негизде гана өз милдеттерин аткара алат десек болот. Себеби, азыркы заманда өнүктүрүүнүн бир гана жолу басымдуулук кылууда – ал инновациялык процесс аркылуу, башкача айтканда, жаңылануу, өнүгүп-өсүүгө алып келүүчү инновациялык чыгармачылык (ойлоп табуу, түзүү, долбоорлоо ж.б.) процесси аркылуу өнүгүү [9, 60-б.].

Ал эми, орто кесиптик билим берүү жайларындагы окуу-тарбиялоо процессин башкаруунун өзгөчөлүктөрүнө төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот. Биринчиден, орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялоо процессин башкарууда кесиптик багыттуулук эске алыныш зарыл. Орто кесиптик билим берүү жайларында окуу процесси кесиптик даярдыкка багытталган. Студентлар теориялык билим менен бирге практикалык көндүмдөрдү да өздөштүрүүгө тийиш. Орто кесиптик билим берүү жайларындагы менеджмент сөзсүз ушул өзгөчөлүктү да эсепке алышы зарыл [4, б.35]. Орто кесиптик билим берүү системасы өлкөнүн экономикасы үчүн квалификациялуу жумушчу кадрларды жана орто звенодогу адистерди даярдоодо маанилүү ролду ойнойт. Орто кесиптик

билим берүүчү окуу жайларындагы окуу процессин кесиптик багытта уюштуруу - бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногунда ийгиликтүү адаптацияланышынын жана кесиптик ишмердүүлүгүндө өз ордун табуусунун негизги шарты.

Кесиптик даярдыкка багытталган окуу процесси катары - студенттердин келечектеги кесибине багытталган теориялык билимдерди, практикалык көндүмдөрдү жана ишкердикке ээ болуучу тажрыйбаны өздөштүрүүсүн камсыз кылуу болуп саналат. Бул процесстин негизги максаттары: - студентлардын кесиптик компетенттүүлүгүн өркүндөтүү; - ишкердиктин талаптарына жооп берген адистерди даярдоо; студентлардын ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу; - коомдун экономикалык өнүгүүсүнө салым кошуу жана башка ушул сыяктуу багыттарды атасак болот. Ал эми, орто кесиптик билим берүү жайларындагы кесиптик даярдыкка багыттоонун педагогикалык өзгөчөлүктөрү болуп практикага басым жасоо, окуу процессинде теория менен практиканы айкалыштырып, студентлардын чыныгы иш шарттарына даяр болушун камсыз кылуу саналат. Студенттер кесиптик көндүмдөрдү өздөштүрүү менен бирге, ишкердик мамилелерди, командада иштөөнү жана маселелерди чечүүнү үйрөнү зарыл. Студенттердин жеке өзгөчөлүктөрүн, кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу, ошону менен катар эле, окуу процессинде информатикалык технологиялар, виртуалдык лабораториялар жана онлайн ресурстар кеңири колдонулушу азыркы талапка ылайык.Учурда орто кесиптик билим берүү жайларында окуу процессин кесиптик даярдыкка багыттоодо кээ бир окуу программалары заманбап талаптарга жооп бербей, студентлардын келечектеги ишкердикке даярдыгынын сапатын начарлатууда. Мындай абал студенттерге окуу процесси учурунда чыныгы иш шарттарына ылайыкташкан тажрыйба топтоодо мүмкүнчүлүгүн азайтат. Ошондой эле, кээ бир мугалимдер заманбап маалыматтык техника, технологияларды жана окутуу ыкмаларын жакшы билишпейт. Дагы бир көйгөй, окуу жайларында заманбап лабораториялар, окуу куралдары жана техникалык жабдуулар жетишсиз болууда жана студенттердин  мотивациясынын төмөн. Орто кесиптик билим берүү жайларында окуу процессин кесиптик даярдыкты жакшыртуу үчүн жаңы окуу

программаларын иштеп чыгуу жана аларды ишкердиктин талаптарына ылайыкташтыруу; практикалык сабактардын санын көбөйтүү; кесиптик стандарттарды жана компетенттүүлүктөрдү эске алуу; студенттердин ишканаларда стажировка өтүүсүн уюштуруу; орто окуу жайларында чыныгы иш шарттарын түзүү (мисалы, окуу ишканалары); окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу жана аларды үзгүлтүксүз билим берүү жана кайра даярдоо программалары аркылуу даярдоо; инновациялык окутуу ыкмаларын жана технологияларын үйрөтүү; материалдык-техникалык базаны өркүндөтүү, жаңы лабораториялар, компьютердик техника жана окуу куралдары менен камсыз кылуу; виртуалдык жана симуляциялык технологияларды колдонуу; субъектердин мотивациясын жогорулатуу, кесиптик кызыкчылыкты арттыруу үчүн ар түрдүү конкурстар, олимпиадалар жана долбоорлорду уюштуруу; студенттердин ийгиликтерин жана кесиптик жетишкендиктерин белгилөө, студенттердин ишканалар менен байланышын түзүү; кесиптик даярдыкты ишкер, практикалык тажырыйбасы бар кеңешчилеринин катышуусу менен уюштуруу сыяктуу чаралар сөзсүз ишке ашырылышы зарыл [173, 62-б.].

Орто кесиптик окуу жайларында окуу процессин кесиптик даярдыкка багыттоо үчүн төмөнкү багыттарды эске алуу зарылдыгы бар: - дистанциялык окутуунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. маалымат технологияларын колдонуу менен кесиптик билим алуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүн түзүү; - кесиптик стандарттарды өнүктүрүү, окуу программаларын эл аралык стандарттарга ылайыкташтыруу, окуу аяктагандан кийин бүтүрүүчүлөрдүн иш табуусуна жардам берүү. Орто кесиптик билим берүү жайларынын келечеги анын учур талаптарына ылайыкташтырылышына жана окуу процессинин сапатына байланыштуу. Технологиялардын тез өнүгүшү, ишкердиктин талаптарынын өзгөрүшү жана коомдун өзгөрүп келе жаткан талаптары орто кеипстик окуу системасынын үзгүлтүксүз өнүгүүсүн талап кылууда [178, 62-б.].

Жалпысынан, орто кесиптик окуу жайларда окуу-тарбиялоо процессин башкаруу дегенде, билим берүү мекемелеринин жетекчилиги жана башкаруучу органдары тарабынан кабыл алынган чечимдер, окутуу ыкмалары, педагогикалык

жана уюштуруучулук иш-чаралардын жыйынтыктары эске келет. Муну өз практикабыздан дайыма баштан өткөрүп келебиз. Орто кесиптик билим берүүдө башкаруунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо бул чөйрөдөгү башкы маселелерди түшүнүүгө, ошондой эле билим берүү мекемелеринин натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзөт. Орто кесиптик билим берүү системасынын окуу-тарбия процессин башкаруу процессинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн биринчи кезекте бул тармакта жүргөн негизги өзгөртүүлөрдү жана жетишкендиктерди карап чыгуу керек. Орто кесиптик билим берүү системасы жалпы билим берүү системасынан айрымаланган жана ар түрдүү адистерди даярдоого багытталган. Бул процессте билим берүү мекемелеринин жетекчилиги жана окутуучулары тарабынан кабыл алынган чечимдердин зор мааниси бар.

Орто кесиптик билим берүү системасынын окуу-тарбия процессин башкаруу системасы бир нече деңгээлде ишке ашырылат: жогорку деңгээлде мамлекеттик органдар тарабынан, орто деңгээлде билим берүү мекемелеринин жетекчилиги тарабынан жана акырында, билим берүү процессин түз уюштуруучу педагогикалык кадрлар тарабынан. Мекеменин жетекчилиги окуу процессин уюштуруу, аны көзөмөлдөө жана аны менен байланышкан ресурстарды бөлүштүрүү жоопкерчилигин алышат. Окутуучулар, өз кезегинде, билим берүү процессинин түпкү максатын ишке ашырууга багытталган иш-чараларды жүзөгө ашырышат.

Педагогикалык ишмердүүлүктү башкаруунун өзгөчөлүгү - биринчи кезекте, окутуучулардын окуу-тарбия процессин уюштуруудагы маанилүү ролу. Окутуучулар өзүнүн сабагында студенттерге сапаттуу билим берүү үчүн жана көндүмдөрг калыптандыруу үчүн бардык ресурстарды колдонушат. Алардын башкаруусу жана студенттер менен болгон өз ара аракеттенүүсү билим берүү процессинин ийгиликтүү болушу үчүн чоң мааниге ээ. Педагогикалык башкаруу, адатта, билим берүү процессинин түзүлгөн структурасына жана окутуу ыкмаларына түздөн-түз таасир этет.

Учурдагы билим берүү системаларында башкарууну өркүндөтүү үчүн жаңы ыкмаларды жана технологияларды киргизүү абдан маанилүү. Орто кесиптик

билим берүүдө башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн инновациялар талап кылынат. Бул ыкмаларга билим берүү мекемелеринин электрондук ресурстарын колдонуу, онлайн окутуу платформалары, окуу процессинин мониторинги жана жыйынтыктарын баалоо кирет. Ошондой эле, билим берүү чөйрөсүндөгү изилдөөлөрдү жана адистерди даярдоо процессинин сапатын жакшыртууга багытталган башка стратегияларды колдонуу зарыл [102]. Азыркы коомдо информатикалык технологиялар (IT) билим берүү системасынын өзгөрүлүп келе жаткан табиятын аныктоочу негизги факторлорунун бири болуп калды. Орто кесиптик окуу жайлары да бул тенденциядан сыртта калбай, окуу-тарбия процессинде информатикалык технологияларды, компьютердик программаларды жана онлайн ресурстарды кеңири колдонууда. Бул макалада орто кесиптик окуу жайлары окуу-тарбия процессинде IT-нин ролу, анын пайдасы, көйгөйлөрү жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрү катары төмөнкүлөргө токтолсок. Биринчиден, информатикалык технологиялардын орто кесиптик билим берүүдөгү ролу зор. Информатикалык технологиялар окуу-тарбия процессин тез жана натыйжалуу өзгөртүүгө мүмкүндүк берет. Алардын негизги ролу окутуунун жана тарбиянын сапатын жогорулатуу, окутуучуларга жана студенттерге татаал темаларды түшүнүүгө жардам берүүчү интерактивдүү материалдарды түзүү, окуу процессин индивидуалдаштыруу, ар бир студентнун өз алдынча билим алуусуна мүмкүндүк түзүү ж.б. Компьютердик программалар аркылуу студенттер чыныгы иш шарттарындагыдай көндүмдөрдү өздөштүрө алышат. Окуу-тарбия процессинде төмөнкүдөй информатикалык технологиялар, компьютердик программалар жана онлайн ресурстар кеңири колдонулушу зарыл: Moodle, Google Classroom, Canvas сыяктуу интерактивдүү окутуу платформалары аркылуу окутуучулар окуу материалдарын жүктөп, тапшырмаларды берип, студенттердин ишин баалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ; автоматташтырылган тесттер билим деңгээлин тез жана объективдүү баалоого мүмкүндүк берет. Ал эми, компьютердик программалар токтолсок, алар мисалы, AutoCAD (инженердик тармактар үчүн), 1С (бухгалтердик эсеп үчүн), Photoshop (дизайн үчүн) сыяктуу программалар студенттерге кесиптик көндүмдөрдү өздөштүрүүгө жардам берет.

Виртуалдык лабораториялар жана симуляторлор аркылуу чыныгы иш шарттарына жакындатылып тажрыйба алууга шарт түзөт. Ошондой эле, онлайн ресурстардан электрондук китептер жана окуу куралдарын интернетке жүктөө менен студентларга акысыз же арзан баада кеңири билим алууга мүмкүндүк түзүүгө болот [73, 22-б.]. Веб-семинарлар жана онлайн курсар аркылуу студенттер эл аралык окуу тажырыйба, эксперттик билим алса болот. Социалдык тармактар да билим алуунун, кызматташтык куралы катары пайдаланууда. Учурда, айрыкча пандемия убагында Zoom, Microsoft Teams сыяктуу онлайн сабактар өткөрүү үчүн колдонулган программалар кеңири пайдаланылды. Азыр деле окуу процесси учурунда Telegram, WhatsApp менен тез байланышуу пайдалуу.

Информатикалык технологияларды пайдалануу онлайн ресурстар аркылуу каалаган убакта жана каалаган жерден билим алууга шарт түзүүдө жана бул окутуунун натыйжалуулугун арттырууга алып келиши зарыл. Электрондук материалдар басылмаларга сарпталчу каражаттарды кыскартат. Информатикалык технологияларды пайдалануу бир катар көйгөйлөрдү пайда кылды. Мисалы, техникалык жабдуулардын жетишсиздиги. Кээ бир окуу жайларында компьютердик техника жана интернет байланышы жетишсиз. Кээ бир окутуучулар заманбап технологияларды колдонууга даяр эмес. Онлайн окутууда кызыкчык төмөндөшү мүмкүн. Онлайн платформаларды колдонууда маалыматтардын коргоо маселеси туулушу мүмкүн. Информатикалык технологиялардын пайдаланылышын өнүктүрүү үчүн төмөнкү багыттар каралышы керек: техникалык базаны өркүндөтүү, окуу жайларына заманбап компьютердик техника жана интернет менен камсыз кылуу; окутуучуларды заманбап технологияларды колдонууга үйрөтүү; интерактивдүү окуу материалдарын иштеп чыгуу; мотивация, кызыкчылыкты арттыруу үчүн интерактивдүү жана визуалдык материалдарды түзүү; маалымат коопсуздугун камсыз кылуу, онлайн платформалардын коопсуздугун жогорулатуу. Информатикалык технологиялар, компьютердик программалар жана онлайн ресурстар орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-тарбия процессин тез жана натыйжалуу өзгөртүүдө чоң роль ойнойт. Алардын пайдаланылышы окутуунун

сапатын жогорулатууга, студентлардын кесиптик көндүмдөрүн өркүндөтүүгө жана окуунун жеткиликтүүлүгүн арттырууга мүмкүндүк берет. Бирок, бул процессти ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн техникалык базаны өркүндөтүү, кадр даярдоо жана маалымат коопсуздугун камсыз кылуу сыяктуу маселелерди чечүү зарыл [73, 12-б.].

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында орто кесиптик окуу жайларында маалыматтык технологияларды жана компьютердик инструменттерди колдонууну уюштуруунун учурдагы абалына талдоо жүргүзүлдү. Бул изилдөөнүн корутундуларын тактап, төмөнкүдөй тыянактарга чыгарылды: компьютердик техника менен жабдуулардын абалы: орто кесиптик билим берүүнүн окуу жайларында ар кандай типтеги компьютердик техника менен жабдууларды колдонууда өзгөрүүлөр байкалууда. Бирок, маалымат ресурстары атайын документтерде көрсөтүлгөн стандарттардан төмөн деңгээлде. Маалыматтык технологияларды киргизүү окутуучулардын ортосунда ажырымды жаратып, орто кесиптик билим берүүнүн окуу жайларындын штаттык түзүмүндө математикалык моделдөө, программалоо жана компьютердик техникалык тейлөө боюнча адистердин жетишсиздиги байкалууда.

Билим берүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу боюнча методикалык материалдарды иштеп чыгууга кеткен убакыт, педагогикалык ишмердүүлүктө колдонуу коюлган талаптарга дал келбейт. Окутуучулардын арасында компьютердик проблеммаларды колдонуу боюнча олуттуу айырмачылыктар бар. Ошондуктан, орто кесиптик билим берүүнү маалыматташтыруунун приоритеттүү багыттарынын бири окуу-тарбия процессинин бардык этаптарында жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу болуп саналат. Азыркы учурда окуу иштерин уюштуруу боюнча көптөгөн компьютердик программалары түзүлдү, бирок айрым программалар окуу предметиндеги кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууга мүмкүнчүлүк бербейт. Компьютердик программалар окуу процессиндеги, таалим-тарбия берүү жана студенттерди интеллектуалдуу өнүктүрүүгө багытталган ар кандай иш-милдеттерин аткарышат. Бир бүтүндүктөгү билим берүү процессин

программалык продуктуларды ишке киргизүүнүн эсебинен жүзөгө ашыруу үчүн окутуучу предмети боюнча билим берүү процессине маалыматтык колдоо көрсөтүүнү камсыз кылуучу өз ара байланыштагы компьютердик программалардын жыйындысын түзгөн компьютердик билим берүү комплексин (КББК) түзүүсү зарыл. Ал маалыматтык технологияларды ишке киргизүү процессинде окутуучунун окутуп-үйрөтүүчү, өнүктүрүүчү жана тарбия берүүчү милдеттерди системалуу түрдө ишке ашыруусуна мүмкүнчүлүк берет.

Билим берүү мекемелеринде компьютердик окутуудан өткөн студенттердин саны көбөйүүдө. Бул маалымат технологияларын жана компьютердик техниканы колдонуу боюнча программаларды тууралоонун зарылдыгын көрсөтөт. Окуу процессинде маалыматтык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү биринчи курстан баштап эле аныкталышы керек. Орто кесиптик билим берүү мекемелеринде маалыматтык технологияларды жана компьютерлерди колдонуу тажрыйбасын жалпылоо иштери аякташы зарыл. Билим берүүнү компьютерлештирүүнүн келечектүү багыты автоматташтырылган окутуу системаларынын негизинде түзүлүүдө. Бул система программалык камсыздоону, бирдиктүү маалымат базасын жана интернеттик алкакты бириктириши керек. Окуу процессин компьютерлештирүү жана маалыматтык технологияларды колдонууну уюштурууну көзөмөлдөөчү документтердин талаптарына ылайык, алардын дал келбегенин көрсөттү. Бул билим берүү жана тарбиялоо процессинде маалыматтык технологияларды жана компьютердик технологияларды колдонууну өркүндөтүү зарылчылыгын көрсөттү.

**Биринчи глава боюнча тыянак**

- Нормативдик актыларды талдоонунун негизинде, маалыматтарды жалпылап анда орто кесиптик билим берүү жөнүндө мыйзамдын кабыл алынышы адистерди кесиптик жактан окутууда, кайра даярдоодо, адистигин жогорулатууда укуктарын камсыз кылууга окуу-тарбия процессин башкарууда, бүтүрүүчүлөргө иш берүүчүлөрдүн койгон талаптарынын маанилүү акт катары белгилөөгө болот.

- Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун өркүндөтүлгөн ишмердүүлүккө, социалдык мобилдүүлүк

багытындагы багытталган маселелер чечилди. Орто кесиптик билим берүү системасындагы реформаларды ишке ашырууда, билим сапатын координациялоодо уюштурууда жана пландаштырууда тиешелүү иш алып барууда. Өзгөрүүлөр орто кесиптик окуу жайларда окуу-тарбия процессин башкарууда, жаңы концептуалдык багыттарды киргизүүнү талап кылууда. Анын негиздери, багыттары, принциптери, бул проблеманы изилдеген окумуштуулардын эмгектери, мыйзамдык актылар талдоого алынды.

- Орто кесиптик билим берүү системасындагы реформалардын багыттарын ишке ашырууда, орто кесиптик билим берүүнү башкаруу боюнча сапаттын башкарууну координациялоочу, уюштуруучу анын бирдиктүү иштөөсүн камсыз кылуучу технологияларды өркүндөтүү ыкмалары үйрөнүлдү.

- Республикалык илимий-методикалык борбор, лабораториялар тарабынан орто кесиптик билим берүүдөгү стандарттарды, документтерди иштеп чыгууда сапаттык көрсөткүчтөр, алардын деңгээлдери, закон ченемдүүлүктөр жана кемчиликтер талдоого алынды.

- Орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-тарбия процессинин башкарууда маалыматтык технологияларды жана компьютердик программаларды пайдалануунун тажырыйбасы көрсөткөндөй, алар аркылуу педагогикалык системаны автоматташтыруу (техникалык жана программалык каражаттар) орто кесиптик окуу жайдын окуу-тарбия процессин натыйжалуу башкаруунун абдан келечектүү багыттарынын бири болуп саналат.

- Окуу-тарбия процессинин башкарууда интернетти, компьютердик программаларды натыйжалуу пайдалануу үчүн аларды колдонууну рационалдаштыруунун жана бул ишти уюштуруунун натыйжалуулугун аныктаган критерийлерин иштеп чыгуунун зарылдыгын көрсөттү.

## 2 - глава. ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН БАШКАРУУНУ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу тарбия процессин башкаруунун функционалдык жактан өркүндөтүү

Кыргыз Республикасындагы орто кесиптик билим берүүнүн окуу-тарбия процесстериндеги ишмердүүлүктүн маңыз-мазмунун, ал-абалын, өнүгүү тенденцияларын анализге алуунун актуалдуулугу барган сайын артууда. Азыркы кырдаалда жалпы эле билим берүү системасындагы бардык өзгөрүүлөр, педагогика илиминдеги инновациялык жаңылануулар кылдат экспертизага муктаж. Азыркы замандын илимий парадигмасынын алкагында жаңыланган методологиялык изилдөөлөрдүн жана методдордун негизинде ошол өзгөрүүлөрдүн принциптерин жана багыттарын иштеп чыгуу заман талабы. Окуу жайларды башкарууда вертикалдык жана горизонталдык байланаштарды өркүндөтүүнүн, жаңы механизмдерди издөөнүн, аларда орто кесиптик окуу жайдагы башкаруунун системалык негиздерин иштеп чыгуунун зарылдыгы барган сайын ачык көрүнүүдө. Мындай изилдөөлөр да жаңыланган методологиялык принциптерди карап чыгууну шартоодо. Орто кесиптик окуу жайдагы башкаруунун системалык негизде - жетекчилик, инженердик-педагогикалык кызматкерлер, коллектив, билим алуучулар жана берүүчүлөр ж.б. окуу жайдын өнүгүшү үчүн чечимдерди кабыл алууда катышуусу менен жүргүзүү натыйжалуу болуп эсептелет. Ушул жана ошондой эле окуу жайдагы башкаруунун формаларынын өзгөрүшү (өзүн өзү башкаруу ж.б.), мамлекеттик жана жеке менчик болуп бөлүнүшү жана башка процесстер азыркы шартта орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу маселесин жаңы методологиялык негизде кайра кароону, изилдөөнү талап кылууда.

Ошентип, орто кесиптик окуу жайдагы (жана алардын тутумундагы) окуу-тарбия процессин башкарууну өнүктүрүүнүн илимий жактан негизделген өркүндөтүлгөн методологиялык жолдорун карап чыгуу маселесинин актуалдуулугу айныксыз.

**Изилдөөнүн объектиси:** Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасы жана педагогикалык шарттары.

Методология жана методдор маселесинде белгилүү болгондой, кандай гана илимий изилдөө болбосун, ал изилдөөнүн негизги принциптерин ишке ашырууга мүмкүндүк берген, методологияга таянат. Методология (грекче сөздөн алынган: методос – жолу, логос – окуу) - оптималдык жыйынтыкты алууга багытталган, изилдөө предметин, максатты, изилдөө жүргүзүүнүн иретин, жолдорун, багытын, каражат жана методдорун аныктоодон турган ишмердикти, окууну, илимий багытты белгилешет. Адабияттарда бул терминди, таанып билүү илимий методу, ыкма, каражаттары жөнүндө окуу, ошону менен бирге кандайдыр бир илимий областта колдонуучу методдордун тобу катары да карашаары белгилүү.

Жалпыга белгилүү методологиялык классификацияларды карасак, анда, анын билимдин ар түрдүү тармактарына карата бөлүнүшүн айтууга болот (мисалы: философиялык методология, экономикалык методология ж.б.).

Педагогикалык методология философия менен тыгыз байланышта экендиги жана илимий негизде уюштурулган окутуу-тарбия иштери эки негизи максатты көздөөрү белгилүү: чындыкты жаштарга жеткирүү жана аны өздөштүрүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле алардын илимий теориялык ой жүгүртүүсүн калыптандыруу. Ар бир адамдан терең интеллектуалдык өсүп өнүгүүнү талап кылган илимий-техникалык прогресстин шартында, окуу-тарбия процессинде жаштардын кесиптик багытта да, инсандык-руханий деңгээли да өсүшүн камсыз кылуу талабы коюлууда.

Э.М.Мамбетакунов өз эмгегинде “педагогиканын методологиясы” түшүнүгүнө төмөнкүчө аныктама берет: “Педагогиканын методологиясы – таанып-билүүгө болгон жалпы мамилени, инсанга билим берүүнүн, аны тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жалпы закончонемдерин билүүнү жана аны практика жүзүндө пайдаланууну мүнөздөйт” [115, 5-б.]. Ал педагогиканын методологиясынын функциялары катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтөт: “ - таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн маңызын жана жолдорун аныктоо; - таалим-тарбия ишмердүүлүгүнүн практикасын өзгөртүп түзүүнүн, бир жагдайдан экинчи жагдайга которуунун натыйжалуу жолдорун аныктоо” [115, 5-б.].

Заманбап билим берүү парадигмалары аттуу эмгегинде Н.А. Асипова “методология” түшүнүгүн ачып көрсөтүүгө карата сунушталган аныктамалар анын илимдеги милдеттерин толук чагылдырып бере албагандыгын, илимий таанып-билүүнүн пайдубалын түзүп турган, башкача айтканда, илимий таанып-билүү процессинде багыт берүүчү негизги идеялардын, принциптердин, концепциялардын, теориялык окуулардын, жаңы парадигмалардын илимий иштерди жүргүзүүдөгү таяныч методологиялык орду ачылбай калып жаткандыгын, мындан методологиянын экинчи – фундаменталдык, багыт берүүчүлүк милдети көмүскөдө калып жаткандыгын белгилейт [16]. Анын пикиринде илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, методология түшүнүгү, тигил же бул илимий изилдөө иштери үчүн илимий таяныч, түркүк катары колдонулган ойлорду, теорияларды, парадигмаларды дагы камтып турат. Себеби кандайдыр бир проблеманы, теманы изилдөөгө киришип жатып, изденүүчү сөзсүз түрдө кандайдыр бир теориялык окууларга, илимий көз караштарга, принциптерге, классификацияларга, парадигмаларга таянбай кое албайт... Аталган маселеге изденүүчү тарабынан талдоо жасалып, “илимдин методологиясы деп ар кандай табигый жана коомдук кубулуштарды изилдөөдө жана аларды чечмелөөдө колдонула турган философиялык ойлордун, идеялардын топтому жана аларды изилдөөдө пайдаланылуучу методдордун, ыкмалардын, үлгүлөрдүн жыйындысы” - деген аныктаманы берген [16, 65-б].

Жогоруда белгиленгендей, илимий теориялык окуулар жана парадигмалар илимий иштердин методологиялык пайдубалын түптөп турат. Ар түрдүү мезгилде эмгектенген көптөгөн окумуштуу, педагогдор, методисттер, психологдордун ж.б. илимдердин өкүлдөрү тарабынан изилдөөгө алынып келген жана алар биздин изилдөөбүзгө негиз түзүп бере ала турган методологиялык таянычтар катары аныкталат.

Методологиялык билимдердин составына, биринчиден, жалпы методологиялык, жалпы илимий закондор, закон ченемдүүлүктөр жана алардан келип чыгуучу педагогикалык иш-аракеттерге коюлуучу талаптар жана педагогикалык жоболор кирет; экинчиден бир далай негиздүү жана маңыздуу педагогикалык закондор жана закон ченемдүүлүктөр жана алардан келип чыгуучу

педагогикалык ишмердүүлүккө коюлуучу талаптар; үчүнчүдөн, конкреттүү педагогикалык изилдөөлөрдүн принциптери жана методдорун камтыйт. Мына ошентип, методология илимий таанып-билүү иш-аракеттеринин принциптери, формалары жана методдору жөнүндөгү окуу катарында эсептелинет да, ал эми педагогикадагы методологияны педагогикалык кубулуштарды таанып-билүүнүн жана өзгөртүп түзүүнүн негизинде жатуучу жоболордун системасы деп түшүнөбүз [ 115, 134-б.].

Жогоруда айтылган өңүттөрдү, көз караштарды эске алуу бир пикирге келсек, анда, биздин изилдөө биз педагогика илиминде калыптанып калган системалуулук, объективдүүлүк, теория жана практиканын байланыштуулугу, илимдүүлүк жана анын жеткиликтүүлүк сыяктуу принциптерди эске алып, заманбап методологиялык жагдайларга таянуу менен жүргүзүлдү. Заманбап методологиялык талаптардын катарында изилденип жаткан маселенин нормативдик-укуктук негиздери, мамлекеттик стандарттык өбөлгөлөрү, билим жана тарбия берүү процессинин окуу-методикалык жактан жабдылышы ж.б. жагдайларды эске алуу маселелери камтылды. Булардан сырткары, педагогика илиминин азыркы өнүгүү этабына мүнөздүү методологиялык плюрализмдин, башкача айтканда, илимий айкындуулукка жетүүнүн көп жолдуулугун, көп түрдүүлүгүнүн, парадигмалар аралык рефлексиянын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бүгүнкү күндөгү белгилүү методологиялык жагдайларга таянуу талабын жаратты. Биздин изилдөөбүздүн методологиясы төмөнкүлөрдү эске алат: - изилдөөнүн жалпы багытын аныктоо; - изилдөөнү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн негизги мамилелеринин, принциптеринин жана методдорунун системасын тандоо; - алынган натыйжаларды талдоо.

Билим берүү системасындагы реформалар азыркы коомдун бардык сфераларындагы ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрү үчүн адистерди даярдоонун сапатына койгон талаптарды канааттандырууга карай багытталган. Ушул өңүттөн караганда Кыргыз Республикасында 1990-жылдардан бери орто кесиптик билим берүү тармагындагы реформалар туруктуу мүнөзгө ээ. Орто кесиптик окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн даярдоонун жогорку сапатын заманбап

технологиялардын өнүгүү деңгээлин эсепке алуу менен калыптандыруу иши абдан курч маселеге айланды [ 6]. Ошону менен бирге, бүгүнкү күндө коомдун экономикалык потенциалынын бир бөлүгү катары каралып жаткан кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу иши мамлекеттин социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшү менен тыгыз байланышкан.

Орто кесиптик билим берүүнү жаңылантуу процесстери учурдагы саясаттын алкагында жүрүп, анын структурасы да, мазмуну да өзгөрүүдө. Кыргызстандын билим берүү системасында кесиптик билим берүүнүн сапатын дүйнөлүк стандарттарга шайкеш келтирүү негизги максаттардын катарында турат. Мындай тенденция азыр орто кесиптик билим берүү системасына да мүнөздүү көрүнүшкө айланды. Ушуга байланыштуу кесиптик билим берүүнү, андагы окуу-тарбия процессин башкаруу, уюштуруу иштеринин өзгөчөлүгүн маалыматтык коомдун, ааламдашуу процесстеринин, жаңы билим берүү парадигмасынын шарттарында аларга мүнөздүү болгон өнүгүү потенциалынын көз карашы менен талдоо зарылдыгы бар. Азыркы коомдун керектөөлөрүнө жооп берген кесиптик билим берүү бир катар маанилүү социалдык функцияларды аткарат – ал инсанды социалдаштыруу жана профессионалдык кесип алуу багытында калыптандыруу, социалдык коргоо жана тарбиялоо институту катары да кызмат кылат.

Ошол эле учурда сапатсыз кесиптик билим берүү профессионалдык маргинализмди жаратып, коомдук турмушта адекваттуу жашай албаган, социалдаштырылбаган адамдардын пайда болушуна, ушул сыяктуу терс социалдык көрүнүштөрдүн жайылышына алып келиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын бардык расмий стратегиялык документтеринде, орто кесиптик билим берүү тармагына өзгөчө маани берилген. Кыргыз Республикасынын 2040-жылга чейинки Улуттук өнүгүү стратегиясында да биздин мамлекеттеги экономикалык өнүгүү, кыргызстандык жарандардын адамдык статусу, эл аралык шарттарда өз ордун табышы, келечеги кесиптик билим берүүгө байланыштырылат.

Азыркы кездеги Кыргыз Республикасынын «Билим берүү тууралуу» мыйзамына киргизилип жаткан өзгөрүүлөрдө да кесиптик билим берүүнүн

жаңыланган структурасы, региондордогу орто кесиптик окуу жайларга көңүл бөлүү, коомдук партнер, спонсорлордун ролу ж.б. маселелер каралууда. Эгер мурда орто кесиптик окуу жайлар тар профилдүү (педагогика, медицина, экономика ж.б.) болсо, азыр көп профилдүү тармак катары калыптанууда. Буга байланыштуу окуу программалары, адистерди даярдоонун окуу-тарбия иштери да өзгөрүүгө туш болуп, диверсификация процесстери жүрүүдө.

Ушундай кырдаалда орто кесиптик окуу жайлардын тутумунда окуу-тарбия процессин башкаруунун оптималдуу моделин калыптындыруу, анын педагогикалык шарттарын аныктоо маселесинин актуалдуулугу артып турган кез. Кесиптик билим берүү багытында изилдөө жүргүзүп, пикирин билдирип келе жаткан К.Д.Добаев[52,57], Б.А.Абдыкаримов[2] жана чет мамлекеттик Э.Ф. Зеер, Э.В. Сыманюк, В.А. Болотов, Г.И. Ибрагимов сыяктуу окумуштуулар да кесиптик окуу жайлардын тутумунда окуу-тарбия процессин башкаруунун оптималдуу моделинин концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу, кесиптик окуу жайларды башкаруунун сапатын жогорулатуу маселелерин көтөрүп келишет.

Окуу жайларды башкаруу процессине арналган илимий эмгектерге жасалган анализ көрсөткөндөй, аларда орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу маселесин изилдөөгө абдан аз көңүл бөлүнгөн. Ушул багыттагы илимий эмгектердин көпчүлүгүндө каралып жаткан теманын экономикалык-технологиялык жактарына көбүрөөк басым жасалган.

Ушул изилдөө иштердин ичинде биздин көңүлүбүздө турган маселе - бул окуу жана тарбия процессин башкаруу системасынын жаңыланышы. Ал бир катар негизги кичи системаларды камтыйт: окуу процессин уюштуруу, адисти даярдоо процессин башкаруу, педагогикалык заманбап билим берүүнү киргизүү жана ишке ашыруу маселелерин чечүүчү педагогикалык кичи система, технологиялар; илимий кичи система - илимий изилдөөлөрдү, иштеп чыгууларды жана аларды натыйжалуу ишке ашырууну уюштуруу жана башкаруу; социалдык-экономикалык кичи система - билим берүү окуу жайларынын чарбалык ишмердүүлүгүнө байланышкан маселелерди чечүүнү уюштуруу; административдик кичи система - башкаруу чечимдерин иштеп чыгууну жана ишке ашырууну, билим берүү мекемесин

башкарууну, кичи системалардын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу. Ушулардын ичинен чоң манилүү болуп педагогикалык кичи система саналат, анткени анда негизги максат - окуу, тарбиялоо, өнүктүрүү, психологиялык даярдоо, кесиптик жана инсандык өнүгүү жана өзүн-өзү өнүктүрүү процесстеринин жыйындысы түрүндөгү билим берүү процесси ишке ашат.

Жогорудагы теориялык материалдарды изилдөө көрсөткөндөй, орто кесиптик билим берүү мекемелерин башкаруу маселеси концептуалдык жаңылануу алдында турат.

Биздин оюбузча, орто кесиптик билим берүү мекемелеринде билим жана тарбия берүү процесстерин башкаруунун концептуалдык негиздери катарында,:

-билим берүү системасын ачык, динамикалуу, өнүгүүгө багытталган система катары кароого мүмкүндүк берген системалуу көз караштар мүнөздүү болгон алдыңкы философиялык теориялар;

-студентлардын инсандык, руханий өнүгүүсүнө артыкчылык берилген билим берүүнүн максаттарын ишке ашырууга багытталган ишмердүүлүктүн маанисин ачып берген көз караштар;

-билим жана тарбия берүү системасын өнүктүрүүгө арналган иш-аракеттердин, максат-милдеттердин биримдигин камсыз кылып, аларды координациялоонун шарттарын аныктоочу аксиологиялык принциптер;

-билим жана тарбия иштерин башкарууга багытталган концептуалдык негиздемелердин, ыкмалардын универсалдуу мүнөзүн камсыз кылууга шарт түзгөн технологиялык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу эсептелет.

Ушул багытта изилдөө жүргүзгөн окумуштуулар билим берүү мекемесинде билим берүүнү башкаруу системасынын негизги методикалык жоболору катары төмөнкүлөрдү белгилешет [43]:

-билим берүү жана тарбия процесстерин башкаруу ишинде коюлган конкреттүү тапшырма, милдеттерди аткарууга арналган технологиялык чечимдердин ар тараптуулугу, көп варианттуулугу жана алардын болгон потенциалды, каражаттарды ушул багытта пайдаланууга кеңири жол ачышы;

-билим берүү жана тарбия процесстерин башкаруу технологияларынын тынымсыз өнүгүшүнө басым жасоо, ушул багытта маалыматтык базалардын кеңейишин, жетишкен натыйжаларды эсепке алуу;

-педагогикалык ишмердүүлүктүн ар тараптуулугу жана ар түрдүүлүгү (студентлук, усулдук, тарбиялоо, башкаруучулук, диагностикалык, алдын-алуу (прогноз) ж.б.);

-педагогикалык ишмердүүлүктүн жаңыланып туруучу формаларынын (окуу пландары, автордук билим берүү программалары, тарбия иштери, кошумча билим берүү системасы, сапатты баалоо системасы ж.б.) жогорку сапатынын камсыз болушу.

Билим берүүнү башкаруу маселесин изилдеген эмгектерде [43] анын негизги жоболору катары төмөнкүлөр белгиленет:

1) илим-техниканын жетишкендиктерине жана алдыңкы технологияларга таянуу менен жүргүзүлгөн натыйжалуу ишмердүүлүктүн негизинде билим берүүнү башкаруу, бул процессте атайын иштелип чыккан регламенттик шарттарды жана иш жүргүзүүнүн формаларын пайдалануу;

2) башкаруу (менеджмент) боюнча жалпы теориянын принциптерине ылайык иштелип чыккан билим берүүнү башкаруу: жогорку сапатты камсыздаган пландаштыруу иши, маалыматты чогултуу жана анализге алуу, билим берүүнүн учурдагы сапатынын абалын анын жогорку деңгээлине тиешелүү параметрлерине салыштырып баалоо, өнүгүү багытын камсыз кылган башкаруу аракеттерин иштеп чыгуу;

3) билим берүү окуу дайларындагы педагогикалык системанын элементтерин тартипке, жөнгө салуучу стандарттардын комплексинин болушу.

Ушундай багытта иштелип чыккан универсалдык негиздер билим берүү окуу дайларындагы башкаруунун төмөнкү негизги принциптеринде чагылдырылган:

-системалык принцип, тактап айтканда, башкарууну башкармалык иш-аракеттеринин саны, суммасы катары эмес, башкаруу ишмердүүлүгүн өз ара тыгыз байланышкан, максат-милдеттери бирдиктүү, иш орду жана убактысы такталган башкаруу объект, субъектилеринин системалуу өз ара иш-аракеттери катары кароо;-

билим берүү окуу дайларындагы башкарууну билим берүү окуу дайларындагы эле эмес, андан жогорку деңгээлде турган системанын (коомдун) курамында турган бөлүкчө катары изилдөө принциби;

-билим берүү окуу дайларындагы башкаруу процессин жана анын натыйжаларын атайын долбоорлоо аркылуу башкаруу ишинин ийгилигин жана келечегин аныктоо принциби;

-билим берүүнүн башкарууну диалектикалык мүнөздө жана өз ара байланышта караган, түрдүү компоненттерден турган бир бүтүндүк катары караган башкаруу принциби;

-замандын жаңыланган талап, милдеттерине ишке ашырууга карай багытталган билим берүү системасын өнүктүрүүнү камсыз кылуучу башкаруунун үзгүлтүксүздүк, жаңылануу жана тынымсыздык (динамизм) принциби;

-билим берүү системасынын иштешинин жана өнүгүшүнүн объективдүү, реалдуу мыйзамдарын, тартибин эске алып, технологиялык ыкмалар жана ийкемдүүлүк менен иш алып барганга, ошондой эле башкаруунун жалпы мыйзамдарын конкреттүү шарттарда колдонууга багытталган принциптер;

-оптималдуулук принциби, тактап айтканда, коюлган шарттарда билим берүүнүн талап кылынган сапатын камсыз кылууда бирден-бир мүмкүн болгон эң туура чечимди табуу зарылдыгын билдирген принцип.

Азыркы учурда билим берүү мекемелеринде билим жана тарбия иштерин эле эмес жалпы эле башкаруу ишмердүүлүгү ошол ишмердүүлүктүн сапатын башкаруу маселесине арналган системага JSO сериясы 9000:2000 байланыштырылып, эл аралык сапат стандарттарында ишке ашырылган TQM – Total Quality Management (Total Quality Management) концепциясынын негизинде каралып, баалана баштаганы белгилүү [187].

Ушул маселеге бир аз көңүл бөлсөк, анда башкаруу ишмердүүлүгү ISO стандарттарындагы «сапатты башкаруу процесси» термини менен бирдикте каралат. «Сапатты башкаруу процесси» термини өз ара байланышкан ресурстардын (адам, финансы, материалдык-техникалык, методологиялык) жана ал ресурстарды пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү иш-чаралардын жыйындысы катары чечмеленет.

Ресурстардын болушу ар кандай процесстин иштешинин башкы шарты болуп саналат. Эл аралык ISO стандарттары сапатты башкаруу системасында башкаруу ишинин процессинин мүнөздөмөлөрүн көрсөтүү үчүн бир убакыт аралыгында (башкаруу фазасында) ишке ашырылуучу башкаруу функциялары бөлүнүп көрсөтүлөт. Шарттуу түрдө бул фазалар, адатта, узак мөөнөттүү мезгил интервалындагы башкаруу, учурдагы жана оперативдүү башкаруу болуп бөлүнөт. Башкаруунун ушул ар бир этабында функциялардын бирдей ырааттуулукта аткарылышы зарыл: прогноз кылуу, пландаштыруу, функционалдык ишмердүүлүк, эсеп жана көзөмөл, баалоо, талдоо иштери.

Ошону менен бирге эле билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген төмөнкү шарттар бөлүп көрсөтүлөт:

1) ар бир билим берүү мекемеси жана андагы ишмердүүлүк жалпы бүтүндүк катары бирдиктүү негизде каралат;

2) ошондуктан, айрым көрсөткүчтөр боюнча жетишилген артыкчылыктар, ийгиликтер башка көрсөткүчтөр боюнча кемчиликтердин ордун толтуруп турган, жогорку сапат үчүн белгилүү бир компенсация катары эсепке алынышы мүмкүн;

3) ар бир билим берүү мекемесин баалоодо, анын өзүнүн алдына койгон максаттарын жана ага умтулуп жетүү үчүн жасаган иш-аракеттерин эске алуу менен жасалышы керек;

4) аккредитациянын стандарттары функционалдык өңүттө каралышы, жазылышы зарыл, тактап айтканда, мүмкүнчүлүктөрдү, ресурстарды натыйжалуу пайдалануу иштери да бааланышы зарыл, болгон ресурстардын барын, санын гана эсепке алууга болбойт;

5) билим берүү окуу жайларынын ишин баалоонун башкы критерийлеринен болуп абдан такталган өнүгүү максаттарынын жана стратегиялык пландаштыруусунун анын ишмердүүлүгүндө сөзсүз болушу эсептелет;

6) билим жана тарбия берүүнүн сапатына экспертиза жасоо кемчиликтерди табууну максат кылышы керек. Ал чындап маселе бар көйгөйлүү иштерди, жерлерди табуу, аныктоо жана аларды чечүү, кыла турган иштерди жакшыртуу боюнча консультация, сунуштарды иштеп чыгууга багытталышы зарыл;

7) башкаруунун сапатына баа берүүнүн жол-жоболору менен критерийлери, ошентип, адаттагыдай же эскирген бойдон эмес, улам жаңыланып бааланып, баа берүүнү, өнүгүүнү камсыз кылган формаларын караштырып чыгуу керек;

8) билим тарбия берүүнү башкаруу сапатын баалоонун жыйынтыгы боюнча маалымат коомчулукка, болочок студенттерге, колледждерге, ЖОЖдорго, кесиптик топторго, иш берүүчүлөргө, мамлекеттик уюмдарга жана башка мекемелерге жеткирүү үчүн жарыяланышы керек [12,13,14].

Орто кесиптик билим берүү мекемелеринде билим жана тарбия процесстерин башкаруу системасы жалпы эле экономикалык, уюштуруучулук, социалдык жана башка башкаруунун түрлөрүнө мүнөздүү башкаруу мыйзамдарын, принциптерин жана алардын билим берүү системасында трансформацияланыш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен конструктивдүү негизде түзүлүшү зарыл.

Жалпысын эле, орто кесиптик билим берүү мекемелеринде билим жана тарбия процесстерин башкаруу системасы татаал уюштуруу-методикалык иштерди талап кылган система болуп саналат. Бул маселени чечүү максатында "педагогикалык менеджмент" деп аталган атайын илимий тармак катары белгилүү.

Орто кесиптик билим берүү мекемесинде билим берүүнүн сапатын башкаруу: а) башкы максатты; б) идеологиялык багыттарды, приоритеттерди аныктоодон башталат. Мисалы, эгер өз ишмердүүлүгүнүн негизги максатын билим жана тарбия берүүнүн жогорку сапатын камсыз кылуу деп аныктаган колледж аталган процесстерге тиешеси бар тараптардын мүдөөсүн аткарат. Алар: билим алып жаткан инсан; квалификациялуу адистер барып билим алуучу окуу жайлары; бүтүндөй коом.

Биздин оюбузча, колледж өз ишмердүүлүгүндө ошондой эле ориентация катары кабыл алынган максаттар менен милдеттердин, тапшырмалардын өз ара тыгыз байланышын, натыйжалуу багытталышын камсыз кылуусу зарыл. Мындай бирдиктүү максатка багытталган милдет, тапшырмалар атайын программа катары сырткы чөйрөнүн таасири менен калыптанат. Тышкы чөйрөнүн таасири катарында, мисалы, ички системаны калыптандыруучу мамлекеттик расмий документтерди, мыйзамдык актылар менен аныкталуучу билим берүүнүн нормативдик максаттарды

белгилөөгө болот. Билим берүү тармагындагы мыйзамдар, нормативдик актылар ж.б.у.с. тарабынан коюлган максат-милдеттердин бири катары азыркы коом тарабынан керек кылынган, экономика тарабынан суроо-талап жаралган жана илимий-техникалык, гуманитардык прогресстин талаптарына жооп бере алган квалификациялуу адистер менен камсыз кылуу ишмердүүлүгүн бөлүп кароого болот [55].

Мисалы, И.Арабаев атындагы КМУнун колледжинин билим берүүсүнүн максатын карасак, анда ал бүтүрүүчүлөрдүн инсан катары калыптанып, мугалим статусунда ишмердүүлүгүн, кесиптик даярдыгын өнүктүрүүсү, турмушта адис катары өзүнүн ордун таап, өзүн актуалдаштыруусу, жашоодо келечекке максат коюп, аны пландуу ишке ашыруусуна өбөлгө болуу менен байланышкан. Орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндө башка билим берүу окуу дайларындагыдей эле биринчи кезекте, адамдын укугу, милдеттери, баалуулуктары, анын инсандык жашоосунун руханий мааниси, жашоо-турмуш, иш-аракетинин жана жүрүм-турумунун мотивациясы, социалдык жана кесиптик мобилдүүлүгү, жашоо-турмуштун жаман-жакшылыгын түшүнүп билген эстүүлүгү, башка адамдар менен өз ара мамиле кыла билүүсү башкы орунда турат.

Орто кесиптик билим берүү мекемесинде башкаруунун башкы айырмачылыгы катары уюштуруучулук-структуралык иштер менен катар эле башкаруу иш-аракеттеринин мазмунун аныктоо сыяктуу концептуалдык иш жүргүзүүнү да көрсөтүүгө болот. Колледжди башкаруу иштери максаттуу түрдө акыркы бир натыйжага жетүүгө багытталган. Андай натыйжа, албетте, профессионалдык ишмердүүлүккө жөндөмдүү кесип ээси ээ болгон дасыккан адистик сапатты калыптандыруунун, даярдоонун жогорку деңгээлинин болушу менен тыгыз байланыштуу.

Азыркы кезде орто кесиптик билим берүү окуу жайларында, айрыкча, колледждерде билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы ISO 9000:2000 стандартында түзүлгөн принциптерге ылайык калыптандырууга багытталганы байкалат.

1. Заказ берүү тарап, кардар (коомдун, билим берүү мекемелеринин, инсандын, ишканалардын ж.б.) тарабынан бүтүрүүчүлөргө карай коюлган талаптарды канааттандырууга, алардын муктаждыктарына багытталган максаттуу иш алып баруу.

2. Жетекчиликтин башкаруучу, ишмердүүлүктүн багыт, милдеттерин аныктоочу ролу (колледждин максаттарын, багыттарын жана ички чөйрөсүн бүтүндөй бир система катары калыптандырып, ар кайсы багыттагы ишмердүүлүктүн биримдигин, милдеттүү багытын аныктоо, окуу процессинин негизги катышуучуларынын потенциялынын, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн толук ачууга мүмкүндүк берүүчү жагдайды, чөйрөнү түзүү жана билим жана тарбия берүүнүн сапатынын жогорку деңгээлин камсыздоо).

Орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын билим жана тарбия берүү системасын башкаруунун сапатын камсыз кылуу үчүн анын администрациясы төмөнкү милдет, элементтердин комплексин аркалашы шарт болуп саналат:

1) кызматтык укук-милдеттер тактальш, расмий бөлүштүрүү зарыл;

2) колледжди өнүктүрүү боюнча коллектив менен биргеликте иштелип чыккан саясаттын, максаттардын жана стратегиянын болушу;

3) орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын бөлүмдөрүнүн бирдиктүү финансылык системасы аркылуу каражаттардын бөлүнүшүн пландаштыруу жана көзөмөлгө алуу;

4) иштин абалы, кемчиликтери, жетишкендиктери жана натыйжалары жөнүндө маалымат берүүнүн иштелип чыккан, көпчүлүккө жеткиликтүү маалыматтык системанын болушу;

5) натыйжалуу иш жүргүзүүгө шарт түзгөн материалдык жана моралдык жактан колдоо көрсөтүүчү, кызыктыруучу системасынын иштеши;

6) башкаруу тармагындагы бардык олуттуу чечимдерге экономикалык жактан баа берүү ж.б.

Орто кесиптик билим берүү окуу дайларындагы идеологиялык негиздин болушу дагы чоң мааниге ээ. Идеологиянын ушундай контексттеги маанисин кандай түшүнөбүз? Колледждеги идеологияны болочок окутуучулардын кесиптик жана руханий-инсандык даярдыгы тууралуу көз караштардын ажырагыс системасы [56]; ошондой эле педагогикалык коллективдин мүчөлөрүнүн руханий-моралдык баалуулуктарынын биримдиги [55]; коллективди бириктирип, билим берүү окуу жайларынын ырааттуу иштешин, бүтүндүгүн сактап, туруктуулугун жөнгө салуучу терең маанилүү феномен [55] катары да түшүнсөк болот.

Идеологиянын философиялык жана аксиологиялык негизи болуп студенттин өзүнүн жеке турмушун жана кесиптик жолун өз алдынча тандоого мүмкүндүк берген, ар тараптуу билим берүү мейкиндигинде келечектеги профессионалдык ишмердүүлүгүнүн индивидуалдык моделин түзө алган инсандык идеясы саналат.

3. Окутуучуларды, окутуучуларди билим жана тарбия иштерин башкарууга, сапатын жогорулатуу иштерине тартуу. Окутуучуларды башкаруу иштерине тартуу үчүн төмөнкү багыттагы чараларды карап көрүү, ишке ашыруунун зарылдыгы бар:

- окутуучулардын ишин көзөмөлдөө, билим жана тарбия тармагындагы иштерди баалоо, тууралоо (коррекция) багытындагы, билим берүүнүн сапатын башкаруу тармагындагы технологиялар, каражаттар менен камсыз кылуу;

- өз жетишкендиктерин салыштырып, натыйжалуу иштөө үчүн өз ишмердүүлүгүн өзү көзөмөлдөп, өз алдынча рефлексиясынын болушу жана кесиптештеринин алдыңкы тажрыйбасын өздөштүрүүсү максатында методологиялык оперативдүү консультациялар жана сапатты камсыз кылуу боюнча башкаруу иш-чараларын ишке ашыруу багытында маалыматтар, аналитикалык материалдар жана жаңы маалыматтык технологияларды пайдаланууну камсыздоо;

- окутуучунун ишинин мазмунун тактап, пландаштырылган натыйжаларга жетүүнүн, коюлган талаптардын сакталышын көзөмөлдөөнүн жана жетишкендиктерди баалоонун критерийлеринин, ыкмаларынын жогорку деңгээлде болушун камсыз кылуу.

4. Билим жана тарбия берүү иштерин башкаруунун сапатын жогорулатууга багытталган ишмердүүлүктү долбоорлоодо (алгоритмин түзүү, технологиялык жактан) бардык долбоорлонуп жаткан, өз ара байланышкан процесстердин жыйындысы катары мамиле. Бул учурда ар бир процесс кийинки кесепеттери бар система катары каралат:

- киргизүү жана чыгуулар так аныкталган жана өлчөнгөн;

- керектөөчүлөр аныкталат, алардын талаптары аныкталат, процесстин натыйжаларына алардын канааттануусу изилденет;

- колледждеги түрдүү процесстердин өз ара аракети жолго коюлган; процесстерди башкаруу боюнча ыйгарым укуктар, укуктар жана милдеттер белгиленет.

көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган болушу керек. Окуу программалары актуалдуу кесиптерди жана жамааттык стандарттарга ылайык түзүлүшү керек, ошондой эле бизнес, өндүрүш жана коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн талаптарына жооп бериши маанилүү.

8. Студентлардын мотивациясын жогорулатуу. Студентлардын мотивациясын туруктуу жогорулатуу үчүн педагогикалык шарттар түзүлүшү керек. Студентлар өздөрүнүн билим алууга жана профессионалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө кызыкдар болушу үчүн ар кандай стимулдар жана максаттар берилет.

9. Билим берүү процессиндеги ачыктык жана жоопкерчилик. Студентлар өздөрүнүн жетишкендиктеринин жана процесстеринин натыйжаларын ачык көрүп, анын негизинде иш алып баруусу керек. Педагогикалык процесстин ачык болушу окутуучуларге жана студенттерге биргелешип иштөө жана үзгүлтүксүз өнүгүү үчүн шарт түзөт. Бул шарттар орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкарууда иштин сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

Жогоруда каралган шарттар менен бирге эле, жүргүизилдөөлөрдүн натыйжаларына таянып, орто кесиптик билим берүү системасын башкарууда бир нече негизги принциптерди да карап кетелик. Алар төмөнкүдөй:

1. Кесиптер боюнча билим жана көндүмдөрдү терең өздөштүрүү. Орто кесиптик билим берүү системасы студентларга кесиптик билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү терең үйрөтүү үчүн түзүлгөн. Бул принцип келечектеги адистердин ишмердүүлүгүнө туруктуу таянууга жана өнүгүүгө мүмкүндүк берет.

2. Индивидуалдык мамиле кылуу. Ар бир студентнун билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын эске алуу менен, анын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык келүүчү окуу шарттарын түзүү. Бул принцип студентнун мотивациясын жогорулатууга жана алардын кесиптик даярдыгын өркүндөтүүгө багытталат.

3. Билимдин жогорку сапаты. Орто кесиптик билим берүүдө билим берүү процесси жогорку сапатта жана стандартка ылайык болушу керек. Бул принцип

билим берүүнүн натыйжалуу жана эл аралык талаптарга жооп берүүсүн камсыз кылат.

4. Теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдү тең салмактуу алуу. Орто кесиптик билим берүү системасынын негизги максаты - студентларга теориялык билимди гана эмес, практикалык көндүмдөрдү да берүү. Бул принцип жаш адистерди жумуш ордунда ийгиликтүү иштеши үчүн зарыл болгон көндүмдөр менен камсыз кылууга багытталган.

5. Өзүн-өзү башкаруу жана жоопкерчилик. Студентларды өз алдынча иштөөгө, ийгиликтерге жана каталарга жоопкерчиликтүү мамиле кылууга үйрөтүү. Алар өз кесибинин өнүгүүсүнө жана жетишкендиктерине жоопкер болууга тийиш.

6. Интеграция жана көпчүлүк тармактарда өнүгүү. Кесиптик билим берүү тармагында ар кандай дисциплиналардын жана билим берүү платформаларынын интеграциясы, аларды заманбап талаптарга жана технологияларга ылайыкташтыруу. Бул принцип студентлардын бардык тармактарда билим алышына мүмкүнчүлүк түзөт.

7. Кесиптик даярдыкты үзгүлтүксүз өркүндөтүү. Орто кесиптик билим берүү процесси үзгүлтүксүз өркүндөтүлүп турушу керек. Кесиптик даярдык, квалификациялар жана көндүмдөр чөйрөсүндө заманбап талаптарга жооп берүү үчүн, билим берүү системасы жигердүү түрдө өнүгүп турушу шарт.

Бул принциптер орто кесиптик билим берүү системасын башкарууда студентлардын кесиптик даярдыгын жогорулатууга, натыйжалуу билим берүү шарттарын түзүүгө жана заманбап талаптарга жооп берүүгө багытталган.

Ошентип, билим берүү жана тарбия иштеринин сапатын системалуу башкаруу ишмердүүлүгү азыркы шартта билим берүү тармагындагы башкаруунун жаңы парадигмасынын алкагында каралып, окуу-тарбия иштерин башкаруу ишмердүүлүгү ушул парадигманын алкагында калыптанууда. Ал уюмдун же мекеменин сапаттуу иштеши үчүн артыкчылык бере турган милдет-багыттарды аркалаган функциялык иштери менен байланышкан. Билим берүү окуу жайларынын сапат системасынын эффективдүүлүгү, административдик башкаруу ишинин аркасында эле эмес,

бүтүндөй профессордук-окутуучулар коллективинин сапатты жакшыртуу ишине катышуусу, жогорку сапатты камсыз кылуу үчүн системалуу башкаруу идеологиясын карманып, иш жүзүндө мындай процесстерге катышканда жетишилет.

Биз ушул парадигма алкагында конкреттүү орто кесиптик окуу жайынын мисалында изилдеп көрөлүк. Эл аралык Мета-Илим университетинин колледжи жана И.Арабаев атындагы КМУнун колледжинин мисалында карап көрсөк. Бул окуу жайлар орто кесиптик окуу мекемеси катары башкаруунун уюштуруу түзүмү матрицалык элементтери бар функционалдык типте курулган. Бирдиктүү башкамарлык функционалдык башкаруу түзүмү менен субъекттердин байланыштары жана мамилелери баш ийүү жана координациялоо менен мүнөздөлөт. Матрицалык структуранын элементтеринин болушу башкаруунун субъекттерин чагылдырат, алар белгилүү бир инновациялык маселени чечүү үчүн убактылуу түзүлөт жана ал чечилгенден кийин жоюлат. Бул убактылуу чыгармачыл топтор.

Курамына ата-энелер, студентлар жана окутуучулар кирген Жетектөөчү Кеңеш түзүлүп, бир нече жылдан бери иштеп келет. Директордун уюштурууучулук-педагогикалык ишмердигинде директор менен жолугушуулар өзгөчө орунду ээлейт, алар пландоо кеңешмеси, оперативдүү кеңешме, административдик кеңешме же коомдук уюмдардын жетекчилеринин чакыруусу менен коллективдин айрым мүчөлөрүнүн кеңейтилген кеңешме түрүндө болушу мүмкүн. Директор менен жолугушуулар колледждеги окуу-тарбия процессинин абалы жана анын натыйжалары, аны башкаруунун деңгээли жана сапаты жөнүндө оперативдүү жана тематикалык маалыматтарды системалуу түрдө чогултууга, анын оперативдүү талдоосунун негизинде өз убагында иштеп чыгууга жана кабыл алууга мүмкүндүк берет.

Колледждеги тарбия жана билим берүү процессин эффективдүү башкаруу билим берүү максаттарына жетүүнү жеңилдетет, оң факторлорду шайкеш келтирет жана терс таасирлердин ордун толтурат. Ошондой эле андагы башкаруу системасы өзүнүн ишмердүүлүгүндө илимий, максаттуу, пландаштыруу,

системалуу, келечектүү, талаптардын биримдигин, оптималдуу жана объективдүү принциптерин ишке ашырат.

Окуу жана тарбия процессин башкаруунун түзүлгөн модели И.Арабаев атындагы КМУнун колледжинде 3 жылдын ичинде ар кандай деңгээлдеги уюштуруучулук жана башкаруучулук милдеттерди чечүүгө мүмкүндүк берди, атап айтканда:

- окуу жана тарбия процессин уюштуруунун ар кандай варианттарын жана атайын билим берүүнүн жарым-жартылай альтернативдик варианттарын пайдалануу (ыктыярдуу топтор, редакциялык топ, студенттердин илимий коому, ден соолукту сактоочу иш-чаралар боюнча репетитордук уюштурулган, жеке окутуу, аралыктан окутуу);

- структуралык жаңылануу, оңдоолорду жүргүзүү (колледжде оптималдаштыруу болуп өттү);

- студентлардын предметтик жана метапредметтик компетенцияларынын деңгээлинде билим берүүнүн жана тарбиялоонун сапатын контролдоону жана баалоону уюштуруу аракеттерин ишке ашыруу (мониторингдин, талдоолордун жыйынтыгы боюнча сабакка киргизүү; предметтик жана мета-предметтик багыттагы стандартташтырылган материалдардын бирдиктүү мамлекеттик экспертизасынын жыйынтыктары, билим сапатын баалоо системасынын моделин түзүү боюнча иштер).

Жалпысынан биздин изилдөөнүн жүрүшүндө гипотеза тастыкталды: орто кесиптик окуу жайдагы окуу жана тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугун окуу жана тарбия процессин башкаруунун актуалдуу моделин түзүү аркылуу жогорулатууга болот.

Параграф башында коюлган милдеттер: азыркы учурда орто кесиптик окуу жайлардагы билим берүү жана уюштуруу иштерин моделдештирүү; орто кесиптик окуу мекемесинде окуу  жана тарбия процессин башкаруунун принциптерин тактап, оптималдуу моделин иштеп чыгуу жана моделдерди мүнөздөө, талдоо.

## Экинчи глава боюнча тыянак

Изилдөөнүн практикалык мааниси анын натыйжаларын орто кесиптик окуу мекемесинде администрациясынын ишинде, орто кесиптик окуу окуу жайларынын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен билим берүү уюмунун өнүгүү стратегиясын жана багытын тандоодо, чечимдерди кабыл алууда колдонулушу мүмкүн экендигинде.

*Орто кесиптик окуу мекемесинде окуу-тарбия процессин башкаруунун эффективдүүлүгү төмөндөгү шарттарда жогорулай турганын белгилей кетүү керек:*

- студенттин инсандык өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлорду аныктоонун жана эске алуунун негизинде билим берүү процессин системалуу уюштуруу менен;

- окуу-тарбия процессинин бардык субъекттерин камтыган биргелешип башкаруу принцибине негизделгенде;

- тарбиялоо жана билим берүү процессине жана аны башкарууга алардын биргелешкен чыгармачылык ишинин негизинде окутуунун жана тарбиялоонун субъекттеринин максималдуу санын киргизүүдө;

- башкаруу процессинин реалдуу максаттарына да, анын акыркы натыйжасына да, билим берүү уюмунун максаттарына жетүүсүнө негизделген критерийлер боюнча башкаруу процессинин натыйжалуулугун баалоо.

Башкаруу ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоо маселеси ушул максатта эл аралык деңгээле атайын иштелип чыккан системага JSO сериясы 9000:2000 жана эл аралык сапат стандарттарында ишке ашырылган TQM – Total Quality Management (Total Quality Management) концепциясынын негизинде иштелип чыккан критерийлер жана буларды негиздеп турган илимий парадигманын актуалдуугуна ткалаары аныкталды. Билим берүү жана тарбия иштеринин сапатын мындай системалуу башкаруу - бул билим берүү тармагындагы башкаруунун жаңы парадигмасы катары каралып, окуу-тарбия иштерин башкаруу ишмердүүлүгүнүн ушул парадигманын алкагында калыптануусу башк педагогикалык шарттардын бири катары каралды.

Жалпылап айтканда, окуу-тарбия процесстерин башкарууну моделдештирүүнүн негизи: окуу-тарбия процесстерин башкарууну моделдештирүү төмөнкү схемасын; жетекчиликтин окуу-тарбия процесстерин башкаруусун уштуруу структурасын; окуу-тарбия иш багыттары жана окуу-тарбия процесстерин жетектөөчүлөрдүн башкаруу функциялары жана структуралары; стратегиялык башкаруу, уюштуруу ишмердүүлүгүнүн болушун камтышы зарыл.

И.Арабаев атындагы КМУда гуманитардык-педагогикалык колледжинде жана ага кошумча түрдө Мета-Илим университетинин орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө, Эл аралык Кувейт университетинин колледжинде каралган багыттагы моделди апробация кылууда окуу-тарбия иштерин натыйжалуу башкаруу орто, кесиптик билим берүү окуу жайында окуу-тарбия иштерин жетектөөдө функционалдык милдеттерди так аткарууга, ресурстарды максатка ылайыктуу пайдаланууга жана коюлган максат-милдеттерди так аныктап, аларга жетүү ишмердүүлүгүнө жана анын уюштурулушуна жараша болоору аныкталды.

Мисалы, окуу-тарбия ишмердүүлүгүнүн максаты болуп, студентнун инсан катары ар тараптуу өнүгүшү жана кесиптик жактан, жалпы эле жашоодо, коомдо өзүн-өзү, өз ордун таба алышы, ошондой эле болочок кесип ээсинин, адистин профессионалдык сапаттарын калыптандыруу болуп саналса, анда күтүлгөн жыйынтык, иштин үзүрү катары - студентнун-инсандын адис, кесип ээси катары катары өз потенциалынын ачылышы жана процессионалдык сапаттарынын калыптанып, даяр болушун айтууга болот.

Мындай максат-милдеттерге жетүүдө, автордун ишениминде, окуу жайдын терең иштелип чыккан планынын болушунун мааниси чоң. Жетекчилик үчүн пландын болушу жана анын жыйынтыктарына болгон көзөмөл башкаруу моделиндеги функционалдык милдеттерди, кызматтарды бөлүштүрүүдө туура багытта иш жасоого, коррекциялоо иштерин так аткарууга да мүмкүндүк берет.

# 3 - глава. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ ЖАНА АНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## 3.1. Орто кесиптик билим берүү мекемесинде окуу-тарбия процессин башкаруу системасын тажрыйбалык-эксперименталдык изилдөө

Бул главада Орто кесиптик билим берүү мекемесинде окуу-тарбия процессин башкаруу маселеси боюнча эксперименталдык иштердин жүрүшү жана натыйжалары талдоого алынган. Бул бөлүк изилдөөнүн үчүнчү милдетин чечүүгө багытталган, анда калыптандыруунун уюштурууучулук-педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун текшерүү боюнча эксперименттин жүрүшү кароого арналды. Мында орто кесиптик билим берүүнүн окуу-тарбия процессин башкаруу системасына байланыштуу эксперименталдык изилдөөнүн маалыматтары, эксперименттин натыйжалары, корутундулары, практикалык сунуштары каралат жана проблеманы андан ары изилдөөнүн келечеги белгиленет.

Эксперименталдык изилдөө бир нече этап менен ишке ашырылган:

1-этап: 2020-жыл. Бул этапта изилдөөчү тарабынан проблемага байланыштуу илимий-методикалык, дидактикалык, окуу-методикалык булактарды, материалдарды, авторефераттарды, диссертацияларды талдоо жана топтоо, аларды системалуу багытка келтирүү, ошондой эле алардан алынган маалыматтарды педагогикалык багытта билим алып жатышкан студенттерди окутуу процессинде колдонуу ишке ашырылды.

2-этапта (2020-2021-жылдары) изилдөөчү тарабынан проблеманын илимий-теориялык негиздери аныкталып, ага ылайык расмий укуктук-нормативдик актылар, документтер, программалар, методикалык материалдар, илимий, эмгектер, макалалар топтолду жана талданды. Темага ылайык максаттуу багытта изилдөө жүргүзүү менен ага ылайык методикалык комплексин түзүү иштери башталды. Бул мезгилде изилдөөчү эксперименти улантылды.

Үчүнчү (2021-2023-жылдар) этапта изилдөө иштери жыйынтыкталды, илимий макалалар, методикалык көрсөтмөлөр жарык көрдү, апробациядан өттү, изилдөөнүн илимий божомолун тастыктаган педагогикалык эксперимент

жүргүзүлүп, анын көрсөткүчтөрү атайын методдорду колдонуу менен корутундуланды, жыйналган материалдар, натыйжалар такталып, жалпыланды.

Иштин алгачкы бөлүмдөрүндөгү теориялык материалдарды изилдөө көрсөткөндөй, орто кесиптик билим берүү мекемелери концептуалдык жаңылануу алдында турат. Ушул иштердин ичинде биздин көңүлүбүздө турган маселе - бул окуу процессин башкаруу системасынын жаңыланышы. Ал бир катар негизги кичи системаларды камтыйт: окуу процессин уюштуруу, адисти даярдоо процессин башкаруу, педагогикалык заманбап билим берүүнү киргизүү жана ишке ашыруу маселелерин чечүүчү педагогикалык кичи система, технологиялар; илимий кичи система - илимий изилдөөлөрдү, иштеп чыгууларды жана аларды натыйжалуу ишке ашырууну уюштуруу жана башкаруу; социалдык-экономикалык кичи система - билим берүү окуу жайларынын чарбалык ишмердүүлүгүнө байланышкан маселелерди чечүүнү уюштуруу; административдик кичисистема - башкаруу чечимдерин иштеп чыгууну жана ишке ашырууну, билим берүү мекемесин башкарууну, кичисистемалардын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу. Ушулардын ичинен чоң манилүүсү болуп педагогикалык кичисистема саналат, анткени анда негизги максат - окуу, тарбиялоо, өнүктүрүү, психологиялык даярдоо, кесиптик жана инсандык өнүгүү жана өзүн-өзү өнүктүрүү процесстеринин жыйындысы түрүндөгү билим берүү процесси ишке ашат.

Корутундуласак, орто кесиптик билим берүү мекемелерин ар тараптуу модернизациялоо иштеринин натыйжалуу болушу Орто кесиптик билим берүү мекемесинде окуу процессин башкаруу процессинин жалпы концептуалдык моделин түзүү менен тыгыз байланышта десек жаңылбайбыз. Анын (моделин түзүүнүн) жолдорун изилдөө жогоруда каралган теориялык-методологиялык базага таянуу менен ишке ашырылат жана андагы негизги багыттарды, талаптарды, идеяларды өзүнө камтыйт.

Эксперимент И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогикалык колледж базасында өткөрүлүп, ага 50-гө жакын жетекчи жана педагогикалык кадрлар катышты. Диагностикалык жана көзөмөл (контролдоо)

этаптарында да ошол эле адамдар, директор жана орун басарлары катышты.

Таблица 4.

Орто кесиптик билим берүүдөгү окуу-тарбиялык процессин башкаруу системасынын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү жана критерийлери

| Негизги критерий | Айрым критерийлер | Көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| Орто кесиптик билим берүүдөгу окуу-тарбиялык процессин башкаруу системасынын калыптанышы | Башкаруунун натыйжасы | Башкаруу ишин баалоо |
| | | Башкаруу стили |
| | | Кызматкерлердин канааттанышы |
| | | Өз ара карым-катнаштын маданий денгээли |
| | Окуу процессин уюштуруу | Эксперттик баа берүүнүн негизинде окуу процессинин уюштурулушун баалоо |
| | | Объективдүү натыйжалар |
| | Коллективдеги өз ара катнаштар | Коммуникация |
| | | Психологиялык абал |

Аныктоочу экспериментке И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогикалык колледжинде окуган окутуучу, студенттери да катышып, алардын башкаруу иштерине аралашуудагы активдүүлүгүнүн калыптанышындагы типтүү кемчиликтер айкындалды. Мисалы, окутуучу, студенттердин башкаруу иштерине аралашуусун камсыз кылган институционализация процессинин солгундугу, аларды бул ишке тартууда мотивациялык финансылык ресурстардын жетишсиздиги, ушул максатта аны ар маселени тараптан анализге алып иштелип чыккан, деталдаштарылган пландын зарылдыгы сыяктуу маселелерди бөлүп көрсөтүүгө болот. Педагогикалык практикадагы бул маселени изилдөө үчүн документ анализи, интервью, анкета, студенттердин ишмердүүлүгүнө, окутуучулардын интерактивдүү методдорду колдонуу практикасына байкоо жүргүзүү, өзүн-өзү баалоо методдору колдонулду. Топтолгон материалдар көрсөткөндөй педагогикалык окуу жайындагы педагогикалык билим берүүнүн максаты - бүтүрүүчүлөрдүн инсан катары калыптанып, мугалим статусунда ишмердүүлүгүн, кесиптик даярдыгын өнүктүрүүсү, турмушта адис катары өзүнүн ордун таап, өзүн актуалдаштыруусу, жашоодо келечекке максат коюп, аны пландуу ишке ашыруусуна өбөлгө болуу

менен байланышкан. Педагогикалык колледждин билим берүү чөйрөсүндө, биринчи кезекте: адамдын укугу, милдеттери, баалуулуктары, анын инсандык жашоосунун руханий мааниси, жашоо-турмуш, иш-аракетинин жана жүрүм-турумунун мотивациясы, социалдык жана кесиптик мобилдүүлүгү, жашоо-турмуштун жаман-жакшылыгын түшүнүп билген эстүүлүгү, башка адамдар менен өз ара мамиле кыла билүүсү башкы орунда тураары белгилүү.

Педагогикалык колледжди башкаруунун башкы айырмачылыгы катары уюштуруучулук-структуралык иштер менен катар эле башкаруу иш-аракеттеринин мазмунун аныктоо сыяктуу концептуалдык иш жүргүзүүнү да көрсөтүүгө болот. Колледжди башкаруу иштери максаттуу түрдө акыркы бир натыйжага жетүүгө багытталган. Андай натыйжа, албетте, профессионалдык ишмердүүлүккө жөндөмдүү кесип ээси ээ болгон дасыккан адистик сапатты калыптандыруунун, даярдоонун жогорку деңгээлинин болушу менен тыгыз байланыштуу. Колледждин ишмердүүлүгүндө колледж үчүн максат-багыттарды (колледждин окутуучулар жамааты түзгөн максаттарды) максат-милдеттери менен байланыштыруу маанилүү. Максат - милдеттер - мамлекеттик документтерде аныкталган билим берүүнүн ченемдик максаттары, тышкы чөйрө, «суперсистема» тарабынан түзүлгөн, жалпы иш-аракеттердин программасы катары түзүлгөн көрсөтмөлөр. Бул максаттардын бири - коомдун гуманитардык, социалдык, илимий-техникалык прогресстин талаптарына жооп берген, жалпы билим берүү жана кесиптик көз карашы кеңири, социалдык жана кесиптик мобилдүүлүккө ээ болгон квалификациялуу адистерге болгон учурдагы жана келечектеги муктаждыктарын канааттандыруу.

Диагностикалык этаптын жыйынтыктары окуу-тарбия процессин башкаруунун концептуалдык структуралык моделинин сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрүн аныктоого мүмкүндүк берди. Эксперименталдык иштин жүрүшүндө башкаруу структурасын жана окуу-тарбия процессин пландоонун бир катар варианттары сунушталды. Мындай системалуу-максаттуу ишмердүүлүктүн артыкчылыктары белгиленди жана алар окуу-тарбия процессин башкаруунун моделин иштеп чыгууда пайдаланылды.

Эксперименттин көзөмөл (контролдоо) этабы 2022-жылы жүргүзүлдү. Окуу-тарбия процессин башкаруу системасын калыптандыруу деңгээлинин өзгөрүшүнүн мурдагы жана кийинки көрсөткүчтөрүн салыштыруу, тактоо менен изилдөөнүн натыйжалуулугун текшерүү, изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпылоо жана иштеп чыгуу, теориялык корутундуларды жана практикалык сунуштарды тактоо, илимий корутундуларды окуу методикалык каржаттарда, илимий макалаларда, лекция, жыйындарда апробациядан өткөрүү иштери жүргүзүлдү. Атайын усулдардын жардамы менен изилденип алынган сан түрүндөгү көрсөткүчкөр окуу-тарбия процессин башкаруу системасын калыптандыруунун натыйжалуулугун баалоонун жыйынтыгы катары каралды. Жыйынтыгы төмөнкү таблицада берилди. Таблица 5.

Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык уюштуруу системасын калыптандыруунун натыйжалуулугун баалоонун жыйынтыктары.

<table>
<tr><th>Негизги критерий</th><th>Айрым критерийлер</th><th colspan="2">Көрсөткүчтөр</th><th colspan="2">Көрсөткүчтөр саны 2020-ж.</th><th colspan="2">Көрсөткүчтөр саны 2023-ж.</th></tr>
<tr><td rowspan="13">Окуу-тарбия процессин башкаруу системасынын калыптанышы</td><td rowspan="8">Башкаруунун натыйжалуулугу</td><td colspan="2">Башкаруу ишмердүүлүгүн баалоо</td><td colspan="2">6,97</td><td colspan="2">7,35</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Башкаруу стили</td><td>Ишке ориентация</td><td>7,0</td><td rowspan="2">6,5</td><td>7,3</td><td rowspan="2">6,75</td></tr>
<tr><td>Адамдарга ориентация</td><td>6,0</td><td>6,2</td></tr>
<tr><td colspan="2">Колледждеги иштин кызыктуу болушу</td><td colspan="2">8,5</td><td colspan="2">9</td></tr>
<tr><td colspan="2">Кызматкерлердин ыраазычылыгы</td><td colspan="2">7,0</td><td colspan="2">7,5</td></tr>
<tr><td colspan="2">Персоналдын мотивациясы</td><td colspan="2">6,4</td><td colspan="2">6,9</td></tr>
<tr><td colspan="2">Кызматкерлер менен жетекчилердин мамилеси</td><td colspan="2">7,8</td><td colspan="2">8,2</td></tr>
<tr><td colspan="2">Уюштуруу маданияты</td><td colspan="2">7,02</td><td colspan="2">7,46</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Окуу процессин уюштуруу</td><td colspan="2">Эксперттик баа берүү</td><td colspan="2">7,02</td><td colspan="2">7,8</td></tr>
<tr><td colspan="2">Объективдүү жыйынтыктар</td><td colspan="2">6,9</td><td colspan="2">6,8</td></tr>
<tr><td rowspan="3">Коллективдеги карым-катнаш</td><td colspan="2">Коммуникация</td><td colspan="2">7,5</td><td colspan="2">7,65</td></tr>
<tr><td colspan="2">Өз ара катнаш деңгээли</td><td colspan="2">8,5</td><td colspan="2">8,6</td></tr>
<tr><td colspan="2">Психологиялык абал</td><td colspan="2">6,9</td><td colspan="2">7</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td colspan="2">Натыйжалуулуктун жалпыланган көрсөткүчү</td><td colspan="2">7,34</td><td colspan="2">7,68</td></tr>
</table>

Калыптандыруучу эксперименталдык изилдөөдө орто окуу жайларда окуу-тарбия иштерин башкаруу системасынын модели сунушталды. Бул изилдөөдө ар кандай деңгээлдеги окуу жайлардын жетекчилери катышты. Эксперименталдык орто кесиптик окуу жай катары аныкталган И.Арабаев атындагы КМУнун гуманитардык-педагогикалык колледжинде (КМУГПК) жана ага кошумча түрдө Эл аралык Кувейт университетинин орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө изилдөөлөр жүргүзүлдү. 2020-2023-жылдардагы изилдөөлөрдүн жыйынтыгында атайын иштелип чыккан моделдин негизинде орто окуу жайдагы окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү алынды. Таблица 6.

Окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжалуулугунун баалоо (2021 ж.)

| № п/п | **Окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжалуулугун баалоонун көрсөткүчтөрү** | **ЭаКУ ОКБББ** | **КМУГПК** |
|---|---|---|---|
| 1 | Кадрларды баалоо | 0,91 | 0,92 |
| 2 | Окуу-тарбия ишмердүүлүгүн баалоо | 0,88 | 0,87 |
| 3 | Дене тарбиялык иштерди баалоо | 0,87 | 0,86 |
| 4 | Калктын билим берүүгө болгон талаптарын, муктаждыктарын камсыз кылуусун баалоо | 0,90 | 0,91 |
| 5 | Педагогикалык коллективдин инновациялык потенциалын баалоо | 0,79 | 0,79 |
| 6 | Өнүгүү стратегиясынын негизделишин, талапка ылайыктуулугун баалоо | 0,83 | 0,84 |
| 7 | Педагогикалык коллективдин өнүгүү деңгээлин баалоо | 0,85 | 0,87 |
| | **Жалпы көрсөткүч** | 0,86 | 0,87 |

Таблица 7.

Окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжалуулугунун баалоо (2023 ж.)

| № п/п | **Окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжалуулугун баалоонун көрсөткүчтөрү** | **ЭаМ-ИУ ОКБББ** | **КМУГПК** |
|---|---|---|---|
| 1 | Кадрларды баалоо | 0,91 | 0,93 |
| 2 | Окуу-тарбия ишмердүүлүгүн баалоо | 0,88 | 0,90 |
| 3 | Дене тарбиялык иштерди баалоо | 0,89 | 0,89 |
| 4 | Калктын билим берүүгө болгон талаптарын, муктаждыктарын камсыз кылуусун баалоо | 0,91 | 0,92 |
| 5 | Педагогикалык коллективдин инновациялык потенциалын баалоо | 0,76 | 0,80 |
| 6 | Өнүгүү стратегиясынын негизделишин, талапка ылайыктуулугун баалоо | 0,88 | 0,88 |
| 7 | Педагогикалык коллективдин өнүгүү деңгээлин баалоо | 0,76 | 0,85 |
| | **Жалпы көрсөткүч** | 0,85 | 0,88 |

Орто кесиптик билим берүү мекемелерине реформалык иштердин тийгизген таасири Таблица 8

| К № | Таасири | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2017** | **2019** | **2021** | **2023** | **Орточо** |
| 1. | Жогорку | 55.3 | 57.3 | 61.6 | 58.9 | 58,28 % |
| 2. | Орто | 22.7 | 26.5 | 19.0 | 21.7 | 22,47 % |
| 3. | Төмөнү | 9.1 | 8.0 | 9.6 | 9.1 | 8,95 % |
| 4. | Жоопсуз калтыруу | 12.9 | 8.2 | 9.8 | 10.3 | 10,3 % |
| **Жалпысы:** | | 100 % | 100 % | 100 % | 100 % | 100 % |

Мындан сырткары, студенттер үчүн өткөрүлгөн экспериментте контролдук жана эксперименталдык топтор катары педагогика дисциплиналарын окуган студенттеринен 100 студент жана ал сабактарды окуткан 12 окутуучу катышты. Студенттердин ичинен 51и эксперименталдык, 49у контролдук группага кирди. Калыптандыруучу эксперименталдык - тажрыйбалык иштер студенттердин активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык модель жана шарттарына ылайык окуу-тарбия иштерин башкаруунун гуманисттик-демократиялык чөйрөсүн түзүүгө багытталган программалык иш-чаралар таризинде жүзөгө ашты.

Көрүнүп тургандай, эксперименталдык иштерди жүргүзгөнгө чейин студенттердин өзүн-өзү башкаруу жана колледжди башкаруу системасынын иштерине аралашуу активдүүлүгүнүн өнүгүшүнүн деңгээлдери эксперименталдык жана группаларда студенттердин активдүүлүгүнүн өнүгүшүнүн деңгээлдеринин этабы төмөнкү көрсөткүчтөрдү: төмөнкү - 31,1%, ортоңку - 57,8%, жогорку - 11,1% ды, ал эми контролдук группаларда төмөнкү - 36,3%, ортоңку - 54,5%, жогорку - 9,2% ды түздү. Эксперименталдык группаларда эксперименталдык окууларды (тажрыйбаларды) жүргүзгөндөн кийин студенттердин активдүүлүгүнүн өнүгүү мүнөздөмөсү төмөнкүдөй болду: төмөнкү - 8,9%, ортоңку - 71,1%, жогорку - 20,0%. Ошол эле убакта бул көрсөткүчтөр контролдук группаларда олуттуу өзгөргөн жок. Бул процессте окутууда студенттер өздөрүнүн көнүмүш стреотипке айланган пассивдүү иш-аракеттеринен субьекттик ролго өтүштү, окуу жайдын окуу-тарбия процессин башкаруу иштерине аралашуу иштерин кечиришип, өздөрүнүн билим,

билгичтик, көндүм-жөндөмдөрүнүн өнүгүшүнө өбөлгө болуучу активдүү ишмердүүлүктүн тажрыйбаларына ээ болушту.

Ошентип, эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы-алынган көрсөткүчтөр орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасын өнүктүрүү боюнча сунушталган багыттардын натыйжалуулугу!

## 3.2. Орто кесиптик билим берүү системасынын окуу-тарбия процессин башкаярууда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу

Жаңы муундун калыптануу доорунда окутуучулар жамааты активдүү, чыгармачыл инсанды калыптандырууга багытталган билим берүү шарттарын жана технологияларын жаңыртуу зарылдыгын түшүнүүдө. Элдердин руханий мурасын сактап, өркүндөтүүчү жаш муундун адеп-ахлактык баалуулуктарын өстүрүү билим берүү системасынын жана бүтүндөй мамлекеттин биринчи кезектеги милдети болуп саналат. Ар дайым өзгөрүп туруучу шарттарга жана жаңы реалдуулуктарга ыңгайлашкан чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү инсанды калыптандыруу билим берүү системаларын башкаруу тармагында жетишилген натыйжаларды жана заманбап педагогикалык технологиялардын жетишкендиктерин практикага киргизүү менен мүмкүн болот.

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 -“Билим берүү жөнүндө” Мыйзамы жана учурдагы реалдуулук билим берүү ишинин натыйжаларына жаңы талаптарды коюуда. Бул билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин башкаруу ишине жаңы мазмунду жана заманбап методдорду киргизүүнү шарттайт.

Окутуу жана билим берүү процессине, ошондой эле билим берүүнү башкаруу системасына маалыматтык-коммуникациялык технологияларды интенсивдүү киргизүү билим берүү мейкиндигин камтыган жалпы тенденциядан кабар берет. Билим берүү системасын маалыматташтырууга болгон кызыгуунун өсүшү заманбап коомду каптаган глобалдык процесстер менен шартталган, атап айтканда: санариптик муундун жана санариптик инсандын калыптанышы ж.б. Ошондуктан, билим берүү процессинде, орто кесиптик билим берүү окуу жайын

башкаруу тармагында, өзгөчө кесипкөй адистерди даярдоодо маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жетишкендиктерин ишке ашыруу - учурдагы талап.

Билим берүү уюмун башкаруу практикасында топтолгон чоң теориялык жана практикалык материалдарга карабастан, орто кесиптик билим берүүнүн мекемесин башкаруу менен байланышкан процесстер бир топ мүчүлүштүктөрдү жаратып келген.[2].

Ошентип, бир топ авторлордун пикири боюнча, атап айтканда: Е.И. Аполских, В.Н. Подковырова, Д.П. Тевса - маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) - бул маалыматты түзүү, жайылтуу жана кызматтарды көрсөтүү үчүн колдонулган санариптик технологиялардын кеңири спектри (компьютердик техника, программалык камсыздоо, телефон линиялары, уюлдук байланыш, электрондук почта, уюлдук жана спутниктик технологиялар, зымсыз жана кабелдик байланыш, мультимедиа, ошондой эле Интернет) [152]. Жогорудагы аныктамага таянып, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар адам ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндө колдонулушу мүмкүн жана орто кесиптик билим берүү мекемелерин башкарууда санариптик технологияларды колдонуу да четте калбайт деп ырастасак болот. Мындан тышкары, заманбап санариптик технологияларды колдонуу менен гана билим берүү уюмдарын башкарууда чечимдерди кабыл алуу процессин оптималдаштырууга болот.

Белгилей кетсек, орто кесиптик билим берүүнү башкаруу - бул тартиптүү үзгүлтүксүз педагогикалык процессти орнотууга жана билим берүү мекемесин башкаруу системасын сапаттык жаңы форматка которууну уюштурууга багытталган иш-аракеттердин жыйындысы, б.а. санариптик абалга. Иш-чаралардын комплекси жөнүндө сөз кылганда орто кесиптик билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин да, колледждин окутуучуларинин да иш-аракеттеринин комплексин түшүнөбүз. Бул процессти башкаруу ишмердүүлүгүн түзүүнүн фундаменталдык принциптерине негизделген башкаруу моделин колдонуу менен эң жакшы ишке ашырууга болот [40] (схема).




Схема. Башкаруу ишмердигин калыптандыруунун принциптери

Орто кесиптик билим берүүнү башкаруунун бардык деңгээлдеринде санариптик технологияларды киргизүү кеңири перспективаларды ачат: окуу жайын башкаруудан окуу процессин башкарууга чейин. Маалыматтарды жыйноо, иштеп чыгуу жана аларды билим берүү процессинин катышуучуларына, атап айтканда, дарек ээсине жеткирүү натыйжалуу башкаруунун негизги шарты болуп саналат. Мунун натыйжасында сапаттык жаңы педагогикалык технологияларды алуу жана колдонуу мүмкүнчүлүктөрү пайда болот.

Көптөгөн авторлордун пикирине ылайык, орто кесиптик билим берүүнүн окуу процессин башкарууда маалыматтык технологияларды колдонуу динамикалык өнүгүү шарттарында ийкемдүү иш тартибин камсыз кылып, башкаруу ишинин сапатын жана маданиятын жогорулатууга өбөлгө түзөт [40].

Педагогикалык процесстерди башкарууга арналган илимий басылмаларды үч топко бөлүүгө болот:

1. Билим берүү мекемесин башкаруунун жалпы маселелери (Ю.К. Бабанский, В.С. Лазарев, А.М. Моисеев, В.П. Симонов ж.б.);

2. Билим берүү мекемесин башкарууга илимий мамилени өркүндөтүү (Ю.В. Васильев, И.И. Журавлев, Г.И. Щукин);

3. Башкаруунун ар кандай технологияларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү маселелери (Я.К. Вехновец, Л.Л. Редко, Т.И. Шамова).

Билим берүү уюмдарын башкаруу маселелерине методологиялык мамилени талдап, макаланын авторлору орто деңгээлдеги билим берүү уюмун башкаруунун мисалында билим берүү мекемесин башкаруу процессин оптималдаштыруунун

траекториясын иштеп чыгышкан. Алар билим берүү мекемелерине маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен башкаруу моделин киргизүүнүн максатка ылайыктуулугун теориялык жактан негиздеп, эксперименталдык жактан тастыктоого жетишишкен.

Этап № 1.

Билим берүү тармагында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуунун натыйжалуулугунун денгээлин балоо.

---

Жетекчиликти, профессорлук-окутуучулар курамын, студенттерди жана ата-энелерди маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдоно билүүсүнүн эффективдүүлүгүн изилдөө.

Этап № 2.

Өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн зарылчылыгы жана натыйжалуулугу жөнүндө билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан кызматкерлерге маалымат жеткирүү

---

Жооптуу аткаруучуларды дайындоо

Этап № 3

Жетекчилик жана профессордук-окутуучулук курамдын МТК пайдалана билүүсүн, кайра сурамжылоонун жыйынтыктарын салыштырып талдоо.

---

Билим берүү уюмунун уюштуруучулук, башкаруучулук, методикалык жана педагогикалык курамында МКТ каражаттарды колдонуусунун натыйжалуулугун аныктоо.
Жетекчилик, педагогикалык жамаат, студентлар жана ата-энелер арасында кайталап сурамжылоо жана колдоно билүүсүн уюштуруу.

Сүрөт. МКТны колдонуу менен билим берүү уюмун башкаруу моделин ишке ашыруу боюнча изилдөө иштеринин этаптары

Заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен билим берүү уюмунун башкаруу моделин ишке ашыруу үчүн И.Арабаев атындагы Мамлекеттик университетинин педагогикалык гуманитардык колледжи, Эл аралык Кувейт университетинин Орто кесиптик билим берүү бөлүмү жана Эл аралык Мета-илимий университетинин Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн өкүлдөрү катышты. Аталган университеттердин Орто кесиптик билим берүү уюмдары илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн эксперименталдык аянтча болуп калды. Экспериментке катышкан топтун курамы төмөндөгүдөй:

– жетекчилик: 7 адам (100%);
– окутуучулар: 47 адам (89%);
– студенттер: 420 адам (71%);
– студенттердин ата-энелери: 173 үй-бүлө (66%).

Бул моделди ишке ашыруу боюнча илимий-изилдөө иштерин баштоодон мурун аракеттин алгоритми иштелип чыгып, маселени чечүү үчүн этаптардын (кадамдардын) ырааттуулугу аныкталган (сүрөт).

Изилдөө иштеринин баштапкы этабы билим берүү уюмунун башкаруу ишмердигинде санариптик технологияларды колдонуунун натыйжалуулугун баалоо менен мүнөздөлөт. Бул максаттар үчүн тесттик система иштелип чыгып, Орто кесиптик билим берүү кызматкерлеринин, студенттердин жана алардын ата-энелеринин арасында сурамжылоо жүргүзүлгөн. 2022-2023-окуу жылында маалыматтык-билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө жакшы таасирин тийгизген материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу, кадрлар менен камсыз кылуу жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгүн баалоо иштери жүргүзүлдү. Анын негизинде бир катар тыянактар чыгарылып, алсыз жана күчтүү жактары аныкталган (сүрөт).

Сүрөт. Билим берүү процессин маалыматташтыруунун абалына SWOT анализи

**Күчтүү жактары**

- ❖ Администрациянын бардык кызматкерлери документтерди даярдоодо (учурдагы иш кагаздарын жүргүзүүдө) жана окуу процессине байланыштуу маалыматтарды чогултууда компьютерди үзгүлтүксүз колдонушат.
- ❖ Окуу жайлардын кадрлар менен камсыз болушу (24 илимдин кандидаты, 9 доцент) жогорку билимдүү профессордук-окутуучулар курамы менен камсыздалган.
- ❖ Окутуучулар үчүн автоматташтырылган 45 жумушчу орун түзүлгөн.
- ❖ Бардык компьютерлер (112) Интернетке туташкан (10 Мб/сек).

**Жетишпеген жактары**

- AVN системасы мониторинг жүргүзүү жана студенттердин ата-энелери менен байланышуу үчүн жетишсиз колдонулууда.
- МКТлардын жаңы мүмкүнчүлүктөрүн өздөштүрүү жана колдонуу үчүн педагогикалык жамааттын мотивациясынын жетишсиз деңгээли.
- Дистанциялык окутуунун жоктугу.
- Ата-энелер тарабынан МКТларды жетишсиз пайдалануу.

Билим берүү мекемесин башкарууда жана аткарылган иштердин жыйынтыктарын чыгарууда анын кемчиликтерин гана белгилебестен, колледжде санариптик билим берүү платформасын пайдалануу, аны заманбап тенденцияларга ылайык модернизациялоонун перспективалары жана мүмкүнчүлүктөрүн да белгилөө зарыл.

Билим берүү ишинин ар кандай түрлөрүндө санариптик технологияларды колдонуу деңгээлин баалоо үчүн интервью алуучулар респонденттердин курамын аныкташты. Алардын курамына окуу жайдын администрациясынын кызматкерлери, педагогикалык жамаат, студенттер жана алардын ата-энелери кирет. Сурамжылоо жүргүзүлүп, ага 7 административдик-башкаруучу персонал (100%), колледждердин 47 окутуучусу (89%), 420 студент (71%) жана студенттердин 173 ата-энеси (66%) катышкан.

Колледждердин кызматкерлеринин ишинин ар кандай түрлөрүндө санариптик технологияларды колдонуу деңгээлин изилдөө, изилдөөлөрдүн натыйжаларын талдоо жана баалоо методологиясы Республикалык илимий-методикалык борбордо (Бишкек ш.) иштелип чыккан. Бул методология рейтинг шкаласын колдонуу менен [4] изилденип жаткан мүнөздөмөлөрдүн төмөнкү деңгээлдерин аныктайт: жогорку, орто, төмөн (сүрөт).

Респонденттерге: «Алар санариптик технологияларды колдонуунун зарылдыгын түшүнүшөт, аларды кантип колдонууну билишет жана билим берүү иш-чараларына жайылтууга катышышат» деген сөздүн калыстык деңгээлине баа бериши керек:

1) **жогорку деңгээл** - 60% ашык

2) **орто деңгээл** - 30-60%

3) **төмөн деңгээл -** 30% дан аз

Изилденүүчү белгинин көрүнүшүнүн деңгээлин аныктоочу шкала.
Бардык респонденттер 2022-2023-окуу жылында эң популярдуу компьютердик технология катары электрондук журнал менен иштөө белгиленгенин билдиришти. Ошол эле учурда мен бул ресурстун бардык жеткиликтүү функциялары окутуучулар тарабынан толук пайдаланылбай жатканын белгилегим келет. Учурдагы бааларды чыгаруу (89%) жана үй тапшырмаларын, ошондой эле өз алдынча иштөө үчүн тапшырмаларды жарыялоо (77%) эң популярдуу иш-аракеттер болду.

Ачык сабактардын жыйынтыгын чыгарганда, колледждин администрациясынын кызматкерлери (7 кызматкер) окутуучулардын сабактарында көбүнчө интерактивдүү доскалар колдонулуп, сабактардын олуттуу бөлүгү мультимедиялык презентациялар менен коштолорун белгилешти. Окутуучулардын 75%ы электрондук билим берүү ресурстарын активдүү колдонуп жатканына көңүл бурулду. Административдик кызматкерлер арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы ар бир мугалим санариптик технологияларды окуу процессинде колдонуу максатка ылайыктуу экенин түшүнөөрүн көрсөттү. Бирок, бардык окутуучулар компьютердик технологиялардын негизинде билим берүүнүн заманбап ыкмаларын өздөштүрүүгө кызыкдар эмес. Аларга ишенип берилген билим берүү уюму заманбап педагогикалык технологияларды колдонуу боюнча тажрыйба берүү жана окутуучулардын компьютердик технологияларды жана электрондук билим берүү системаларын сабакта колдонуу жаатындагы жетишкендиктерин алмашууга багытталган иш-чараларды системалуу түрдө өткөрбөй жатат.

Тесттин жыйынтыгы көрсөткөндөй, окутуучулардын 16%ы билим берүү процессине мультимедиялык жана компьютердик технологияларды киргизүү зарылдыгын түшүнөт. Алардын ичинен 24%ы МКТны колдонуу боюнча компетенттүүлүгүн жогорулатууга кызыкдар экенин, 41%ы окутуучулардын активдүүлүгүнүн орточо деңгээлин, ал эми 35%ы төмөн деңгээлде экенин (сүрөт) белгилешет.




Сүрөт. Тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча МКТнын негизинде билим берүү технологияларын өздөштүрүү боюнча окутуучулардын активдүүлүгүнүн деңгээли.

Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн окутуучулари тарабынан эң популярдуу жана мыкты өздөштүрүлгөн заманбап технологиялар болуп төмөнкүлөр саналат: окуу процессинде SMART интерактивдүү досканы колдонуу, ар кандай онлайн курстарда дистанттык окутууну жана квалификацияны жогорулатууну уюштуруу (вебинар форматында), ошондой эле электрондук журнал аркылуу иш жүргүзүү. Мисалы, колледждин окутуучуларинин 18%ы билим берүүнүн жаңы технологияларын толук өздөштүрүшкөн, 43%ы бул технологияларды орто деңгээлде колдонушса, 39%ы өздөштүрүүнүн төмөн деңгээлин көрсөтүштү (сүрөт).




Сүрөт. Тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча IT технологияларды өздөштүрүү боюнча профессордук-окутуучулук курамдын активдүүлүгүнүн деңгээли

Педагогикалык жамааттын 61%ы жогоруда көрсөтүлгөн технологиялардын бардыгын сабактарда колдонсо, 39%ы бир же эки технологияны колдонсо, агын 4%ы алардын бирин да колдонбогону аныкталды.

Окуу процессинде санариптик технологиялардын ролу жана мааниси боюнча көз карашын өзгөртүүгө, алдыңкы педагогикалык окуу жайлардын тажрыйбасын изилдөөгө жана алардын окуу жайына жаңы технологияларды киргизүүгө колледждин профессордук-окутуучулук курамынын даярдыгынын деңгээлин аныктоо максатында сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоонун жыйынтыктарын талдоо төмөндөгүлөрдү көрсөттү: педагогикалык курамдын 12%ы жогорку даярдыкты, 59%ы орточо жана 29%ы төмөн даярдыкты көрсөттү.

Педагогикалык кадрларды сурамжылоонун кийинки пункту МКТны орто кесиптик билим берүүнү башкаруу ишмердигинде колдонуу тажрыйбасын жайылтуу боюнча иш-чараларды системалуу түрдө уюштуруу жана өткөрүү маселесине, ошондой эле эң ийгиликтүү жыйынтыктарды изилдөө маселесине арналды. Бул багыттагы акыркы жетишкендиктерге ылайык, окутуучуларден алынган сурамжылоо төмөнкүдөй жыйынтыктарды көрсөттү:

- педагогикалык жамааттын 8%ы жогорку активдүүлүктү;
- педагогикалык жамааттын 24%ы орточо активдүүлүктү;
- педагогикалык жамааттын 67%ы төмөн активдүүлүктү көрсөтүштү.

Ошондой эле МКТны колдонуу менен билим берүү технологияларын өздөштүрүүгө болгон кызыгуунун деңгээли бааланды, натыйжалар сүрөттө берилген.




Сүрөт. Тесттин жыйынтыгы боюнча МКТны колдонуу менен педагогикалык технологияларды өздөштүрүүгө кызыгуунун деңгээли

Сурамжылоого катышкан профессордук-окутуучулар курамынын 14%ы гана администрация менен жемиштүү өз ара аракеттенүү, маалыматты кабыл алуу жана берүү боюнча МКТнын жардамынын жогорку деңгээлин белгилешти. Окутуучулардын 16%ы орточо, ал эми 72%ы төмөн деңгээлдеги өз ара аракеттенүүнү көрсөтүштү.

Маалыматты кабыл алуу жана берүү боюнча кесиптештердин өз ара аракеттенүүсүнө МКТ жардамынын деңгээли боюнча төмөнкүдөй жыйынтыктар алынды:

- жогору: 14% окутуучулар;
- орто: 16% окутуучулар;
- төмөн: 70% окутуучулар.

Студенттер менен өз ара аракеттенүүнүн деңгээлин баалоо боюнча жакшы жыйынтыктар алынды. Маалыматтарды кабыл алуу жана берүү боюнча студенттер менен иштөөдө сурамжылоого катышкан окутуучулардын 20%ы жогорку, 31%ы орточо, ал эми 49%ы төмөн деңгээлди белгилешти.

Окутуучулардын 20%ы ата-энелер менен өз ара аракеттенүүдө МКТнын жардамы менен маалымат алуу жана берүүнүн жеңилдешкенин билдиришти.

Окутуучулардын 8%ы орточо деңгээлди, 72%ы болсо МКТнын жардамынын төмөн деңгээлин көрсөтүштү.

Респонденттердин басымдуу көпчүлүгү (86%) заманбап МКТ куралдарын белгилүү бир деңгээлде дайыма колдонорун, ал эми 14%ы гана аларды өтө сейрек колдонорун белгилешти. Респонденттер МКТ куралдарынын бар экендиги жөнүндө суроого бир добуштан жооп беришти: профессордук-окутуучулар курамынын 100%ы ар бир мугалим МКТны колдоно алат деп билдиришти, муну Covid-19 учурунда дистанттык окутуу учурунда далилдешкен.

Тестирлөөнүн жыйынтыктарын чыгарууда МКТнын инструменттерин колдонуу боюнча консультациялык колдоонун деңгээли анчалык жогору эмес экени аныкталган: окутуучулардын 69%ы аны ала аларын, 31%ы дайыма эмес экенин белгилешти.

Сурамжылоолордун жыйынтыгы боюнча окутуучулардын 24%ы заманбап маалыматтык технологияларды ишке киргизүү жана колдонуу маселелери боюнча коомчулукка кесиптик билим берүү окуу жайларынын ишмердүүлүгүн көрсөтүүгө багытталган ар кандай иш-чараларга катышканы же катышып жатканы аныкталган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө профессордук-окутуучулар курамдын басма сөз активдүүлүгү да белгиленди. Ошентип, 27%ы илимий басылмаларга ээ болсо, респонденттердин 37%ы тармактык долбоорлорго катышканын билдиришти.

Колледж окутуучуларине МКТны колдонуу менен өздөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн жайылтуу жана көрсөтүү үчүн иш-чаралардын тизмесин түзүүгө мүмкүнчүлүк берилди. Түзүлгөн тизме төмөнкү пункттардан турат: онлайн форматта долбоордук иш боюнча окутуучулар менен колледждин студенттеринин кызматташуусу; электрондук басылмаларда активдүү жарыялоо; ар кандай дисциплиналар аралык иш-чараларга аралыктан катышуу, вебинарлар; онлайн сынактар; ачык сабактарды өткөрүү жана коддорду жазуу боюнча уюштуруу маселелери.

Биринчиден, тестирлөөнүн жыйынтыктары колледждин педагогикалык процессин башкарууда жана окуу процессинин катышуучуларынын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсү үчүн шарттарды түзүүдө МКТнын жетишсиз колдонулуп жатканын көрсөтөт.

Колледждин ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүндө санариптик технологиялардын колдонуу даражасы изилденип, МКТны колдонуу менен башкаруу моделин киргизүү боюнча иштер уюштурулган.

Биздин илимий иштердин кийинки этабы - маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен билим берүү мекемесин башкаруу моделин тестирлөө. Колледжды башкаруунун сунушталган моделин изилдөө (сүрөт) ар кандай позициялардан карап чыгуу сунушталат: уюштурууучулук-башкаруучулук, методикалык, окуу-технологиялык.[5].




Сүрөт. Билим берүү уюмунун башкаруу модели

**Билим берүү уюмунун башкаруу моделин ишке ашыруу**

Уюштуруу-башкаруу компоненти төмөнкүлөрдү билдирет:

1. **Заманбап веб-сайтты өнүктүрүү**: колледждин маалыматтык ресурстарын жандандыруу.
2. **Электрондук документ жүгүртүүнү оптималдаштыруу**: ички процесс менен алектенүү.
3. **Окуу жайын башкаруу процессин автоматташтыруу**: колледждин ишмердүүлүгүнө көз салуу.

Колледждерде көндүмдөрдү жана окутуунун мыктылыгын жогорулатуу үчүн оптималдуу шарттарды түзүү жана уюштуруу менен байланышкан бардык процесстер моделдин усулдук компонентине байланыштырылат.

Моделдин билим берүү компоненти төмөнкүлөргө арналган:

1. **Окуу процессине мониторинг жүргүзүү**: натыйжаларды иштеп чыгуу.
2. **Долбоордук ишмердүүлүктү уюштуруу**: студенттерди жана ата-энелерди тартуу.
3. **Дистанттык окутууну киргизүүгө көмөктөшүү**: процесс үчүн колдоо көрсөтүү.
4. **Ата-энелер үчүн маалыматтык база**: студенттердин жетишкендиктери, сабакка катышуусу жана рейтинги боюнча актуалдуу маалыматтарды өз убагында алуу.

Технологиялык компонент ачык маалыматтык билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө, локалдык жана глобалдык тармакта иштөө жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууга, материалдык-техникалык жактан камсыздоону тиешелүү деңгээлде кармап турууга байланыштуу. Бул компонент коопсуз Интернет менен байланышкан маселелер боюнча билим берүү иштерин уюштуруп, камтышы керек.

Башкаруу моделин ишке ашыруунун башталышы болуп колледждин директору кызматкерлерге жогоруда сунушталган моделди колдонуу менен окуу жайын башкаруу процессин өзгөртүүнүн максатка ылайыктуулугу жана зарылчылыгы жөнүндө маалымат берген жолугушуу болду. Колледждин административдик кызматкерлери жана окутуучулары моделди ыңгайлаштырууга жана аны ишке ашырууга активдүү катышууга чакырылган. Белгиленген бардык багыттарда жумушчу топторду түзүү боюнча окуу жайга ички коллегиалдуу буйрук берилип, топтун жетекчилери дайындалды.

Илимий-изилдөө ишибиздин кийинки этабында эксперименттин бардык катышуучуларынан кайталап сурамжылоо жүргүзүлдү:

- администрация кызматкерлери;
- профессорлук-окутуучулар курамы;

- студенттер;
- ата-энелер жана үй-бүлө мүчөлөрү.

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын куралдарын өздөштүргөн деңгээлин аныктоо үчүн билим берүү уюму сурамжылоонун натыйжаларын статистикалык ыкмалар менен талдады.

Колледждин кызматкерлерин кабыл алуунун жана кайра тестирлөөнүн жыйынтыктарын салыштырганда оң динамика белгиленди. Санариптик технологияларга негизделген заманбап педагогикалык методдорду аныктоо жана ишке киргизүү системасы түзүлүп, мындай методдордун натыйжалуулугун баалоо аппараты иштелип чыккан. Билим берүү мекемелеринде окуу процессин башкаруу чөйрөсүндө IT-технологияларды колдонуу көлөмү кыйла өстү. Учурда билим берүү мекемелери ата-энелерди тарбиялык иштерге активдүү тартууга баштады.

Заманбап билим берүү мейкиндигинде санариптик технологияларды колдонбосо, натыйжалуу билим берүү ишмердүүлүгүнүн чектерин кеңейтүү мүмкүн эмес. Алар башкаруучулук ишмердүүлүккө, башкаруу чечимдерин калыптандырууга жана студенттердин индивидуалдык активдүүлүгүн жогорулатууга оң таасирин тийгизет. Окуу процессин башкаруу технологиясы эмгек сыйымдуулугу, маалыматтын чоң көлөмү, бир типтеги аракеттердин кайталанышы, так эместиктер жана каталарга жол берүү тобокелдигинин болушу менен мүнөздөлөт.

Педагогикалык процессти башкарууда маалыматтык-коммуникация технологияларын (МКТ) натыйжалуу пайдалануу үчүн билим берүү уюмунда төмөнкү шарттарды түзүү сунушталат:

1. Бардык колледждердеги компьютерлер локалдык тармакка туташып, Интернетке кире алышы керек.

2. Билим берүү уюмун башкаруунун ченемдик укуктук базасын системалаштыруу.

3. Ченемдик укуктук базаны электрондук маалымат каражаттарына которуу.

4. Веб-сайт аркылуу билим берүү уюмун башкаруунун ченемдик укуктук чөйрөсүнүн ачыктыгын жана маалыматтык айкындыгын камсыз кылуу.

5. Электрондук документ жүгүртүүнү ишке киргизүү. Жаңы платформаларды иштеп чыгуу.

6. Орто кесиптик билим берүү уюмдарында окуу процессинин бардык катышуучуларынын маалымат базасын түзүү жана такай жаңыртуу.

7. Билим берүү процессинин сапатына мониторинг жүргүзүү системасын иштеп чыгуу.

8. Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана өз алдынча тарбиялоо.

9. Басма методикалык басылмаларды чыгаруу.

Эл аралык Мета-Илим университетинин колледжиндеги билим берүү жана тарбия процессин башкаруу боюнча илимий иштин алкагында "Күндөлүк" веб-приложениесин сунуштайбыз. Бул заманбап маалыматтык-коммуникация технологияларынын ыңгайлуу куралы болуп, билим берүү процессин башкарууда чоң жардам берет.

Биздин веб-приложение "Күндөлүк" ар бир студенти үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт. Ар бирибизде уюлдук телефондор бар жана биз иштеп чыккан веб-приложениени орнотууга мүмкүнчүлүк алабыз.

"Күндөлүк" автоматтык түрдө ар бир топтун расписаниесин көрсөтөт, бул кагаз таблицаларды текшерүүнүн зарылчылыгын жоюп, студенттердин сабактарга убактысында катышуусун камсыздайт.

Студенттер жеке аккаунтунда өзүнүн жетишкендиктерин көзөмөлдөй алышат. Бул аккаунтта бардык баалар жана отчеттор чогултулат. Окутуучулар бааларды ылдам коюп, студенттердин прогрессин көзөмөлдөй алышат. Старосталар топтун уюштуруу иштерин натыйжалуу башкарууга мүмкүнчүлүк алышат. Ата-энелер балдарынын колледждеги жетишкендиктерин туруктуу көзөмөлдөп, балдарынын окуусун колдоого ала алышат.

Мындан тышкары, "Күндөлүк" веб-приложение билим берүү материалдарын, мисалы, конспекттерди жана ресурстарды бир жерде чогултууга мүмкүндүк

берет. Студенттер кайда болсо да керектүү маалыматка жетип, өз алдынча билим алуусун уланта алышат.

Биздин веб-приложение билим берүү процессине катышкан бардык адамдардын жашоосун жеңилдетүү үчүн түзүлгөн. Маалыматка кирүү мүнөт ичинде болот жана кагаздык булактардан бир топ тезирээк. "Күндөлүк" аркылуу маалымат менен иштөө оңой жана ыңгайлуу болуп, окутуу процессин натыйжалуу кылат.

Эксперименталдык түрдө "Күндөлүк" веб-приложениени билим берүү процессинде колдонуу студенттерге жана окутуучуларга чоң пайда алып келерин ишенебиз. Окутуучулар, студенттер, ата-энелер жана өнөктөштөр "Күндөлүк" менен окутууну жана башка жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ача алат. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгын чыгаруу менен биз санариптик технологияларды колдонуу аркылуу колледждердин окуу-тарбия процессин башкаруу моделинин натыйжалуулугун ырастап, аны колдонууга сунуштоо зарыл.

### 3.3. Орто кесиптик билим берүү мекемесинде окуу-тарбия процессин башкарууну уюштуруунун оптималдуу модели жана кадрлар саясатын тажрыйбалык изилдөө

Окуу жана тарбия процессин башкаруу - бул администрациянын, окутуучу/окутуучулардын жана студенттердин өз ара багытталган, өз ара аракеттенүүсүнүн шарттарында тарбиялык-педагогикалык кырдаалдарды болжолдоо, долбоорлоо, талдоо, уюштуруу, багыттоо, чечүү. Бул алардын өнүгүшүнө жана өзүн өзү өнүктүрүүсүнө мотивация жана ой жүгүртүү каражаттары менен тиешелүү багытты камсыз кылат.

Орто кесиптик окуу мекемеси өзүнүн ички структурасы бар, татаал жана тармакташкан механизм болуп саналат, анын ар бир бөлүмү, кызматкери, субъектиси макулдашылган түрдө эффективдүү аракет кылганда гана ийгиликтүү иштей алат [42, 45-б.].

Колледжде окуу-тарбия процессин башкаруунун усулдук функциясынын эффективдүүлүгүн жогорулатууда педагогикалык жардамды, биз

окутуучулардын иш-аракетинин бардык түрлөрүн ишке ашыруунун уюштуруучулук-педагогикалык шарттарын аныктоонун жана ишке ашыруунун максаттуу, системалуу уюштурулган процесси катары карайбыз. Колледж - студенттерин даярдоонун жогорку деңгээли. Колледжде окуу процессин башкаруунун методикалык функциясынын натыйжалуулугун жогорулатуу маселесин чечүү уюштуруучулук-педагогикалык шарттардын комплексин ишке ашыруу менен камсыз кылынат:

-окутуучу/окутуучулардын аныкталган кызыкчылыктарына, ыктарына, жөндөмдүүлүктөрүнө негизделген таанып-билүү жана практикалык иш-аракеттерин активдештирүү;

-окуу процессине инновациялык технологияларды кеңири киргизүү жана бул багытта колледждердин окутуучуларын максаттуу жана системалуу даярдоо;

-окутуучулардын кесиптик квалификациясын жогорулатуу боюнча колледждер аралык системаны уюштуруу;

-окуу жайдын кызматкерлеринин социалдык өнөктөштүгүнүн негизинде башкаруунун бардык деңгээлдериндеги колледждердин жетекчилеринин контролдук жана аналитикалык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү.

Колледжде окуу-тарбия процессин башкаруунун методикалык функциясын эффективдүү ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды - билим берүүнүн мазмунунун студентке багытталган мамиленин талаптарына ылайык келүүсүн (аныкталган талаптардын негизинде таанып билүү жана практикалык ишмердүүлүктү активдештирүү) карайлык. Педагогикалык рефлексияны колледж окутуучуларинин кесипкөйлүгүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун фактору катары пайдалануу жана окуу процессине инновациялык технологияларды кеңири жайылтуу - бул багытта колледждин окутуучуларын максаттуу жана системалуу даярдоо. Сунуш кылынган уюштуруучулук-педагогикалык шарттардын комплексинде төмөнкү шарттар - окутуучу/окутуучулардын кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн колледж ичиндеги системаны уюштуруу жана башкаруунун бардык деңгээлдеринде колледждердин жетекчилеринин контролдук-аналитикалык

ишмердүүлүгүн өркүндөтүү да талап кылынат. Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуунун колледж ичиндеги системасын иштеп чыгууда бул принцип эске алынууга тийиш. Педагогикалык колледждин профессордук-окутуучулук курамынын квалификациясын жогорулатуу системасы үч функциянын өз ара байланышынын динамикасына негизделиши керек: өндүрүш, билим берүү жана жайылтуу. Бул үчүн колледждин, кесиптик лицейдин окутуучуларин психологиялык-педагогикалык даярдоо концепциясы жалпы кесиптик психологиялык-педагогикалык даярдыкты фундаменталдуу жогорулатуунун квалификациясын жогорулатуу системасын долбоорлоонун усулдук, башкаруучулук аспектилерин, окутуунун мазмунун ийкемдүү дифференциацияланышын эске алуубуз керек. Окуу процессинин кесиптик багытына басым жасоо, жаңы педагогикалык технологияларды, окуу-тарбия процессине окутуу каражаттарын, чоңдорго билим берүүнүн активдүү ыкмаларын жана формаларын киргизүүдө, окутуучулардын кесиптик квалификациясын жогорулатуу боюнча билим берүү программасынын мазмунун иштеп чыгууда биз “Билим берүү мекемесин аттестациялоо жөнүндө жобонун” талаптарын эске алышыбыз керек. Мында орто кесиптик билим берүү системасына эң ылайыктуу критерийлердин жыйындысы эске алынат: толуктугу, жалпылоосу, ырааттуулугу, конкреттүүлүгү, натыйжалуулугу, интеллектиси, студентлардын билиминин, көндүмүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн натыйжалуулугу. Колледждин мугалиминин педагогикалык даярдыгынын инварианттык бөлүгү фундаменталдык педагогикалык билимдерди жана ага ылайык көндүмдөрдү, усулдук жана технологиялык билимдерди жана көндүмдөрдү, негизги кесиптик-педагогикалык билимдерди жана көндүмдөрдү камтылат.

Билим берүү стандартынын болушу кесиптик билим берүүнүн жыйынтыгын аныктоого мүмкүндүк берет. Билим берүү стандарты акырында кесиптик билим берүү процессин ишке ашыруу үчүн мамлекеттин минималдуу талаптарын аткаруу, билим берүү максаттарынын минимумуна жетишүү жөнүндө түшүнүк берет. Анын жетишкендигине жараша билим берүүнүн функцияларынын сапаттык аткарылышын баалоого болот. Окутуучулардын квалификациясын

жогорулатуу программасынын мазмуну билим берүү стандартынын талаптарын чагылдырууга тийиш. Колдонуудагы билим берүү стандарттарын талдоо колледждердин окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу программасынын эң маанилүү компоненттерин аныктоого мүмкүндүк берет:

- адистердин жалпы илимий, фундаменталдык даярдыгынын мазмуну;
- жалпы билим берүүчү жана кесиптик даярдоонун негизги дисциплиналары боюнча программалык материалды өздөштүрүү деңгээли;
-келечектеги адистерди практикалык даярдоонун мазмуну.

Квалификациялык мүнөздөмөлөрдүн негизинде окутуучулардын квалификациясын жогорулатуунун колледж ичиндеги системасын иштеп чыгууда квалификацияны жогорулатуу программасынын максатын - сапаттык, ал эми зарыл болгон учурда иш жүзүндө каалаган натыйжаны сандык жактан көрсөтүү катары аныктоо маанилүү.

И.Арабаев атындагы КМУнун колледжи - окуу жайда окуу-тарбия процессин башкаруунун методикалык функциясын аткарууда көзөмөлдүн мааниси чоң. Колледждин жетекчилеринин контролдук-аналитикалык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү шарты окуу жайдын кызматкерлеринин социалдык өнөктөштүгүнүн негизинде башкаруунун бардык деңгээлдеринде маанилүү. Колледж окутуучуларинин методикалык ишмердигинин педагогикалык диагностикасы актуалдуу. Окутуучулардын кесиптик квалификациясын жогорулатуунун колледж ичиндеги тутумун иштеп чыгууда педагогикалык диагностиканын милдеттеринин ичинен системаны оптималдаштырууга багытталган бир кыйла айкын дидактикалык багыттагы милдеттер жана билим берүүнү жөнгө салууга багытталган милдеттер турат. Колледждин окутуучуларынын усулдук ишмердүүлүгүн педагогикалык диагностикалоо колледждин жетекчилеринин - директордун, предметтик-циклдик комиссиялардын жетекчилеринин, усулдук кеңештин контролдук-аналитикалык ишинин жүрүшүндө жүргүзүлөт. Башкаруу эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында колледждердин жетекчилеринин контролдук-аналитикалык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү шарттарын ишке ашырууга педагогикалык колдоо көрсөтүү блок түрүндө берилген.

1-блок. **Оперативдүүлүк:** окуу процессинин негизги көрсөткүчтөрүнө күн сайын талдоо жүргүзүүнү, анын жүрүшүн жана рационалдуу уюштурууну бузуунун себептерин ачууну, бул себептерди четтетүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууну камсыз кылат.

2-блок. **Тактикалык:** блоктун максаты - квалификацияны жогорулатуу системасын тартипке келтирүү жана анын айрым элементтерин жаңы, сапаттык жактан жогору абалга өткөрүү боюнча сунуштар менен жөнгө салуу функциясын камсыз кылуу.

3-блок. **Стратегиялык:** блоктун максаты билим берүү окуу жайларынын окутуучуларинин өткөн мезгилдеги усулдук иш-аракеттеринин натыйжаларына баа берүү, толук пландаштыруу мезгилиндеги иштердин максаттарын түзүү, алардын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча башкаруунун усулдук функциясы боюнча сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Башкаруу-аналитикалык шарттын блокторунун ортосундагы байланыш төмөнкүдөй: блоктордун ар бири мазмундун өзгөчөлүгүнө ээ, өзүнө мүнөздүү милдеттерди гана аткарат. Блоктордун түзүлүшү алардын максатына ылайык келет, б.а. структуралык өзгөчөлүгү бар. Ар бир блок салыштырмалуу көз карандысыздыкка ээ жана өзүнө гана тиешелүү милдеттерди аткарышы менен бирге ар бир блок башка блоктор менен өз ара аракеттенгенде гана өзүнүн функционалдык максатын аткара алат. Бардык үч блок боюнча контролдук-аналитикалык иш-чараларды ишке ашыруу окутуучулардын кесипкөйлүгүнүн деңгээли, усулдук ишинин абалы жана окутуучулардын чыгармачылык активдүүлүгү жөнүндө так маалымат алууга мүмкүндүк берет. Уюштуруу-педагогикалык шарттардын интеграциялык аспектиси болуп методологиялык даярдыкты өнүктүрүү болуп саналат. Кесиптик билим жана тарбия берүүнүн максаттуу жолго коюлушуна, окутуучулардын кызматтык милдеттерине, квалификациясына жана иш тажрыйбасына жараша колледждин окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу максатында контролдук-аналитикалык шарттарды аткаруу боюнча жетекчинин ишмердүүлүгүнүн структуралык жана функционалдык мүнөздөмөсүн долбоорлоо зарыл. Аны иштеп

чыгуу үчүн баштапкы маалыматтар кызматтык нускамалар, профессиограммалар, компетенция модели, мамлекеттик билим берүү стандарттары болуп саналат. Биз бөлүп көрсөткөн шарттарды бүтүндөй кароо керек, анткени колледжде окуу процессин башкаруунун методикалык функциясын өзүнчө каралган бир да шарт эффективдүү ишке ашырууну камсыздай албайт.

Орто кесиптик билим берүү окуу-тарбия процессин башкаруу системасына байланыштуу эксперименталдык изилдөөнүн маалыматтары, эксперименттин натыйжалары, корутундулары, практикалык сунуштары каралат жана проблеманы андан ары изилдөөнүн келечеги белгиленет.

Орто кесиптик билим берүү жаатындагы окуу-тарбия иш процесстерин башкаруу жана жалпы эле орто кесиптик билим берүүнүн сапатын көтөрүү маселеси тиешелүү ресурстардын болушуна, айрыкча азыркы учурда маалыматтык-технологиялык колдоо, логистика жана башка шарттарга көз каранды абалда экени белгилүү.

Жогоруда айтылгандай билим берүү мекемелерин башкарууда көптөгөн багыттарга көз карандылыгын жана билим берүү сапатынын ар кандай шарттарга жана ресурстарга функционалдык көз карандылыгы төмөндө чагылдырылды.

**Билим берүү мекемелерин башкаруунун ар кандай шарттардан көз карандылыгы.** **Сүрөт 1.**



Орто кесиптик билим берүү мекемелерине жүргүзүлгөн реформалардын багыттары катары төмөнкү шарттар каралды:

1. Республикада орто кесиптик окуу жайларды өнүктүрүү жана башкаруу иштерин жакшыртуу үчүн укуктук-ченемдик базаны түзүү жана алардын билим берүү негиздерин аныктоо;

2. Орто кесиптик окуу жайдын ишин башкаруу, пландаштыруу, контролдоо жана баалоо боюнча бирдиктүү борбор түзүү;

3. Студентлардын мобилдүүлүгү, эркин жүрүүсү, бирдиктүү окуу, маалыматтык-методикалык базасы;

4. Окуу жайлар менен өнөр жай комплекстеринин, орто жана чакан ишканалардын ортосунда байланыштарды түзүү, алар менен кадр даярдоо багытында иштөө;

5. Азыркы шартта кесипкөйлөр, кадр, профессионалдардын айыгышкан атаандаштык аймагы калыптанган сайын, орто кесиптик билим берүү мекемелери заманбап жана коллегиалдуу башкаруу системаларына болгон муктаждыкты көбүрөөк сезе башташты;

6. Окуу жайдын акыркы курсунун студенттери менен бүтүрүүчүлөрдүн ортосундагы байланышты бекемдөө, окуу жайда “Бүтүрүүчүлөр” клубунун ишин чыңдоо ж.б. Жалпысанан эле реформалык иштер тийгизген таасиринин деңгээлин аныктоо максатында жетекчилерден жана бөлүм башчыларынан да сурамжылоо жүргүзүлдү.

Натыйжалар төмөндөгү таблицада көрсөтүлдү. Таблица 9.

| **К №** | **Таасири** | **Жылдар** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2017** | **2019** | **2021** | **2023** | **Орточо** |
| 1. | Жакшы | 55.3 | 57.3 | 61.6 | 58.9 | 58,28 % |
| 2. | Орто | 22.7 | 26.5 | 19.0 | 21.7 | 22,47 % |
| 3. | Начар | 9.1 | 8.0 | 9.6 | 9.1 | 8,95 % |
| 4. | Жоопсуз | 12.9 | 8.2 | 9.8 | 10.3 | 10,3 % |
| **Жалпысы:** | | 100 % | 100 % | 100 % | 100 % | 100 % |

Орто кесиптик билим берүү мекемелерине реформалык иштердин

тийгизген таасири

Таблицадан көрүнүп тургандай, бөлүмдөрдүн жетекчилеринин оң таасири жөнүндө пикири азайып, ошол эле учурда жооп берүүгө кыйын болгон респонденттердин саны көбөйүүдө. Демек, педагогикалык кеңешинин мурдагы түзүмүн, ишинин формаларын жана мазмунун, баарын кайра карап чыгуу керек.

Орто кесиптик билим берүүнү реформалоо зарылдыгын аныктоо үчүн эксперименталдык иштердин алгачкы этабында биз сурамжылоо жүргүздүк, ага 354 адам катышты. Сурамжылоонун натыйжалары таблицада келтирилген.

Таблица 10.

| № | Категория | Бардыгы | Реформа үчүн | Калыс калды | Каршы | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окутуучулар | 68 | 55 (81,4) | 11 (16.1) | 2 (2,5) | 100 % |
| 2 | Студенттер | 231 | 210 (90,7) | 18 (7,9) | 3 (1,4) | 100 % |
| 3 | Бүтүрүүчүлөр | 35 | 33 (94.0) | 1 (3,0) | 1 (3,0) | 100 % |
| 4 | Иш берүүчүлөр | 20 | 18 (91,5) | 2 (8,5) | 0 ( 0 ) | 100 % |
| | Жыйынтыгы | 354 | 316 (89,2) | 32 (9,0) | 6 (1,8) | 100 % |

Таблицадан көрүнүп тургандай, респонденттердин басымдуу көпчүлүгү орто кесиптик билим берүү тармагын реформалоону жакташат: бүтүрүүчүлөр - 94,0%, иш берүүчүлөр - 91,5%, студенттер - 90,7% жана окутуучулар - 81,4%. Калыс калгандардын арасында эң консерваторлор окутуучулар болду, алардын ичинен 16,1% түз жооп берүүдөн карманышты. Респонденттердин аз бөлүгү реформага каршы чыгышкан - болгону 6 адам, бул жалпы сандын 1,8%ын түздү. Тилекке каршы, билим берүүнүн сапатына тигил же бул фактордун таасиринин деңгээлин бардыгы эле, анын ичинде бөлүмдөрдүн башчылары, структуралардын жетекчилери да так түшүнө бербейт.

Өзгөрүлүп жаткан кырдаалдарда реформалардын багытына ылайык орто кесиптик окуу жайларда структуралык жана функционалдык жаңылануулар жүрүүдө. Аларды жалпылоо менен орто кесиптик билим берүү мекемесин башкаруусун төмөндөгүдөй окуу-тарбия процессин башкаруу системасы жана түзүмү (структурасы) сунушталды.

Схема. Окуу-тарбия процессин башкаруу системасы

| Окуу-тарбия процессин башкаруу | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Максатын аныктоо | Пландоо | Уюштуруу | Көзөмөл | Оңдоо |
| -квалификациялуу адистерди даярдоо; - окуу-тарбия процессинде сапатын жогорулатуу; -окуу-тарбия процессинин абалын өзгөртүп пландагандай абалга жеткирүү. | -профес. билим берүүнүн мамстандарты; -билим берүүнүн структурасы (көп деңгээлдүү); -билим берүү жана програм малары; -окуу-тарбия процессинин графиги; - окуу планы; - типтүү жумуш программалары;-натыйжа көрсөткүчү. | -ECTS шарттары; -окуу-тарбия процессин ресурстук камсыздоо; -окууну индиви дуализациялоо; -студенттин өз алдынча иштөөсү жана окуу-тарбия иште. түрлөрү; - оптималдуу каражаттар, окуу формасы жана методору. | окуу-тарбия процессинин абалын баалоо: - модуль-рейтинг системасы; - окуу жайдын абалын өз алдына баалоо; - окуу-тарбиянын сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрү; - ички система (сапатты камсыз кылуунун) –тышкыэкспер тиза. | -системанын функциялык абалын анын айрым компоненттерининин окуу-тарбиянын конкретүү максаттарына карай регулировка кылуу; - проблемалуу учураларды жана окуу жайдын ишини жөнгө салуу |

**2-сүрөт**

## Орто кесиптик билим берүү мекемесин башкаруусунун түзүмү






Мындай түзүм, албетте, окуу жайдын студенттерин окутуу жана окуу - тарбия иштерин уюштуруу үчүн туруктуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылган калыптанган система түрүндө иштеши зарыл. Мындай типтеги структура көптөгөн колледж, орто кесиптик окуу жайларда, Эл аралык Кувейт университетинин орто кесиптик билим берүү мекемесинде, Медициналык-фармацевтикалык колледжинде, И.Арабаев атындагы Кыргыз улуттук университетинин колледжинде, жана Эл аралык Мета-Илим университетинин орто кесиптик билим берүүсүндө ийгиликтүү иштеп жатат.

Орто кесиптик окуу мекемелерин жана анда жүрүп жаткан окуу-тарбия процесстерин мамлекет тарабынан жөнгө салуунун механизми катары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, мамлекеттик жол-жоболордун белгиленген демократиялык мүнөздөгү билим берүү саясатын жана лицензиялоо, сертификациялоо жана аккредитация сыяктуу иштерин кароого болот.

**3-сүрөт**.




Орто кесиптик окуу жайдагы билим жана тарбия берүү процесстерин натыйжалуу башкаруу окуу окуу жайларынын ичиндеги көзөмөл\контролду уюштуруу жана өз алдынча башкаруу функцияларын ишке ашыруу менен тыгыз байланышта. Мындай шарттар адистерди даярдоонун сапатын, башкаруу системасында контролдун ролун олуттуу жогорулатат, мында билим берүү

багыты боюнча чаралар өзгөчө мааниге ээ болот. Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн ичиндеги көзөмөл\контролдун жалпы классификациясын 4-сүрөттө чагылдырууга болот. Анда биз иштеп чыккан орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн ичиндеги көзөмөл\контролдун классификациясынын өзгөчөлүктөрү каралды.

**Текшерүү түрлөрү** **4-сүрөт**



Учурда, мындай текшерүүнүн татаалдыгы окуу процессине баа берүүнүн жана көзөмөл\контролдун деңгээлин аныктоонун илимий жактан негизделген критерийлеринин системасынын жоктугу менен түшүндүрүлөт.

Иште орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн ишинин сапатына оң жана терс таасирине тийгизген факторлор, ички көзөмөл\контролдун негизги талаптары бөлүп көрсөтүлдү.

Ошондой эле, педагогикалык кеңешинин түзүмүнүн иштеп чыккан моделинин натыйжалуулугун аныктоо боюнча эксперименталдык иштер жүргүзүлдү. Сурамжылоо кеңештин мүчөлөрүнүн арасында анкета түрүндө экспериментке чейин жана андан кийин өзүнчө жүргүзүлдү. Сурамжылоого жалпысынан 110 адам катышкан. Орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрү боюнча орточо балл 11-таблицада келтирилген. Таблица 11.

Педагогикалык кеңештеринин ишмердүүлүгүнө баа берүү

| К № | ОКБББ | Эксперимент алдында | | | Эксперименттен кийин | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Учурдагы | Актуал дуулугу | Аткарылышы | Учурдагы | Актуал дуулугу | Аткарылышы. |
| 1 | ЭАКУ | 5.9 | 4.7 | 5.5 | 6.3 | 6.9 | 6.9 |
| 2 | МФК | 4.7 | 4.2 | 4.9 | 8.2 | 7.1 | 7.2 |
| 3 | И.А.КМУ | 4.8 | 5.6 | 5.8 | 6.9 | 7.7 | 7.3 |
| 4 | ИСИТО | 5.6 | 4.7 | 5.3 | 6.7 | 7.3 | 6.8 |
| | Орт. упайлар | 5.3 | 4.8 | 5.4 | 7.2 | 7.25 | 7.05 |

11-таблицадан көрүнүп тургандай, кабыл алынган чечимдердин сапаты 1,9 пунктка бир аз жакшырганы байкалууда. Педагогикалык кеңешинин алдындагы иштин жаңы формасы орто эсеп менен 2,45 баллга көтөрүлгөн маселелердин актуалдуулугун жогорулатууга жардам берет. Чечимдердин аткарылышы сыяктуу көрсөткүчтө 1,65 пунктка абдан байкаларлык жогорулаш. Буга күн тартибин талкуулоодо коллегиялуулуктун, комиссиянын мүчөлөрүнүн профессионалдык деңгээлин жогорулатуунун жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышына контролдукту күчөтүүнүн натыйжасында жетишилди.

Иште ошондой эле эмгек рыногундагы иш берүүчүлөргө сурамжыло жүргүзүлдү. Анын натыйжалары төмөнкү диаграммаларда көрсөтүлдү.

**Бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногундагы атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө иш берүүчүлөрдүн баа берүүсү** **5-сүрөт.**




Социалдык өнөктөш катарында катышкан иш берүүчүлөрдөн сурамжылоо жүргүзгөндө адистерди даярдоонун эң негизги маанилүү компоненттери болуп төмөнкүлөр саналган: тартип, тырышчаактык; кесиптик жабдуулар жана башка жабдуулар менен иштөө боюнча көндүмдөрдү; коммуникация көндүмдөрү, адамдар менен тил табыша билүү; эмгектин натыйжалары үчүн коомдук жоопкерчилик; кесиптик жана жеке өсүүнү каалоосу. **6-сүрөт**

**Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгына иш берүүчүлөрдүн баасы**




Ушул багытта студенттер менен иштөө, окутуучулардын ишмердүүлүгүнүн жаңы талаптарга жооп берүүсү зор мааниге ээ болууда. Студенттердин өз алдынча башкаруу ишин жөнгө салуу менен окуу-тарбия процесстерин башкаруу иштерине аралашуусу, орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрүндө тышкы жана ички ченемдик документтерди жаңы талаптарга ылайык окуу материалдарды иштеп чыгуусу азыркы учурда ар бир окуу жай үчүн зарыл ишке айланды. Ушул багытта студенттерди сурамжылоонун жыйынтыктары жана орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн студенттеринин өзүн-өзү башкаруусунун структурасы төмөнд берилди.

Таблица 12.

Студенттерден сурамжылоонун жыйынтыгы

| К / № | Окуу жылдары | Студенттик сурамжылоонун жыйынтыгы (максималдуу балл 26%) | Сурамжылоого катышкан студенттердин саны |
|---|---|---|---|
| 1 | 2017-2018 | 24,2 балл - 93,2% | 28 |
| 2 | 2018-2019 | 25,0 балл - 95,5% | 87 |
| 3 | 2019-2020 | 25,1 балл - 95,4% | 194 |
| 4 | 2020-2021 | 25,10 балл - 94,5% | 255 |
| 5 | 2021-2023 | 25,2 балл - 94,2% | 312 |

**7-сүрөт**

**Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн студенттеринин өзүн-өзү башкаруусунун С Т Р У К Т У Р А С Ы**




Ошону менен бирге эле диссертациялык иштин жүрүшүндө алдыңкы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен билим берүү уюмунун башкаруу моделин ишке ашыруу үчүн Эл аралык Мета-Илим университетинин, И.Арабаев атындагы Мамлекеттик университетинин жана бир катар колледждердин орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен атайын иш-чаралардын өткөрүлдү. Натыйжасында

педагогикалык процессти башкарууда маалыматтык-коммуникация технологияларын (МКТ) натыйжалуу пайдалануу үчүн билим берүү уюмунда бир катар шарттарды түзүү сунушталды: компьютерлер локалдык тармакка жана Интернетке туташтырылышы; билим берүү уюмун башкаруунун ченемдик укуктук базасы электрондук системалаштыруу, веб-сайтка киргизүү, электрондук документ жүгүртүүнү ишке киргизүү, жаңы платформаларды иштеп чыгуу, окуу процессинин бардык катышуучулара арналган маалымат базасын түзүү, жаңыртуу, билим берүү процессинин сапатына мониторинг жүргүзүү системасын иштеп чыгуу, педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, методикалык басылмаларды чыгаруу сыяктуу чараларды ишке ашыруу зарыл.

Эл аралык Мета-Илим университетинин колледжиндеги билим берүү жана тарбия процессин башкаруу боюнча илимий иштин алкагында "Күндөлүк" веб-приложениесин сунуштайбыз. Бул заманбап маалыматтык-коммуникация технологияларынын ыңгайлуу куралы болуп, окуу-тарбия процессин башкарууда чоң жардам берээрин көргөздү.

Студенттердин окуу-тарбиясынын сапаты Таблица 13.

| Деңгээлдер | Педагогикалык экспериментке чейин (% менен) | | | | | | Педагогикалык эксперименттен кийин (% менен) | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Контролдук топ | | | Эксперименталдык топ | | | Контролдук топ | | | Эксперименталдык топ | | |
| | ЭАКУ | ЭА М-ИУ | И.А. КМУ | ЭАКУ | ЭА М-ИУ | И.А. КМУ | ЭАКУ | ЭА М-ИУ | И.А. КМУ | ЭАКУ | ЭА М-ИУ | И.А. КМУ |
| Төмөнкү деңгээл | 42,5 | 49,9 | 62,9 | 40 | 45,5 | 64 | 42,5 | 49,9 | 62,9 | 40 | 45,5 | 64 |
| Орто деңгээл | 45,5 | 42,4 | 22,9 | 48 | 42,5 | 24 | 38 | 27,5 | 40 | 46,7 | 40,6 | 51,6 |
| Жогорку деңгээл | 15 | 7,7 | 14,2 | 12 | 12 | 12 | 38 | 18,5 | 23 | 43,4 | 28,1 | 24,2 |

Жыйынтыктоочу педагогикалык эксперименттин көрсөткүчтөрүн математикалык статистиканын методдору менен анализге алууда төмөнкү коэффициенттер (Э. Мамбетакунов, А.В. Усова) пайдаланылды. Колдонулган методиканын натыйжалуулугунун критерийлери катары: студенттердин молекулалык физика боюнча маселелерди чыгаруусунун жана өздөштүрүүсүнүн толуктугу (К), лабораториялык иштерди аткаруу билгичтиктерин

өздөштүрүүсүнүн толуктугу (М) алынды жана эффективдүүлүк коэффициенти (ɳ) алынды. Лабораториялык иштерди аткаруу билгичтиктеринин өздөштүрүүнүн толуктугу K = ∑ $ni$ $nN$ $N$ $i$=1 (1) формуласы менен аныкталды, мында n-лабораториялык билимдердин элементтеринин саны, $ni - i -$ туура жооптордун саны, N-лабораториялык иштерди аткарууга катышкан студенттердин саны. ɳ = Кэ Кт (3) натыйжалуулук эффективдүүлүгүнүн орточо коэффициенти.

Таблица 14. Лабораториялык иштерди аткаруудагы билгичтиктеринин жыйынтыктары

| № | Окуу жайлар | Лабораториялык иштерди аткаруудагы билгичтиктеринин жыйынтыктары | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2018-2019-окуу жылдары | | | 2020-2021-окуу жылдары | | |
| 1 | ЭАКУ | 0,65 | 0,57 | 1,14 | 0,76 | 0,55 | 1,38 |
| 2 | ИСИТО | 0,73 | 0,62 | 1,17 | 0,77 | 0,59 | 1,30 |
| 3 | И.А.КМУ | 0,68 | 0,57 | 1,19 | 0,74 | 0,58 | 1,27 |

Педагогикалык экспериментин жыйынтыктары боюнча студенттердин мотивтери менен иштөө окуу-тарбия сапатынын жогорулашына өбөлгө боло тургандыгын далилдеди.

Ошентип, жалпысынан, эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы, алынган көрсөткүчтөрү орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасын өнүктүрүү боюнча сунушталган багыттардын натыйжалуулугун көрсөттү.

## Үчүнчү глава боюнча тыянак

1. Изилдөө ишибизде аныкталган орто кесиптик окуу жайдагы жаңы муундагы окуу-тарбия процесстерин башкаруунун модели жана уюштуруучулук-педагогикалык шарттарын эксперименталдык жактан текшерип көрүү үчүн тажрыйбалык иштердин программасы иштелип чыгып, аны практикалык жактан иш жүзүнө ашыруу максатындагы иш-аракеттер жасалды. Эксперименталдык иштер коюлган максаттарды жүзөгө ашырууга багытталган бири-бирин толуктап жана өз ара

текшерген методдордун комплексин колдонуу менен жүргүзүлдү. Мында негизги тажрыйбалык иштер калыптандыруучу экспериментте жүргүзүлүп, анын алкагында байкоо жүргүзүү методу, ченөө жана конкреттүү диагностикалык методдор колдонулду. Изилдөө ишибиздин жогорку бөлүмдөрүндө аныкталган модел жана уюштуруучулук-педагогикалык шарттары үч этапта ишке ашырылды.

2. Эксперименталдык иш бир нече борбордо жайланышкан орто кесиптик окуу жайлардын базасында, республиканын ар аймактарындагы орто кесиптик билим берүүчү жайларында өткөрүлдү. Анда жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жана байкоолордун жыйынтыгы менен ар тараптуу темага байланыштуу проблемалар аныкталды. Анализ көрсөткөндөй, кадр саясаты методологиялык, уюштуруучулук, экономикалык, социалдык, укуктук жана башка проблемалары жана аларды чечүү менен тыгыз байланышта.

Орто кесиптик билим берүү жаатындагы окуу-тарбия иш процесстерин башкаруу жана жалпы эле орто кесиптик билим берүүнүн сапатын көтөрүү маселеси тиешелүү ресуртардын болушуна, айрыкча азыркы учурда маалыматтык-технологияларды колдонуу, студенттерди бул тармака тартуу, мындай саамылыктарды колдоо, логистика жана башка шарттарга көз каранды абалда экени белгилүү болду. Жогоруда айтылгандай, билим берүү мекемелерин башкарууда көптөгөн багыттарга көз карандылыгын жана билим берүү сапатынын ар кандай шарттарга жана ресурстарга функционалдык көз карандылыгы иште чагылдырылды.

3. Жалпысынан, эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы, алынган көрсөткүчтөрү орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасын өнүктүрүү боюнча сунушталган багыттардын натыйжалуулугун көрсөттү.

## КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн илимий-методикалык изилдөө төмөндөгүдөй жалпы корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди.

Окуу-тарбия процессин башкаруу төмөндөгү шарттарда натыйжа берет: - инсандык өнүгүүгө таасир этүүчү факторлорду аныктоонун жана эске алуунун

негизинде билим берүү процессин системалуу уюштуруу; - окуу-тарбия процессинин анын бардык субъекттерин камтыган биргелешип башкаруу принцибине негизделиши; - окуу-тарбия процессине жана аны башкарууга алардын биргелешкен чыгармачылык ишинин негизинде окутуунун жана тарбиялоонун субъекттеринин максималдуу санын киргизүү; - башкаруу процессинин реалдуу максаттарына да, анын акыркы натыйжасына да - билим берүү уюмунун максаттарына жетүүсүнө негизделген критерийлер боюнча башкаруу процессинин натыйжалуулугун баалоо; - орто кесиптик окуу жайдагы сапат системасынын жана анын айрым элементтеринин натыйжалуулугун аныктоонун тартиби (ички педагогикалык аудит - өзүн өзү аттестациялоо); - орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия иштеринин сапаттуулугун арттыруу үчүн менеджмент системасындагы квалиметрикалык методдор жана жол-жоболордун (мониторинг) практикалык иште пайдаланылышы; - студенттерди орто жана жыйынтыктоочу аттестациялоонун жол-жоболорунун жогорку деңгээлде иштелип чыгышы, тактыгы, колдонулушу жана көзөлмөлдөнүлүшү; - кадрдык жана методикалык иштин, жол-жоболордун жогорку деңгээлде иштелип чыгышы, тактыгы, колдонулушу жана көзөлмөлдөнүлүшү (аттестациялоо, квалификацияны жогорулатуу ж.б.).

Башкаруу ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоо маселеси ушул максатта эл аралык деңгээлде атайын иштелип чыккан системага ISO 9001:2015 жана эл аралык сапат стандарттарында ишке ашырылган TQM – Total Quality Management (Total Quality Management) концепциясынын негизинде иштелип чыккан критерийлер жана буларды негиздеп турган илимий парадигманын актуалдуулугу аныкталды. Билим берүү жана тарбия иштеринин сапатын мындай системалуу башкаруу - бул билим берүү тармагындагы башкаруунун жаңы парадигмасы катары каралып, окуу-тарбия иштерин башкаруу ишмердүүлүгүнүн ушул парадигманын алкагында калыптануусу башкы педагогикалык шарттардын бири катары каралды.

Орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-тарбия процессинин башкарууда маалыматтык технологияларды жана компьютердик программаларды

пайдалануунун тажырыйбасы көрсөткөндөй, алар аркылуу педагогикалык системаны автоматташтыруу (техникалык жана программалык каражаттар) орто кесиптик окуу жайдын окуу-тарбия процессин натыйжалуу башкаруунун абдан келечектүү багыттарынын бири болуп саналат. Окуу-тарбия процессинин башкарууда интернетти, компьютердик программаларды натыйжалуу пайдалануу үчүн аларды колдонууну рационалдаштыруунун жана бул ишти уюштуруунун натыйжалуулугун аныктаган критерийлерин иштеп чыгуунун зарылдыгын көрсөттү.

Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасынын модели гуманисттик, демократиялык, илимий, системалык, оптималдуулук, ийкемдүүлүк принциптеринин негизинде түзүлөт жана аны ишке киргизүү төмөнкү педагогикалык шарттарды, багыттарды камтыйт: Орто кесиптик окуу жайдын өнүгүү стратегиясынын, башкаруу ишинде жана педагогдордун ишмердүүлүгүн (практикалык жана илимий изилдөө) уюштурууда демократиялык иш алып баруу стилинин болушу, өнүгүү максаттарын, милдеттерин так аныктоо, аларды ишке ашыруу үчүн илимий-методикалык, кадр-адистер боюнча, материалдык-техникалык, каржылоо, укуктук-нормативдик ж.б. тармактардын иштеши; окуу-тарбия структуралык кызматтарынын натыйжалуу ишмердүүлүгү (мазмуну, кесиптик багыттары, окуу формасы жана түрлөрү, окуу-тарбия боюнча структуралык бөлүмдөрдүн орун алышы, саны, сапаты ж.б.); өнүгүүнү камсыз кылган жаңыланган башкаруу технологиясы, стиль, метод, формаларынын пайдаланылышы; Орто кесиптик окуу жайдын статусу ж.б.

Орто кесиптик окуу жайдагы сапат системасын ишке ашырууда ар бир процедура менеджерлер жана аткаруучулар тарабынан кылдат изилденүүгө, документтештирилүүгө жана иштеп чыгууга тийиш. Бул жагынан иштелип чыккан жоболор жана программалар негизги мааниге ээ.

Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процесстерин башкаруунун көптөгөн катышуучуларынын күч-аракетин бириктирип, билим берүүнүн, тарбиянын сапатынын бардык жактары боюнча иш алып баруу гана натыйжа берет. Нормативдик документтерге жана негизги башкаруу функцияларына

ылайык иш жүргүзүлөт, бирок уюштуруу структурасында карама-каршылыктар аныкталбаса жана атайын модель аркылуу аталган багыттагы ишмердүүлүк жаңыланып турбаса, анда бул иштин натыйжалуулугун төмөндөтүүгө алып келет.

Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугу педагогикалык шарттарды түзүү жана ишке ашыруу менен камсыз кылынат: а) окуу-тарбия процессинин инсандык-гуманисттик багытынын калыптанышы; б) окуу-тарбия процессине жаны технологияларды, методдорду киргизүү; в) окуу жайдын педагогдорунун илимий жактан өсүшүнө өбөлгө түзүү; г) окуу жайдын башкаруу структураларынын өнүгүүнү максаттаган илимий-педагогикалык моделге ылайык милдет, тапшырма, пландарды аткарууга баш ийип, багыт алышы; д) окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн тенденцияларын педагогикалык-уюштуруу парадигмасынын негизинде кароо ж.б.

## Практикалык сунуштар

Жүргүзүлгөн педагогикалык изилдөөлөр төмөнкү практикалык сунуштарды берүүгө мүмкүндүк берди:

-орто окуу жайлардын башкаруу кадрларын даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында бир нече авторлор (автордун катышуусунда) тарабынан иштелип чыккан концептуалдык моделге ылайык окуу-тарбия иштери жана аларды башкаруу боюнча план, курс, методикалык каражаттарды практикада пайдаланууга киргизүү;

-тема боюнча каралган теориялык негиздүү багыттарды, иштелип чыккан сунуштарды план, программа түрүндө ишке ашыруу, окуу-методологиялык каражаттарды пайдалануу, окуу курстарын өтүү;

-орто кесиптик билим берүү окуу жайындагы окуу-тарбия процессин, педагогикалык башкаруу маселелерин илимий практикалык жана теориялык конференцияларда, атайын методологиялык жыйындарда талкуугa алуу;

-орто кесиптик билим берүү окуу жайын башкарууда жаңы информациялык технологияларды пайдалануу жана алардын негизинде бирдиктүү билим берүү, маалымат чөйрөсүн түзүү жана билим берүү тармагындагы эл аралык

байланыштарды, тажрыйба алмашууларды жогорку деңгээлге көтөрүү.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Абдыкаримов, Б.А. Некоторые вопросы модернизации профессионального образования в Казахстане [Текст] / Б.А. Абдыкаримов // Вестник КарГУ: Серия педагогика, 2005. - №3. - С. 5-11.

2. Абдыкаримов, Б.А. Теория и практика развития профессионально-технического образования [Текст]: автореф. дис. … д-ра. пед наук / Б. А. Абдыкаримов. - Алматы: 1996 - 51 с.

3. Абакирова, Г.Б. Повышение эффективности управления учебным процессом в вузе [Текст]: автореф. дисс.… канд. пед. наук / Г.Б. Абакирова. - Бишкек: 2013.

4. Айтикеева, Т. Кадры XXI века [Текст] / Т. Айтикеева // Профессиональное образование. - М., 1997, - №10. - С.13-45

5. Алиев, Т.И. Кесиптик окуу жайларында окутуу иштеринин жүргүзүлүшү [Текст] / Т.И. Алиев. - Бишкек: Кесип, 1995. - 7б.

6. Алиев, Т.И. Контроль за учебно-воспитательным процессом в профессионально-технических училищах Т.И.Алиев. -Бишкек: Кесип,1995. - 126 с.

7. Анисимов, П.Ф. Среднее профессиональное образование: развитие профессионального образования в контексте модернизации образования [Текст] / П.Ф. Анисимов // Среднее профессиональное образование. 2002, - № 4. - С. 2-8.

8. Анисимов, П.Ф. Финансирование профессионального образования за рубежом [Текст] / П.Ф. Анисимов. М.: Мастерство, 2001. 85 с.

9. Анисимов, П.Ф., Козырь В.И. США: коммунальные колледжи [Текст] / П.Ф. Анисимов, В.И. Козырь // Среднее профессиональное образование. 1995, -№ 4, 5. - С. 40-45.

10. Архангельский, С. И. Учебный процесс в высшей школе, его закономерные основы и методы [Text] / С.И. Архангельский. М. : Высш. шк., 1980. 366, [2] с..

11. Аскаров, Н.А. Основные направления реформирования системы начального профессионального образования / Н.А. Аскаров // Европейский фонд образования

Национальный наблюдательный центр при Комиссии по образованию и науке при Президенте Кыргызской Республики. Главное управление по профтехобразованию Министерства труда и социальной защиты КР. - Бишкек, 2001. - 34 с.

12. Аттокуров, С.А. История индустриального развития Киргизии (1917-1937 гг.) [Текст] / С.А. Аттокуров. - Фрунзе,1965.- 463 с.

13. Атуров, И.Р.,Токтосунов А.Т.Политехническая подготовка школьников [Текст] / И.Р.Атуров, А.Т.Токтосунов. - Фрунзе,1970. - 75 с.

14. Асипова, Н.А., Исакова Ч.Б. Управление системой среднего профессионального образования в Кыргызской Республике [Текст] / Н.А. Асипова // Вестник ИГУ. -Каракол, 2007. - № 18(1). - С. 53-58.

15. Асипова, Н.А. Билим моделдеринин маданияттаануу алкагына өзгөрүүсү [Текст] / Н.А. Асипова // Коомдук илимдер. - Бишкек, 2009. - № 22. - 55 - 61 - бб.

16. Асипова, Н.А. Заманбап билим берүү парадигмалары [Текст]: ЖОЖдордун педагогика багытынын магистратура, аспирантура жана докторантура деңгээлинин студенттери үчүн окуу куралы / Н.А. Асипова. - Бишкек, 2019. - 362 б.

17. Афанасьев В.Г. Программно-целевое планирование и управление [Текст] / В.Г. Афанасьев. - М., 1990.

18. Бабанский, Ю.К. Оптимизация процесса обучения. Общеобразовательный аспект [Текст] / Ю.К. Бабанский. - М.: Просвещение, 1982. - 192 с.

19. Бабаев, Д.Б. «Педагогикалык адистерди даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун проблемалары [Текст] / Д.Б. Бабаев // Журнал «Известия КАО» №4(20). - 2011. - С.58-60.

20. Бабаев, Д.Б. Ориентация учащихся на массовые рабочие профессии механизации сельскохозяйственного производства в процессе изучения прикладных вопросов курса физики [Текст] / Д.Б. Бабаев // Политехническое образование, трудовое обучение, профессиональная ориентация. Рукопись деп. В ОЦНИ «Школа и педагогика» МП СССР и АПН СССР, №5482. М.,1982 г.

21. Бабаев, Д.Б., Шатманалиев Б.А и др. Управление учебно-воспитательным процессом среднего профессионального образования в цифровом пространстве [Текст] / Д.Б. Бабаев, Б.А. Шатманалиев // В сборнике: Паритеты, приоритеты и

акценты в цифровом образовании. Сборник научных трудов. В 2-х частях. - Саратов, 2021. - С. 63 -71.

22. Бабаев, Д.Б., Шатманалиев Б.А., Аманова Н.Б. Эл аралык Кувейт университетинин Орто кесиптик билим берүү бөлүмү [Текст] / Д.Б. Бабаев, Б.А. Шатманалиев, Н.Б. Аманова // Alatoo Academic Studies. 2021. - № 4. - С. 17 - 24.

23. Бабаев, Д.Б. Подготовка специалистов по многоуровневой системе образования в Кыргызской Республике [Текст] / Д.Б. Бабаев, Ж.Д. Исакова // Высшее образование Кыргызской Республики. - Бишкек, 2010. - № 2/8. - С. 9.

24. Бабаев, Д., Сайпидинова С.А. Орто кесиптик окуу жайларынын окутуучуларынын информациялык жана коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу [Текст] / Д.Б.Бабаев, С.А.Сайпидинова. // Илим. Билим. Техника.- 2019, № 1 (64). - С. 81 - 86.

25. Бабаев, Д.Б., Ногаев М.А. Основные подходы к управлению качеством образования [Текст] /Д.Б. Бабаев, М.А. Ногаев // Известия Кыргызской академии образования. 2011, - № 2 (18). - С. 65 - 69.

26. Байденко, В.И. Базовые навыки (ключевые компетенции) как интегрирующий фактор образовательного процесса [Текст] / В.И. Байденко // Профессиональное образование и личность специалиста. - М., 2002. - С. 14-32.

27. Баландин, Е.С. Международные стандарты ИСО серии 9000-2000: методические рекомендации [Текст] / Е.С. Баландин. - Ульяновск. 2003.

28. Балыхин, Г.А. Управление развитием образования: организационно-экономический аспект [Текст] / Г.А. Балыхин. - М., Экономика, 2003. - 428 с.

29. Бармин Н.Ю. «Обеспечение качества образовательной деятельности профессиональной образовательной организации: процессная модель» / Н.Ю. Бармин / ФГБНУ ИУО РАО Человек и образование 2016. - № 4 (49) - с.112 - 117

30. Батышев, С.Я. Реформа профессиональной школы [Текст] /С.Я. Батышев // Высшая школа, М., 1987. - 296 с.

31. Батышев, С.Я. Подготовка рабочих со средним образованием /С.Я. Батышев // «Вопросы истории профессионально-технического образования» - М.,1980.

32. Батышев, С.Я. О всеобщем профессиональном образовании [Текст] / С. Я.

Батышев // Сов. педагогика. -М., 1991. - № 6. - С. 70.

33. Беленький, П.П. Модель построения образовательного процесса в учреждении среднего профессионального образования на основе новых информационных технологий [Текст]: дис. … канд. пед. наук / П.П. Беленький. - Москва: Институт развития профессионального образования. 2006. - 208 с.

34. Беляков, С.А. Новые формы образовательных организаций и некоторые проблемы организации управления образованием [Текст] / С.А. Беляков // Университетское управление: практика и анализ. 2006. - №5. - С. 66-72.

35. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуунун технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. - Бишкек. - Педагогика, 2003. - 338 б.

36. Беспалько, В.П. Системно - методическое обеспечение учебно-воспитательного процесса подготовки специалистов [Текст] / В. П. Беспалько. - М.: Высшая школа, 1989. - 144с.

37. Блауберг, И. В. Становление и сущность системного подхода [Текст] / И.В. Блауберг. - М.: Высш. шк., 1987. - 197 с.

38. Болжурова, И.С. История развития системы образования Кыргызской Республики в переходный период:1990-2005-гг. [Текст]: Дисс. …д-ра пед.наук. /И.С. Болжурова. - Москва, 2006.

39. Борытко, Н.М. Управление образовательными системами: Учебник для студентов педагогических вузов / Н.М. Борытко. - Волгоград: Изд-во ВГИПКРО, 2006. -48с.

40. Бутко Е.Я. "Билим берүүнү башкарууда маалыматтык технологиялар". Мамлекеттик жарчы, 2016. № 1. С. 56 - 61.

41. Болотов, В.А. Проектирование профессионального педагогического образования [Текст] / В.А. Болотов // Педагогика. 1997. - № 4. - С.66-72.

42. Вебер 1990 - Вебер М. Наука как призвание и профессия / Вебер М. // Избранные произведения. М.: Прогресс, 1990.

43. Вишневская, В. П. Педагогические условия управления учебным процессом педагогического колледжа [Текст] : автореф. дис. на соиск. учен. степ. канд. пед. наук / В. П. Вишневская; Магнитогорский гос. пед. ин-т.

-Магнитогорск, 1998. - 23 с.

44. Гарифуллин, Р.Г. Ресурсная модель управления колледжем как фактор повышения эффективности подготовки специалистов среднего звена [Текст]: автореф. дис. на соиск. учен. степ канд. пед. наук (13.00.08) / Р.Г.Гарифуллин. - Казань, 2013. - 23с.

45. Гериш, Т.В. Компетентностный подход как основа модернизации профессионального образования [Текст] / Т.В. Гериш //Стандарты и мониторинг в образовании. 2006. - № 2. - С. 11 - 15.

46. Гордеева, И.Б. Пути и направления работы по совершенствованию качества обучения в системе профессионально-технического образования [Текст] / И.Б.Гордеева // ЕФО, Национальный наблюдательный центр при Комиссии по образованию и науке при Президенте Кыргызской Республике. - Бишкек, 2001. - 45 с.

47. Голубева, А.И. Управление качеством образовательной деятельности в учреждении среднего профессионального образования [Текст] : дис. … канд. пед. наук / А.И. Голубева. - Нижний Новгород: ГОУ ВПО «Нижегородский государственный педагогический университет», 2008. - 260.

48. Государственный образовательный стандарт среднего профессионального образования Кыргызской Республики [Текст]: учеб. план. - Бишкек, 2013.

49. Дахин, А. Н. Педагогическое моделирование: сущность, эффективность и неопределенность / А. Н. Дахин // Школьные технологии. 2002. - № 2. - С. 62-67.

50. Дмитриенко, Т.А. Дидактические основы управления учебной деятельностью студентов (на материале технических дисциплин) [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / Т. А. Дмитриенко. - Екатеринбург, 1991. - 19 с.

51. Демин, В.М. Модернизация среднего профессионального образования: пути опережающего развития [Текст] / В.М. Демин // Казанский педагогический журнал. 2003. - № 1. - С. 3 - 15.

52. Добаев, К.Д. Государственные образовательные стандарты высшего образования нового поколения на компетентностной основе по педагогическим направлениям [Текст] / К.Д. Добаев // Высш. обр. КР 3/13. Б., 2011. - С. 15 - 17.

53. Добаев, К.Д. Кыргызстан на пути к новой модели образования: Изменения в системе образования 32 годы независимости [Текст] / К.Д. Добаев // // Кут билим.- 2005. - 18 марта. - С.7.

54. Добаев, К.Д. Еще раз о государственных образовательных стандартах высшего образования на основе компетентностного подхода по педагогическим направлениям и специальностям [Текст] / К.Д. Добаев // Известия Кыргызской академии образования. 2011. - № 1. - С. 12 - 17.

55. Добаев, К.Д. Система высшего образования Кыргызстана: переход на двухуровневую систему [Текст] / К.Д. Добаев // Известия Кыргызской академии образования. 2011. - № 4 (20). - С. 49 - 52.

56. Добаев, К.Д. О реализации нового ГОС по педагогическим направлениям [Текст] / К.Д. Добаев // Высшее образование Кыргызской Республики. - Бишкек, 2012. - № 2 (16). - С. 3-6.

57. Добаев, К.Д. Шаги по переводу учебного процесса на международный образовательный стандарт [Текст] / К.Д. Добаев // Кут билим. 2005. - 5 сент. - С.

58. Дьяченко, М.И. Психологические проблемы готовности к деятельности [Текст] / М.И. Дьяченко, Л.А. Кандыбович. - Минск, 157. 1976. - 175 с.

59. Дыйканов Б. Система начального и среднего профессионального образования Кыргызстана на современном этапе проблемы и тенденции развития [Текст] / Б. Дыйканов // Тез. докл. МОиН КР. - Бишкек, 2005.

60. Дюркгейм и современное образование // Социологическое обозрение Том 2. № 4. 2002. - С. 45 - 56.

61. Дюшеева, Н. К. Методологические подходы к профессионально-личностному формированию будущего учителя [Текст] / Н. К. Дюшеева // Педагогическое образование и наука. 2008. - № 9. - С. 16 - 23.

62. Европалык Билим берүү фондунун кадрларды өнүктүрүү программасы //Орто кесиптик билим берүү жана окутуу боюнча отчет. - Бишкек, 1999. - 22 б.

63. Дюшеева, Н.К. Психолого-педагогические основы профессионально-личностного формирования будущего учителя в вузе [Текст]: автореф. дис. … дра пед. наук / Н. К. Дюшеева. - Бишкек, 2009. - 298 с.

64. Есенков, Ю.В. Организационно-педагогическая система управления развитием профессионального образовательного учреждения [Текст]: автореф. дис. … дра пед. наук / Ю.В. Есенков. - Ульяновск, 2006. - 34 с.

65. Есенков, Ю.В. Управление развитием профессиональных образовательных учреждений: проблемы, подходы, решения [Текст] / Ю.В. Есенков // Управление качеством образования. Сборник материалов научной сессии ФПК и ППРО МПГУ.- М., 2001.- С. 182 - 185.

66. Есенков, Ю.В., и др. Управление развитием профессионального колледжа: из опыта работы [Текст] / Ю.В. Есенков и др. Ульяновск: ИПК ПРО, 2002, - 84с.

67. Есенков, Ю.В. Управление образовательным процессом в колледже: методические рекомендации [Текст] / Ю.В. Есенков. Ульяновск: ИПК ПРО, 2003. - 48с.

68. Есенков, Ю.В. Организационно-педагогическая модель управления развитием профессионального образовательного учреждения [Текст] / Ю.В. Есенков. - Ульяновск: УИПК ПРО, 2005. - 48с.

69. Есенков, Ю.В. Системное управление качеством образовательного процесса в колледже [Текст] /Ю.В. Есенков // Среднее профессиональное образование. 2005, - №6 - С.35-39.

70. Жакыпова Ч.Ш. Подготовка квалифицированных рабочих кадров в системе профтехобразования Киргизии в 1965-1975 гг. [Текст]: дис. ... канд. ист.наук / Жакыпова Ч.Ш. - М.,1981. - 25 с.

71. Жакыпова Ч.Ш. Подготовка кадров в системе высшего, среднего специального и профессионального образования для народного хозяйства и культуры КССР в 60-80-е годы [Текст]: дис. ...д-ра ист. наук / Жакыпова Ч.Ш. - М.,1989. - 23 с.

72. Жакшылыкова, К. Организационно-педагогические условия непрерывной профессиональной подготовки специалистов [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / К. Жакшылыкова. - Бишкек, 2012. - 24 с.

73. Жданов, С.А. Концепция, основное содержание и разделы программы курса «Использование современных информационных компьютерных технологий в

учебном процессе» для системы педагогического образования с учетом требований федер. компонент. станд. общ. образов [Текст] / С.А. Жданов // Информатика и образование. - М., 2003. - №5. - С. 86 - 90.

74. Жидких, Т.М. Педагогическая сущность синергетических принципов управления воспитанием и развитием студентов колледжа [Текст] / Т.М. Жидких // Вестник Российской академии естественных наук (Санкт - Петербург), 2006. Вып. 10. № 5.

75. Жыргалбекова, Г.К. Преобразования в системе начального профессионального образования Кыргызстана (1991-2000 годы) [Текст]: автореф. дис. …канд. ист. наук / Г.К. Жыргалбекова. - Бишкек, 2001. - 22 с.

76. Землянский В.В. Профессиональная социализация как основа становления компетентного специалиста / В.В. Землянский // Вестник Костромского государствен-о университета им.Н.А. Некрасова. 2009. - Т. 15. - № 3. - С. 347 -349.

77. Зеер, Э.Ф. Личностно-ориентированное профессиональное образование [Текст] / Э. Ф. Зеер. - Москва : Издательский центр АПО, 2002. - 43 с.

78. Зиммель Г. Философия труда [Текст] / Г. Зиммель // Избранное. -Т.2. Созерцание жизни. - М.: Юрист, 1996. - С. 466 - 485.

79. Зыбарева В.И. Управление воспитательно-образовательным процессом в педагогическом колледже [Текст]: дис. канд. пед. наук / В. П. Вишневская. - Кемерово, 2001. - 258с.

80. Ильясов, И.И. Структура процесса учения [Текст] / И.И.Ильясов. - М.: Издательство МГУ, 1986. - 157с.

81. Ильясов, И.И., Галатенко Н.А. Проектирование курса обучения по учебной дисциплине [Текст] / И.И.Ильясов, Н.А. Галатенко. - М., 1994. - 241с.

82. Ибрагимов, Г.Г. Особенности управления колледжем в современных условиях [Текст] // Г.Г. Ибрагимов, Р.Г. Гарифуллин / Среднее профессиональное образование. - 2014. - №8. - С. 3 - 6.

83. Исакова, Ч.Б. Социально-педагогические предпосылки развития системы среднего профессионального образования в Кыргызстане [Текст]: дис. … канд. пед. наук / Ч.Б. Исакова. - Бишкек, 2009. - 174 с.

84. Исакова, С.Н. Формирование готовности студентов педагогического колледжа к использованию информационно-коммуникационных технологий в профессиональной деятельности [Текст]: дис. … д-ра пед. наук / С.Н. Исакова. - Нижний Новгород, 2005. - 258 с.

85. Исмаилов, Б. Актуальные проблемы системы среднего профессионального образования Кыргызстана [Текст] / Б. Исмаилов // СПО. -Бишкек, 2010. - (Эл.ресурс: http: // journals.manas.edu.kg / reforma / oldarchives / 2010 - 4 - 48 / 1 - 1006 - 3918 - 1 - PB.pdf).

86. Исмаилов Б.И. Анализ состояния и пути развития среднего профессионального образования в Кыргызской Республике [Текст] Исмаилов Б.И. // Среднее профессиональное образование, - Бишкек. 2008. - №3.

87. Калдыбаев, С.К. Теория и практика педагогических измерений [Текст]: дис. … д-ра пед. наук / С.К. Калдыбаев. -Бишкек, 2009. - 271 с.

88. Каниметов, Ж. К. Государственно-общественное управление образованием в Кыргызской Республике [Текст] / Ж.К.Каниметов. Б: Промтехком, - 2004,- 107 с.

89. Каниметов, Ж.К. Основные направления демократизации образования в Кыргызской Республике [Текст] / Ж.К.Каниметов . - Б.: Промтехком., 2004.- 225 е. - Библиогр.: с. 128 - 136.

90. Касендеев И.К. Развитие системы профтехобразования в Киргизской ССР [Текст] / И.К. Касендеев. - Фрунзе: Мектеп, 1981. - 175 с.

91. Орто кесиптик билим берүү боюнча башкармалыгынын күндөлүк архиви // Дело № 4. - 33 б.

92. Клюев, Ф. Н. Возможность и неизбежность создания интегрированных программ НПО и СПО [Текст] / Ф. Н. Клюев // Среднее профессиональное образование. 2007. - N 8. - С. 55-59

93. Ковлякова, В.Е. Оценка качества среднего профессионального образования в рамках государственного контроля [Текст]: дис... канд. пед. наук /В.Е. Ковлякова. - Москва : Московский городской педагогический университет, 2013. - 209 с.

94. Кольцова, О.С. Управление качеством образовательного процесса в педагогическом колледже на основе принципа интеграции [Текст] : дис.канд.пед.наук

